Калия Кулалиева

“МАНАС” ЭПОСУ МЕНЕН ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН “КУТАДГУ БИЛИГ” ДАСТАНЫНДАГЫ ИДЕЯЛЫК-КӨРКӨМДҮК ПАРАЛЛЕЛДЕР

Калия Кулалиева

«Манас» эпосу менен Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанындагы идеялык-көркөмдүк параллелдер

Бишкек - 2013

УДК 82/821.0
ББК 83.3 Ки
К 90

Рецензиялагандар:

Байгазиев С. – профессор, филология илимдеринин доктору;
Үкүбаева Л. – профессор, филология илимдеринин доктору;
Кайыпов С. – доцент, филология илимдеринин кандидаты.

Жооптуу редактору:

Артыкбаев К. – профессор, филология илимдеринин доктору.

Редактору:

Абдыразаков А. – профессор, филология илим. кандидаты.

Кулалиева Калия.

К 90 **«Манас» эпосу менен Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанындагы идеялык-көркөмдүк параллелдер.** Монография. – Б.: Бийиктик. 2013. – 192 б.

ISBN 978-9967-13-925-1

Монографияда «Манас» эпосу менен Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанындагы идеялык-көркөмдүк параллелдер, башкача айтканда, эки чыгармадагы адам укугу, мамлекет, аны башкаруу, коргоо, чыңдоо идеялары жана көркөм сүрөттөө каражаттарындагы үндөштүктөр изилденет.

Эмгек ЖОЖдордун гуманитардык факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга, илимий кызматкерлерге жана эпикалык мураска кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

К 4603020100-13

УДК 82/821.0
ББК 83.3 Ки

ISBN 978-9967-13-925-1

© Кулалиева К., 2013.

Мазмуну

Киришүү 4

I БӨЛҮМ. Адам укугу жана адеп-ахлак, мамлекет жана аны башкаруу идеялары «Манас» эпосу менен «Кутадгу билиг» дастанында 17

§1. Эпикалык чыгармачылык жана азыркы учур 17

§2. Адам укугун коргоо, адам адеби жана ыйманы жөнүндө 26

§3. Мамлекет, мамлекетти уюштуруу жана башкаруу идеялары 51

§4. Мамлекетти чыңдоо, коргоо жана мамлекеттик биримдик маселелери 95

II БӨЛҮМ. Эпос менен дастандагы көркөм сүрөттөө каражаттарынын айрым үндөштүк маселелери 118

§1. Адамдын тышкы келбетин, мүнөзүн сүрөттөөдөгү үндөштүктөр 118

§2. Эпос менен дастанда «өмүр», «өлүм» маселелеринин поэтикалык чагылышы 150

§3. Каармандардын образын ачып берүүдө пейзаждык сүрөттөөлөрдүн колдонулушу 169

Корутунду 179

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси 186

Киришүү

Узун тарых, улуу окуяларды башынан өткөргөн эл гана «Манас» сыяктуу көркөм мурасты жарата алат. Кыргыздардын кылымдарды басып өткөн карт тарыхын камтыган «Манас» эпосунун энциклопедиялуулугу көптөгөн белгилүү окумуштуулар тарабынан тарыхтын түрдүү этаптарында белгиленип келди. 1995-жылы өткөрүлгөн «Манастын» 1000 жылдык мааракеси манас таануучулардын жана башка көптөгөн илим изилдөөчү менен окумуштуулардын алдына жаңы маселелерди коюп, эпостун маани-маңызын калктын калың катмарына жеткирүүдө маанилүү роль ойноду. Кандай гана көркөм чыгарма болбосун, ал ошол элдин тарыхтын кайсы бир этабындагы маданиятын, турмушун, философиясын, келечек жөнүндөгү ой жүгүртүүсү менен кыялдануусун чагылдыра турганы баарыбызга маалым. Мына ушул өзгөчөлүктөрдүн бардыгын өз кучагына камтыган океан-эпос «Манастын» дал ушул, жогоруда белгиленгендей, энциклопедиялуулугу аны башка элдердин түрдүү жанрдагы чыгармалары менен салыштыруу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Калыптануусу көптөгөн жылдарды кучагына камтыган «Манас» эпосун түрк элдеринин орток маданий мурасы, акыркы убакта орто кылымдардагы түрк урууларынын ичинен (азыркы) кыргыздарга да таандыктыгы илимий чөйрөдө колго алынып жаткан, Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны менен салыштыруу аркылуу үндөш идеяларды аныктап, таап чыгуу, көркөм сөз каражаттарын айрым иликтөөгө алуу менен, биз, манас таануу жана адабият таануу илиминде акыркы мезгилдерде көбүрөөк каралып жаткан кээ бир маселелер боюнча студенттерге, жаш түркологдорго жардамчы болобуз деген ойдобуз.

Дүйнөлүк адабий казынада өз орду бар, эпикалык чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрү болгон, «Манас» эпосу менен «Кутадгу билиг» дастаны фольклорист менен адабиятчы, философ менен тарыхчы, этнограф менен географ, политолог менен социолог жалпыбыздын алдыбызга актуалдуу проблемаларды коюп, ар тараптан терең изилдөөнү талап этүүдө. «Манас» эпосун комплекстүү

изилдөөнүн колго алынышы, келечекте жаңы илимий изилдөөлөрдүн пайда болоруна негиз түзөт деген ойдобуз. Бул эки мурас канчалык деңгээлде элдик философияны, тарыхты же башка нерсени чагылдырбасын, эң биринчи кезекте, алардын көркөм чыгарма экендиги эсибизден чыкпоосу зарыл.

Философиялык, социалдык, саясий, этикалык түшүнүктөр көркөмдөлүп баяндалган «Манас» эпосундагы идеялардын орто кылымдагы орток түрк адабиятынын баа жеткис мурасы «Кутадгу билиг» дастанында да көркөм чагылдырылганын көрүүгө болот. «Манас» эпосунда жай элдик турмуш, кандуу кагылыштар, эл менен хандардын, аскер башы менен жоокерлердин ортосундагы мамилелер өтө көркөм, образдуу сүрөттөлүп, окуялар жандуу болуп, кызыктуу чагылдырылса, «Кутадгу билигде» мунун баары практикалык мисалдар менен бекемделген философо-дидактикалык бир жыйнак, натыйжалардын топтому сыяктуу берилет. Башкача айтканда, «Манас» эпосундагы окуялар сахнада коюлуп жаткан театр болсо, «Кутадгу билиг» дастанынын мазмуну – бери жактагы кыраакы көрүүчүнүн ошол оюнга карата айтылган пикири, ою, мамилеси, толуктоолору, толкундоолору сыяктуу. Өз убагынын билимдүү адамы болгон Жусуп Баласагындын дастаны да өзгөчө көркөмдүккө, образдуулукка ээ. Автор айтайын деген асыл ой, идеясын ошол убактагы түрк тилинин "берметтерин" терип берүү менен ишке ашырган. Дастан түрк элдеринин элдик оозеки чыгармачылыгы менен сугарылып, чыгыш адабиятынын таасири алдында жазылган деп, белгилеген окумуштуулардын пикирине кошулбай коюуга болбойт.[1]

«Манас» эпосунун идеясы, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жана башка эпосту ар тараптан изилдөөгө алган эмгектер XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап бүгүнкү күнгө чейин үзгүлтүксүз жарыяланып келүүдө. "Манас" эпосунан үзүндүлөрдү кагаз бетине түшүрүп, башка

[1]А. А. Валитова. К вопросу о фольклорных мотивах в поэме «Кутадгу билиг» // Советское востоковедение. 1958, №5, – С. 102.

тилдерге которуп жарыялоодо, изилдөөдө В. Радлов, Ч. Валиханов, Ы. Абдырахманов, Б. Юнусалиев, Е. Поливанов, М. Ауэзов, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, Р. Кыдырбаева сыяктуу окумуштуулардын кошкон салымы зор. «Киргизский героический эпос «Манас»[2] деген ат менен 1961-жылы Москвадан жарык көргөн китеп – эпостун толугураак түрдө терең изилдөөгө арзый турган чыгарма экендигин миллиондогон адамдын калыстыгына койду. Ушул жыйнакка киргизилген авторлордун илимий макалаларынын манас таануудагы ролу зор. Өзгөчө В. Жирмунский, М. Ауэзов, А. Петросян, С. Богданова сыяктуу окумуштуу-илимпоздордун эпос боюнча көз караштарын бөлүшпөй коюу мүмкүн эмес. Ал эми 1968-жылы жарыкка чыккан «Манас» – героический эпос киргизского народа»[3] деген макалалардын жыйнагы жогоруда белгиленген китепти улантып, манас изилдөө илимине эң сонун толуктоо боло алды. Кечээ жакында «Энциклопедический феномен эпоса «Манас» деген китептин басылып чыгышы манас таануудагы өзүнчө бир мыйзам-ченемдүүлүк болуп калгандай.[4] Буга чейинки изилдөөлөрдүн натыйжасы, эпостун чындыгында эле энциклопедиялуулугу ушундай ат менен китептин жаралуусуна түрткү бергенин танууга болбойт.

«Манас» эпосунун чыгышы жөнүндөгү 3 божомолдун биринчиси эпостун чыгышын Орхон–Енисей дооруна, экинчиси Алтай дооруна туура келерин белгилесе, үчүнчү божомол Жунгар доорундагы, башкача айтканда, XV-XVIII кылымдардагы окуяларга байланыштырылат.[5] Кыргыз эли

---

[2] Киргизский героический эпос «Манас». Изд. АН СССР. – М.: 1961.

[3] «Манас» – героический эпос кыргызского народа. – Ф.: Илим. 1968.

[4] Энциклопедический феномен эпоса «Манас». Сб. статей об эпосе «Манас» / Сост. С. Алиев, О. Сарыпбеков, К. Матиев. – Б.: Гл. ред. К. Э., 1995. – С. 472.

[5] Манас. Бириктирилген вариант. 1-к., – Ф.: Кыргызмамбас, 1958. X б.

Орто Азия элдеринин эң байыркыларынан экендиги тарыхта белгилүү. Кыргыз элинин басып өткөн жолу узун, татаал, бир кылка эмес экендигинен башка маалыматтар менен катар, "Манас" элдик эпосу да кабар берет.

«Манас» эпосу тарыхый булак боло ала турганын белгилеген окумуштуу А. Н. Бернштамдын ««Манас» – это эпос, где в формировании сюжета доминирующую роль играла история» деген пикири чындыкка жакын.[6] Бернштам «Манас» эпосундагы негизги окуяларды б.з. 820–847-жылдардагы кыргыздардын уйгурлардын хандыгын кыйратышына байланыштырат. Кыргыздар өз эркиндиги үчүн күрөш жүргүзүп келгендиги жана 840-жылы уйгур хандыгын кыйратууга учураткандыгы тууралуу академик В. Бартольд[7], С. Абрамзон[8], Л. Гумилевдун[9] эмгектеринде кеңири маалыматтар берилет. Окумуштуулар жогоруда белгилегендей эпостогу сюжеттер кыргыздардын тарыхындагы орчундуу окуяларды чагылдырганын белгилөө менен эпостун чыгыш тарыхын аныктоого аракет жасашкан. Академик Б. Юнусалиевдин «Эпос – тарых эмес, бирок «Манас» эпосунун кыргыз элинин тарыхына тыгыз байланыштуу экенин танууга болбойт»[10] деген пикирин эстен чыгарбай, өзгөчө эмгектин I бөлүмүндө карала турган маселелерди чечүүдө бул фактор өтө маанилүү экендигин белгилешибиз керек.

Тарыхта кыргыздын түрдүү даражадагы мамлекеттери болгонун ар кандай тарыхый, адабий, маданий булактар далилдөөдө. «Түрдүү даражадагы мамлекеттер» дегенибиз,

---

[6]А. Н. Бернштам. Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас» // «Манас»-героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968, – С. 153.

[7]В. В. Бартольд. Избранные труды по истории Кыргызов и Киргизии. – Б.: Шам, 1996. 608 б.

[8]С. М. Абрамзон. Кыргыздар жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.: «Кыргыз-Сорос» фонду, 1999.

[9] Л. Н. Гумилев. Древние тюрки. – М., 1993.

[10] Манас. Бириктирилген варинат. 1-к., – Ф.: Кыргызмамбас, 1958. VI б.

бир убакытта улуу дөөлөт болуп турган мамлекет, эл бир убакытта башка бир мамлекеттин карамагына кирип, анын түзүүчүсү катары жашаган, кайрадан кайсы бир убакта өзүнчө мамлекет пайда болуп, коңшуларына, башка элдерге коркунуч туудурган. Мына ушундай өзгөчөлүк эпоско да тиешелүү. Циклдык түрдө өнүгүп олтурган «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигинин сюжети ошол тарыхтагы бирде көз каранды болуп, эркиз жүргөн, бирде өз алдынча болуп, эркин мамлекетке айланган элдин тагдырын сүрөттөйт. Мына ушундай кыргыз элинин тарыхындагы улуу окуяларды баяндаган «Манас» эпосунан мамлекет жана мамлекеттүүлүк жөнүндөгү идеяларды көрбөй, билбей, укпай коюу мүмкүн эмес.

Саясий-социалдык, философиялык түшүнүктөрдүн жыйындысы болгон «Манас» эпосунун кыргыз элиндеги баркы кандай болсо, жалпы түрк элдери үчүн ошондой эле баадагы Ж.Баласагындын «Кутадгу билигине» байланыштуу республикада газета-журналдардын беттерине дастандын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн анализге алган, ошонун тегерегинде, жалпы дастан жөнүндө изилдөөлөр, ой-пикирлер жарыяланып келүүдө. Академик В. Радлов тарабынан алгач изилденип, транскрипцияланып немец тилине которулган бул чыгарма кийин көптөгөн окумуштуулардын кызыгуусун туудурган. Чыгарма С. Е. Маловдун «Памятники древнетюркской письменности» деген эмгегинде да каралган.[11] «Кутадгу билиг» дастанынын тили, мааниси, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөчүлөр В. Радлов, С. Малов, А. Валитова, Е. Бертельстин эмгектери, кыргызстандык окумуштуулар А. Алтымышбаев, С. Мусаев, К. Артыкбаевдин изилдөөлөрү, пикирлери жана эмгектери о.э. жакында эле жарыяланып басмадан окуу куралы катары чыккан тарыхчы З. Эралиевдин[12], адабиятчы А. Абдыра-

[11] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности. АН СССР. М-Л.: 1951. – С. 224.

[12] З. Эралиев, Ж. Баласагын. Окуу куралы. – Б.: ИИМОП КГНУ, 2000.

заковдун[13] эмгектери бизге белгилүү. Ж. Шериевдин[14] «Байыркы адабият тарыхы», жогоруда аты аталган А. Абдыразаковдун «Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны» деген эмгектеринин басмадан чыгышы Жусуп Баласагындын мурасын окуп үйрөтүүгө карата жасалган илгери аракет катары каралышы керек.

Тарыхчыларыбыз Ө. Осмонов, А. Асанкановдордун «Кыргызстан тарыхы»[15] аттуу китебинде «Кутадгу билиг» жөнүндө маанилүү маалыматтар камтылып, анын «Манас» эпосу менен үндөшкөн жерлери көп экендиги айтылат. Ушул жерде белгилей кетчү нерсе, тарыхчы О. Караев өзүнүн «История Караханидского каганата» деген эмгегинде Караханид мамлекетинин тарыхын, саясий түзүлүшүн, социалдык-экономикалык мамилелерин жана маданий турмушун изилдеген.[16] Изилдөө эмгегинин негизги булактарынын бири катары окумуштуу Махмуд Кашгаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» жана Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанын пайдаланган. Карахандар мамлекетинин тушунда жазылган Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын түрк урууларынын ичинен кайсы элге көбүрөөк таандык экендиги жөнүндөгү маселе азыркыга чейин талаш туудуруп келүүдө. Бирок акыркы мезгилде бул чыгарманын түрк элдеринин ичинен кыргыз элине таандык экендиги көпчүлүк белгилүү окумуштуулар тарабынан белгиленүүдө (К. Артыкбаев, А. Абдыразаков, Н. Турдубаева, О. Караев, З. Эралиевдин эмгектерин караңыз). Тарыхчы О. Караевдин акыркы изилдөөлөрүнө таянуу менен, З. Эралиевдин дастан боюнча айткан ой-пикирлерин эске албай коюу мүмкүн эмес. З. Эралиев көптөгөн тарыхый булактарды эске алуу менен, Карахандар

---

[13] А.Абдыразаков. Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны: Окуу куралы / Жусуп Баласагын атын. Кырг. улут. ун-ти. – Б.: 2008.

[14] Ж. Шериев. Байыркы адабияттын тарыхы. Бишкек-Ош. 2000.

[15] Ө. Осмонов, А. Асанканов. Кыргызстандын тарыхы. Окуу китеби. – Б.: 2001.

[16] О. Караев. История Караханидского каганата. – Ф.: Илим. 1983.

мамлекетин кимдер түзгөн деген суроого «Жусуп Баласагын» деген эмгегинде: «Ал эми биринчилерден болуп тарыхчы О. Караев мусулман авторлорунун жана чыгыш илимпоздорунун илимий эмгектерин талдап чыгып, бул мамлекетти бийлегендер чигил же жикилдерге таандык болгон деп тыянак жасады. Ошентип, биздин оюбузча, орто кылымдарда түзүлгөн карахандыктардын мамлекети бул кыргыздардын дөөлөтү, алардын мамлекеттүүлүгүндөгү чоң баскычы болуп саналат»[17]. Окумуштуулардын пикири боюнча карахандыктар мамлекетинин башында кыргыз урууларынын өкүлдөрү турган.

Бул маселе боюнча өз пикирин эбактан бери күйүп-бышып айтып, ортого салып, коомчулуктун кызуу талкуусуна койгон окумуштуулардын бири К. Артыкбаевдин оюн өзгөчө белгилөөбүз зарыл. Алсак, 1967-жылы «Кыргызстан маданияты» гезитине жарыяланган «Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак» деген макаласында автор орто кылымдагы адабий мурастарды атайы окутуу керектиги жөнүндөгү пикирди айткан. Булар кыргыздын жазма адабиятынын башаттары экендигин таануубуз туура жана маанилүү экендигин илимпоз ошондо эле белгилеген. Ал эми 1999-жылы жарык көргөн «Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкаринин мурастары»[18] деген илимий макалалардын жыйнагына киргизилген автордун жана башка окумуштуулардын макалалары сөз болуп жаткан чыгарманын кыргыз элине таандыктыгы жөнүндөгү ойду далилдөөгө багытталган.

Буга чейин «Манас» эпосу боюнча да, «Кутадгу билиг» боюнча да биз талдоого алып жаткан темаларда айрым-айрым изилдөөлөр жүргүзүлүп келген. Албетте, бул иликтөөлөр эки чыгарманы өз-өзүнчө анализдөөнүн негизинде жүргүзүлгөн жана биз иликтөөгө алып жаткан айрым маселелер боюнча учур талап кылгандай

---

[17] З. Эралиев. Ж. Баласагын. Окуу куралы. – Б.:ИИМОП КМУУ, 2000. 8-9-б.

[18] Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары. Түзүп, басмага даярдаган проф. К. Артыкбаев. – Б.: КМУУ, 1999.

окурмандарды, студенттерди, жаш илимпоздорду толугураак, кененирээк маалымат менен камсыздай албашы мезгилге, коомдун өзгөрүшүнө жараша мыйзам-ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Эпос менен дастандын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн изилдеген ар түрдүү эмгектер жалпысынан көп эле жарыяланганын белгилөө менен, «Кутадгу билиг» дастаны боюнча изилдөөлөр республикалык масштабда «Манас» эпосуна салыштырмалуу абдан аз жана окурмандарыбыздын көбүнө бул дастандын маани-маңызы жеткиликтүү даражада түшүнүксүз экендигин моюнга алышыбыз керек. Ошондой эле, бул дастандын «Манас» эпосу менен салыштырып изилдөө жагы эч болбогонун белгилей кетмекчибиз. Эпос менен дастандагы кылымдарды карыткан элибиз менен кошо жашап келе жаткан, журтубуздун жүрөгүнүн тереңинен түнөк тапкан асыл ой-идеяларынын учурубузда да актуалдуу, маанилүү болуп жатканын белгилебесек адилеттик болбос. Коомубуз өзгөрүп, өзүбүздүн көз карандысыз, эгемендүү мамлекетибизде жашап жатып мамлекетибиздин тарыхын, элибиздин чыныгы маданиятын, адабиятын үйрөнүүдө эң маанилүү булактар болгон көркөм чыгармалардын ар тараптан изилдениши, элдин, мамлекеттин тарыхындагы улам жаңы баракчардын ачылышына көмөкчү болоруна ишенгибиз келет. Азыркыга чейин жасалган изилдөөлөрдүн андан ары тереңдетилип, жаңы материалдар менен толукталып, изилдөөлөрдүн улам жаңы өңүттө улантылышы бардык жаатта оң натыйжаларды берет деп ишенебиз.

Бир элдин, мамлекеттин тарыхын изилдөөдө көркөм чыгармалардын тилинин (көркөмдүгү), ал тилде чагылдырылган идеялардын берилишинин өзгөчөлүктөрү канчалык маанилүү экендигин бул эки мурас дагы бир жолу бизге далилдемекчи.

Коңшу мамлекеттер Өзбекстан менен Казакстанда «Куттуу билим» дастанына кызыгуу 1960-жылдары эле пайда болгон. Н. Маллаев[19], Б. Тухлиев[20], А. Егеубаев[21], Н. Ке-

[19] Н. Маллаев. Узбек адабиети тарыхы. 1-китеп. – Т., 1965.

лимбетовдор[22] «Кутадгу билиг» дастаны боюнча түрдүү изилдөөлөрүн жарыялашкан. Түрк дүйнөсүндө «Кутадгу билиг» дастаны Түркиялык окумуштуулар тарабынан изилденилип келүүдө. А. Дилачардын «Кутадгу билиг» инжелемеси»[23] («Кутадгу билигди» талдоо) аттуу китеби Ж. Баласагын жашаган доорду, дастандын тилин, темасын, идеясын, андагы каармандарды кенен изилдөөгө алып, айрым сөздөрдүн котормосун берип, дастанды таанытууда чоң роль ойногон. Бул эмгек Түркияда үч жолу (1972, 1988, 1995 – жылдар) басылып чыккан. Ошондой эле Р. Араттын[24], дастанды изилдөөгө кошкон салымдарын айтпай кетүүгө болбойт. Рахмети Арат "Кутадгу билигдин" үч нускасын (Герат, Фергана, Каир көчүрмөлөрү бизге белгилүү) талдап, текстин араб алфавитинен азыркы түрк алфавитине транскрипциялаган жана азыркы түрк тилине илимий котормосун жасаган. Кол жазмаларды окуп жатканда кездешкен кыйынчылыктарын атап, колунан келишинче, текстти өз калыбында берүүгө аракет жасаганын белгилеген.

Мындан тышкары, дастандын тилдик, тарыхый, саясий-социологиялык, педагогикалык, маданий, философиялык өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө алган Ахмет Бижан Эржиласун[25], Мехмет Кара[26], Сулейман Казмаз[27], Хусейин Акйүз[28], Аслан

---

[20] Б. Тухлиев. Поэтика «Кутадгу билиг» Юсупа Баласагына. – М.: 1983.

[21] А. Егеубаев. Kicilik kitabы. Ana tili. 1998. 320 б.

[22] Н. Келимбетов. Ежелги догур адабияты. –А.: 1991.

[23] A. Dilaçar. Kutadgu bilig incelemesi, İstanbul, 1995.

[24] Arat Reşit Rahmeti, Kutadgu Bilig. I. Metin, Ankara, 1991.

[25] Ercilasun, A. Bican, Kutadgu Bilig Grameri –Fiil- , Gazi Ü. Yay.: 33, Ankara 1984.

[26] Kara, Mehmet, Bir Başka Açıdan Kutadgu Bilig, Kültür Bakanlığı Yay: 2031, Ankara 1998.

[27] Kazmaz, Süleyman, Hukuk ve Devlet Yönetimi Açısından Kutadgu Bilig (Kutadgu Bilig Üzerine Hukuki Bir İnceleme), Türk Kültürünü Araştırma ve Tanıtma Vakfı Yay., Ankara 2000.

[28] Akyüz, Hüseyin, Kutadgu Bilig'de Sosyo-Pedagojik ve Siyasal Söylemler, Eser Ofset, Erzurum 2002.

Махмут[29], Фахри Фындыкоглу[30] ж.б. китептери ар түрдүү жылдары басмадан чыгарылган.

Мамлекетти башкаруу жана уюштуруу идеясы «Кутадгу билиг» дастанынын негизги идеяларынын бири. Бул идея «Манас» эпосунда да жогорку көркөмдүктө чагылдырылат.

Кечээ жакынга чейин «Манастын» жети осуяты» деп кеңири жайылтылып жаштарды тарбиялоодо маанилүү роль ойноп, мекенчилдикке, ата мекенди сүйүүгө, эл, жер кадырын билүүгө, досту достой, душманды душмандай таанып билүүгө үйрөткөн "Манас" эпосундагы башкы идеялардын параллелдерин дастандан табуу кыйын эмес. Кылымдардан бери сакталып келе жаткан бабаларыбыздын мекен, эл, жер, мамлекет жөнүндөгү идеясы орто кылымда да өзгөчө маанилүү болуп, азыркыга чейин актуалдуулугун жоготпогондугун эпос, дастан жана азыркы учур далилдөөдө.

Хандар менен бектер мамлекеттик ишти жүргүзүүдө негизги рычагдар болуп эсептелинет. Эпосто ар бир уруунун башчысы «хан» деп атала берет. Ошол хандардын бардыгын бириктирип башкарган журт башы, ал да «хан» деп аталган, Манаска баш ийишет. «Кутадгу билиг» дастанында бектердин мамлекеттик ишти жүргүзүүдөгү ролу, кызматчылардын аткара турган иши бөлүштүрүлүп, кайсы кызматка кандай киши алынышы керектигине чейин айтылып, ар бир иштин мамлекетке пайдасы жана зыяны тууралуу ойлор баяндалат.

Мамлекетти чыңдоо жана коргоо идеясы «Манас» эпосунун башкы идеясы экендиги баарыбызга маалым. Ушул эле идея Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын башкы идеяларынан.

Адам укугун коргоо, адамдын адеби менен ыйманы жөнүндөгү маселелердин чагылдырылышында да

---

[29] Aslan, Mahmut, Kutadgu Bilig'deki Toplum ve Devlet Anlayışı, İstanbul Ü. Ed. Fak. Yay: 3414, İstanbul 1987.

[30] Fındıkoğlu, Fahri Z., XI. Asırda Bir Türk Mütefekkiri ve Ahlaki Düşünceleri, Ankara 1938.

жалпылыктарды байкоого болот. Бул идеялардан башка да бул эки чыгармада эл аралык карым-катыш, илим-билимдин мааниси, элчилик кызматтын мамлекеттик иштеги ролу, үй-бүлөнүн мааниси, бала тарбиялоо жана эң башкысы адамдардын ишеними, ислам динининн негиздери жөнүндөгү ж.б. көптөгөн параллель идеяларды көрүүгө болот.

Көркөм сүрөттөө каражаттарынын маанилүү түрлөрүнөн болгон эпитет менен салыштыруу салыштырылууга алынган эки көркөм чыгармада тең арбын учурайт. Өзгөчө мындай параллелдерди адамдардын ички жана тышкы мүнөздөмөлөрүн берүүдө учуратууга болот. Белгилей кетчү маанилүү жагдай, бирдей, окшош эпитеттер бөтөнчө аскер башы, элчи, эл башы болгон бектерге, хандарга мүнөздөмө берүүдө көп кездешет. Бул эки чыгармадагы көркөм сөз каражаттарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу маселе эмгектин экинчи бөлүмүндө кеңири каралат. Көркөм сөз каражаттарындагы окшоштуктарды, параллелдиктерди белгилөө менен биз айрым өзгөчөлүктөрдү да аныктамакчыбыз. Көркөм чыгарманын идеясы көркөм сөз аркылуу ишке ашары түшүнүктүү, ошондуктан жогорудагы параллель идеялардын берилишинде параллель көркөм сөз каражаттарынын болушу да мыйзам-ченемдүү көрүнүш деп ойлойбуз.

«Манас» эпосу боюнча сөз кылсак, эпостон мисалдарды келтирүүдө көркөмдүгү, көлөмү боюнча да башка варианттардан айырмаланган классик манасчыларыбыз Сагынбай Орозбаков[31] менен Саякбай Каралаевдин[32] варианттары пайдаланылды. Айрым гана учурларда (өтө аз) бириктирилген вариантты колдондук. Ал эми «Кутадгу билиг» дастанын иликтөөгө алууда Т. Козубековдун[33] котормосундагы 1993-жылы кайрадан басылган «Куттуу билим» дастанынан мисалдар келтирилди. Эгер төрт-беш

---

[31] С. Орозбаков. Манас. – Ф.: Кыргызмамбас. I (1978), II (1980), III (1981), IV (1982).

[32] С. Каралаев. Манас. – Ф.: I (1984), II (1986), Семетей (1987).

[33] Жусуп Баласагын. Куттуу билим. Которгон Т. Козубеков. – М.: «Ник», 1993.

бейт бир беттен алынса, китептин бети эң алгачкы бейттен кийин көрсөтүлдү (мисалы: Т.К., 117-б.). Калган бейттер ошол эле бетте жайгашкан болсо, (Ж.Б., ош.) түрүндө кыскартылып көрсөтүлдү. Бул котормонун канчалык деңгээлде оригиналга жакындыгы бар жана анын дурус, буруш жактарын изилдөө өзүнчө бир эмгекти талап кылат. Бул маселеге байланыштуу кененирээк маалыматты Назгүл Турдубаеванын эмгегинен[34], Лира Үсөнакун кызынын «Жусуп Баласагындын "Кутадгу билиг» чыгармасынын кыргызча, түркчө жана кытайлык кыргыздардагы которулган варианттарын салыштыруу"[35] деген макаласынан тааныша аласыздар. Айрым темаларды ачып берүүдө жана окурмандарда салыштыруу мүмкүнчүлүгү болсун деген максатта кытай кыргыздарынын котормосу (З.М., 89-б.) түрүндө берилди. Чыгарма кытайлык кыргыз окумуштуулары Турсунбай Кылычбек, Норуз Үсөналиевдер тарабынан 1992-жылы которулуп, азыркы кыргыз алфавитине З. Мусабаева, Э. Кожа тарабынан түшүрүлгөн.[36] Айрым учурларда Качкынбай Артыкбаевдин[37] котормолору да пайдаланылды (мисалы: К.А., 73-б.). Түрк окумуштуусу Рахмети Арат транскрипциялаган текстти жана котормону пайдалануу менен, айрым саптарды өзүбүз кыргызчалатууга аракет кылдык. Өзүбүз кыргызчалаткан саптардан кийин (К.К.) түрүндөгү кыскартуу белгиси коюлду. Дастандан мисал келтирүүдө алгач Р. Р. Арат[38] транскрипциялаган тексттен бейттер (Ж.Б., 54-б.) түрүндө келтирилди. Андан соң кыргызча варианты же варианттары берилет. Анткени,

---

[34] Турдубаева Н. Ж.Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны (дастандын изилдениши жана котормолору). – Б.: Бийиктик, 2006.

[35] Лира Үсөнакун кызы. Жашагым келет, жашагым... : Ырлар, аңгемелер, илимий макалалар жана эскерүүлөр. – Б.: Бийиктик, 2009. -55-б.

[36]Жусуп Хас Ажип. Кут даарытар билим. Которгондор: З. Мусабаева, Э. Кожа. – Б.: 2008. – 383 б.

[37]Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары. Түзүп, басмага даярдаган проф. К. Артыкбаев. – Б.: КМУУ, 1999.

[38] Arat Reşit Rahmeti, Kutadgu Bilig. I. Metin. 4 baskı, Ankara, 1999.

өзгөчө, биздин эмгектин экинчи бөлүмүндө маанилүү болуп саналган сөз, сөз айкаштары, сүйлөмдөрдүн; түшүнүктөрдүн, образдардын көркөм котормодо башкача болуп, өтмө мааниде акындык чеберчилик, жөн-билги аркылуу көркөмдөлүп берилиши бизди адаштырышы мүмкүн, ал эми ар түрдүү илимий иликтөө жүргүзүү үчүн алынган фактылардын болушунча көчүрмөгө (бул учурда) дал келгени маанилүү. Албетте, чыгарманын тилдик өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алсак, таптакыр башкача мамиле талап кылынмак. Параллель идеялар жана айрым маселелердин көркөм чагылышы каралып жаткандыктан, майдалап үңгу-мүчөгө бөлүп, карап отурууну кажет көргөн жокпуз. Эпос менен дастандан келтирилген мисалдар абдан көп болгондуктан, эпостон саптар келтирилгенде, анын кимдин вариантынан, канчанчы китептен, кайсы беттен алынгандыгы кыскартылып берилди (мисалы: С.О., М. 1-к., 10-б.).

Жанрдык жактан айырмалуу бул эки чыгарманын биринчиси – «Манас» эпосу фольклористиканын объектиси, ал эми Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны жазма адабияттын объектиси болуп эсептелинет. Чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгү бул мурастар салыштырылууга жатпайт дегенди билдирбегенин белгилөө менен, биз, фольклордук мотивдерди, сюжеттерди сүрөттөөдөгү көркөм сөз каражаттарын изилдөөдө салыштыруу, анализдөө методдору аркылуу эпос менен дастандын жалпылыктарын, окшоштуктарын, идеялык-көркөмдүк параллелдерин аныктамакчыбыз.

I БӨЛҮМ

Адам укугу жана адеп-ахлак, мамлекет жана аны башкаруу идеялары «Манас» эпосу менен «Кутадгу билиг» дастанында

§1. Эпикалык чыгармачылык жана азыркы учур

Дүйнө элдеринин бабалардан калган улуу мурастарын аздектеп, аларга аяр мамиле жасап, башка элдерге сыймык менен тааныштырып отурганынын себеби бар. Анткени улуу мурастар ал элдин өткөнүнөн гана кабар бербестен, анын учурун, келечегин да сыпаттап, тастыктап, аныктары белгилүү. Өз элинин өткөнүн, тарыхын жакшы окуп үйрөнгөн эл, учурдагы болуп жаткан мүчүлүштүктөрдү оңой сезип, тез оңдоого аракеттенет. Алар азыркы менен өткөн тарыхты салыштыруу менен башкы адамзаттык баалуулуктардын, негизинен, бардык учурда: өткөндө, азыр жана келечекте бирдей болорун таанышат. Биздин ата-бабаларыбыз эркин, көз карандысыз, эгемендүү жашоо үчүн кандай күрөшсө, азыр биз да өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болуп отурганыбыздын кандай баркка ээ экендигин түшүнүп, келечек муундун бизден да жакшы, бизден да мыкты шарттарда жашоосу үчүн бардык аракеттерди жасашыбыз керек. Кемчиликтерди түзөп, келечектин жарык болушун эңсеп, элдин, мамлекеттин эркиндигин максат кылган бабалардын асыл мүдөөлөрүн жетекчиликке алуу менен түрдүү көйгөйлөрдү жаңы турмуштун агымына, багытына жараша чечип, дүйнө эли өнүгүү жолунда болоруна ишенгибиз келет. Анткени ар бир тарых барагы, кайсы гана доордо жаралган болбосун, ар бир чыгарма, ал чыгармаларда айтылган асыл ойлор, акылман насааттар биз үчүн улуу сабак.

Учурубуздун орчундуу маселелеринен болгон элдердин достугу, биримдиги, мамлекетти коргоо, чыңдоо, адам укугун коргоо, сыйлоо, адилеттүү башкаруучу орган, система түзүү байыртадан эле мамлекеттин бирден-бир негизги проблемаларынан болгонун эпикалык чыгармачылыктын

мыкты үлгүсү болгон «Манас» эпосу, «Кутадгу билиг» дастаны жана азыркы учур далилдөөдө. Ал эми мамлекет жөнүндөгү идеялар адам баласы, ал жашаган мамлекет пайда болгондо эле кандайдыр бир формада, деңгээлде пайда болгону бизге маалым. Кайсы гана дүйнө эпосун карабайлы, тигил же бул деңгээлде мамлекеттик идеяны камтыганын көрөбүз. Көпчүлүк учурда «Манас» эпосу менен көлөмү боюнча гана салыштырылып жүргөн гректердин «Илиада», «Одиссеясын», индиялыктардын «Махабхаратасын», финдердин «Калеваласын», орус элинин былиналарын карап көрсөк, «Манас» эпосунда чагылдырылган идея, айтылган ой, сүрөттөлгөн окуялардын мазмуну башка дүйнө элдеринин эпикалык мурастарынан алда канча терең да, кенен да экендигине күбө болобуз. Муну белгилөө менен, биз тигил же бул элдин мурасынын беделин түшүрүүнү же көтөрүүнү эмес, тек гана, «Манас» эпосунун көлөмү гана дүйнө элдерин таң калтыргыдай эмес, ал камтыган мазмун да окуган адамды өзүнө багындыруучу күчкө ээ экендигин белгилөөнү максат кылдык.

Гректердин «Илиадасында» көп жылдык согуштун бир эпизоду сүрөттөлсө, «Одиссеяда» Одиссейдин согуштан үйүнө кайтып келүүсүнө байланышкан окуялар чагылдырылат. Окуялардын жүрүшүндө эки поэмада тең грек кудайларынын образдары каармандар менен тең аралаш сүрөттөлгөнүнө күбө болобуз. Кээде кудайлар каармандардын жеке кызыкчылыгын канаттандырууда чечүүчү ролду ойношот. Ошондой эле байыркы индиялыктардын улуу дастаны «Махабхаратада» эки хандык династиянын Пандавалар менен Кауравараларлардын күрөшү сүрөттөлүп, ал окуяларда эл эпизоддук гана ролдо катышат. Легенда боюнча бул чыгармадагы башкы каармандар, б.а. бир тууган Пандулар түрдүү кудайлардын балдары болуп эсептелинет. Б. Л. Смирнов бул тууралуу мындай деп жазат: «По легенде, братья Панду являлись сынами разных богов, посетивших их мать Кунти. Юдхиштхира был сыном бога Ямы или Дхармы (Закона); Бхима – сын бога ветра Ваю; Арджуна – сыном громовника Индры, а близнецы Накула и Сахадэва были сынами индийских Диаскуров, Ашвин, от

Мадри, другой жены Панду. Таким образом, каждый из братьев является олицотворением соответствующего божества.»[39]

«Манас» эпосунда да мифологиялык образдар, жомоктук сюжеттер көп. Бирок алардын жайгашкан жери, окуядагы орду мотивдүү. Эпостогу сүрөттөөлөр реалисттик ой жүгүртүүгө алда канча жакын. «Манас» эпосунда «Шахнаме» (Рүстөм) же орус былиналарындагыдай бир баатырга ишенич артуу, маанилүү маселелерди бир кишинин физикалык күчү менен жомоктогудай чечүү жок. Эпосто Манас баатырдын образы төрөлгөндөн өлгөнгө чейин угарман, окурмандын көз алдында. Манас эпос боюнча реалдуу бир мезгил чегинде адам өмүрүн жашап өткөн адам. Ал эми түрдүү салыштыруу, гипербола, метафора, эпитеттер кыргыздын көркөм сөз өнөрүнүн эпостогу чагылышы. Манас акылдуу, эр жүрөк, күчтүү, ал өз элине, аскерлерине, жакын досторуна абдан ишенет. Алардын колдоосу, деми болбосо, ал алсыз, күчсүз. Өздөн чыккан жатка алданат, тыштан келген душманга алдырат. Манас өтө намыскөй, ал эл башына келип кан шайланары менен ата конушу Ала-Тоого көчүп барууну эңсейт. Өз элин душмандардан коргойт. Мамлекеттүүлүктү чыңдоо үчүн бардык күч-аракетин жумшайт. Мамлекет жөнүндөгү идея эпостун башкы идеяларынан. Бул маселе эпосто уламдан-улам жаңы өңүттө козголуп, баштан-аяк өкүм сүрөт. Бирок ушул маселелердин толугураак түрдө алиге изилдене электиги ачуу чындык.

«Манас» эпосунда берилген мамлекет жөнүндөгү идея «Кутадгу билиг» дастанында андан ары тереңдетилип, мамлекетти башкарууда эмнелерге көңүл буруп, кандай аракет кылуунун жол-жоболору ачык айтылат. Ошол эле мамлекетти чыңдоо, коргоо, элдердин достугун сактоо, ак эмгек менен элге кызмат кылуу, билим менен өнөрдүн маанилүүлүгү, адамдарга карата айкөлдүк, боорукердик, жоомарттык мамилелер жөнүндөгү идеялар баш каармандардын образдарына байланыштуу берилет. Ушул

---

[39]Б. Л. Смирнов // Философские тексты Махабхараты. Отв. ред. Ю. М. Волобуев. Ашхабад: Ылым, 1977. – С. 43.

эле идеялар «Кутадгу билигде» каармандардын диалогунда, бабалардын айткан сөз, эрдиктерин эстеп, мисал катары көрсөткөн макалдарда чагылат. «Маната» мамлекетти башкарууда билим, өнөрдүн маанилүүлүгү Манас, Кошой, Бакай, Алмамбет, Каныкейдин образдарына байланыштуу берилсе, мамлекетти демократиялык башкаруу идеясы Манастын эл менен, аксакалдар менен дайыма кеңешип аракетке өткөндүгү, карапайым элге, аскерине, чабылган журтка карата адилет, калыс сурак жүргүзгөндүгү аркылуу чагылдырылат. Мисалга алсак, бийлик жүргүзүүдө, эл башкарууда билим, өнөрдүн мааниси тууралуу «Кутадгу билиг» дастанында минтип айтылат:

1968 будунуг билиг бирле басты беги
билиг болмаса ишке йакмаз өги
(Ж. Б., 214-б.)

1968 Элди да билим менен башкаруу жөн,
Билимсизди эл тыңшап угат бекен?
(Т. К., 179-б.)

1968 Калкты беги билим менен башкарат,
Билими жок жөнүн билбей пасталат.
(З. М., 133-б.)

1968 Бек элди билим менен башкарат, билими болбосо, акылы ишке жарабайт.
(К. К)

1952 билиг бирле беглер будун башлады
укуш бирле ил күн ишин ишледи
(Ж. Б., 213-б.)

1952 Эл башкарган бек болсо билими мол,
Ишин иштейт ой менен – орундуу, зор.
(Т. К., 178-б.)

1952 Билим менен бектер калкын башкарат,
Акыл менен элдин ишин аткарат.
(З. М., 132-б.)

1952 Бектер билим менен элди башкарышты, акыл менен мамлекет жана элдин ишин жүргүзүштү.
(К. К.)

1954 кед өглүг керек хем билигли укуш
билиглиг кишиниң йагысы өкүш
(Ж. Б., 213-б.)

1954 Акылдуу эстүү болуу – эң чоң көмөк,
Билимдүү, эстүүнүн да душманы көп.
(Т. К., 178-б.)

1954 Бек илимдүү, акылы да болсун төп,
Билимдүүнү көрө албаган душман көп.
(З. М., 132-б.)

1954 Бек акылдуу болуп, акылдын баркын билиши керек, билимдүү адамдын душманы көп болот.
(К. К)

Ал эми элди, мамлекетти демократиялык жол менен, адилет, таза башкаруу керектиги жөнүндөгү ойлор дастанды окуган сайын терендегенден терендеп отурат. Эч кимди таарынтпа, бардыгына тең бол, аскерге карата март бол, билимдүү адамдарды тегерегиңе топто, кишилерди айрып бил, кызматчыларды туура танда, адамдарга мамиле кылууда кемчилик кетирбе, элиңе адилеттүү мыйзам бер жана ошол мыйзамды биринчи болуп өзүң аткар, бузба, жаратканга жалынып өмүр сүр, өлөр күнүңдү унутпа деген сыяктуу дагы башка көп насаат сөздөр «Кутадгу билигдин» ажарына ажар кошуп, дастандын башкы маңызын түзүп турат.

1963 будунка беги артук өдрүм керек
көңүл тил көни кылкы көдрүм керек (Ж. Б., 214-б.)

1963 Эл үчүн адилеттүү башчы керек,
Калкына көңүл, сөзү болсун жөлөк.
(Т. К., 179-б.)

1963 Калктын бийи тандалуу болмок керек,
Тили-дили, кылык сынга толмок керек.
(З. М., 133-б.)

1963 Калкы үчүн бек тандалган болуш керек; айткан сөзү, кылган ишине туура келип, мүнөзү жакшы болушу керек.
(К. К.)

1964 билиглиг укушлуг будунка талу
акы хем көзи ток не көңли толу
(Ж. Б., ош.)

1964 Элге жак, акыл-эстүү, жоомарт болгун,
Ардактуу айкөл деген атка конгун.
(Т. К., ош.)

1964 Акылы мол, билимдүү элин сүйгөн,
Ач көз эмес, берешен, көңүлү кең.
(З. М., ош.)

1964 Билимдүү, акылдуу, элге мамилеси жакшы, жоомарт, көзү ток жана кең пейил болушу керек.
(К. К.)

1965 камуг едгүке болса елги узун
увутлуг силиг хем кылынчы түзүн
(Ж. Б., ош.)

1965 Ар ишиң жакшылыкты жетелесин,
Ак мыйзам, абийир, чындык көкөлөсүн.
(Т. К., ош.)

1965 Бар жакшылык иштерге колу узун,
Уят-сыйлуу, сыпайы, пейли түздөн.
(З. М., ош.)

1965 Түрдүү жакшылыкка кол сунуп, уят-сыйттуу, жумшак мүнөз жана теги таза болушу керек.
(К. К.)

1435 өзүң меңү беглик тилесе тучи төрү
кыл будундын көтүргил күчи
(Ж. Б., 112-б.)

1435 Жыл сайын бийлигим бек болсун десең,
Элди башкар, күч эмес, мыйзам менен.
(Т. К., 114-б.)

1435 Сен түбөлүк бек болууну кааласаң,
Адил болуп зулумду жой бүт-тамам.
(З. М., 104-б.)

1435 Эгер көпкө чейин же түбөлүк бек болууну кааласаң, эрежелерди сакта жана зулумду жок кыл.

(К. К.)

Эпосто элдин ой жүгүртүүсү, философиясы, дүйнө түшүнүгү айтуучунун көз карашы, түшүнүгү менен жуурулушуп, толукталып берилсе, Жусуп Баласагындын дастанында адам, анын жашоосу, мамлекет, анын системасы жөнүндөгү идея, ойлор дагы да терең, дагы да философиялуу, адам турмушуна дагы да жакын, дагы да реалдуу түрдө чагылдырылат. Мына ошол идеяларды дастан дидактикалык саптар менен чагылдырып берсе, «Манас» эпосундагы эркин, көз карандысыз, эгемендүү жашоо жөнүндөгү идеялар баш каармандардын сүйлөгөн сөзү, кылган аракеттери, жүргүзгөн күрөштөрү, адилетсиз душмандарына каршы согуштары аркылуу чагылдырылган. «Кутадгу билигде» эркин жашоонун маңызы, адамдардын укугунун корголушу адилеттүү кабыл алынган мыйзамда, анын сакталышында жаткандыгы жөнүндөгү ой төмөнкү саптардан ачык белгилүү болот:

2034 ил артар төрү бирле итлүр ажун
ил эксүр бу күч бирле бузлур ажун

(Ж. Б., 220-б.)

2034 Заң болсо – өлкө гүлдөйт, дүйнө гүлдөйт,
Зордукта – өлкө, эркиндик жашоо билбейт.

(Т. К., 183-б.)

2034 Калыс канун аалам түзөйт, эл сүйөт,
Кара күчтөн аалам ирип эл күйөт.

(З. М., 136-б.)

2034 Мыйзам менен өлкө кеңейет жана дүйнө оңолот; зордукта өлкө кемийт жана дүйнө бузулат.

(К. К.)

2015 ики нең турур илке багы беки
бири саклык ол бир төрү ил көкү

(Ж. Б., 219-б.)

2015 Бектерде эки нерсе болсун дагы:
Бири – заң, бири – сактык – өлкө камы.
(Т. К., 182-б.)

2015 Эки нерсе элди турат чамбарлап –
Бири, сактык, бири, канун эл кармап.
(З. М., 135-б.)

2015 Бир мамлекеттин түйүнү жана кулпусу эки нерсеге көз каранды; бири – сактык, бири – мыйзам; булар башкылары.
(К. К.)

2136 кайу бег будунка төрү бирмесе
күдезмесе буднын йигүчи йисе

2137 от ыдты будунка бузулду или
йыкылды сизиксиз бу беглик улы
(Ж. Б., 230-б.)

2136 Өлкөдө заң болбосо адилеттүү,
Эл чүнчүп, а душманың болот күчтүү.

2137 Жакырланса өз элиң кайыр сурап,
Бийлигиңдин тиреги кулайт урап.
(Т. К., 189-б.)

2136 Калкка беги калыс ченем түзбөсө,
Баш-көзү жок соргоктору жей берсе,

2137 Калк өрттөнүп, анда эли бузулат,
Түбү бошоп, бектик сөзсүз жыгылат.
(З. М., 140-б.)

2136 Эгерде элге мыйзам бербей, элди коргобой жана элдин мүлкү кармагандын колунда кала берсе,

2137 ал (бек) элге от ыргыткан болот, мамлекети бузулат жана сөзсүз бектик колдон кетет (жыгылат).
(К. К.)

Бул идеялар дастанда эпоско караганда толугураак, тереңирээк ачылган.

«Манас» эпосунда айтылган ой, идеялар ошол эпос сүрөттөп жаткан окуялардын учурунда да (абдан узак мөөнөттүү өз ичине камтыйт, көп катмардуу чыгарма), Ж. Баласагын жашап өткөн доор, орто кылымда да, азыр биз жашап жаткан учурда да бирдей актуалдуулукка ээ экендигин мезгил далилдөөдө. Эпосто козголгон ата журт, анын бөштондугу, адилеттүү башкарууга негизделген, корголгон мамлекет, мамлекеттеги элдердин ажырагыс достугу, биримдиги, ата-эненин ыйыктыгы, билим, өнөрдүн мааниси сыяктуу маселелер дастанда да тиешелүү даражада козголуп, бул маселе азыр да ар бир адамдын көңүлүн ооруткан мамлекеттик маанилүү меселелерден экени белгилүү. Учурунда «Манастын жети осуяты»[40] делинип, «Манастан» алчу сабак катары сунулган жети түрдүү идея азыр да актуалдуулугун жоготпой, жаштарды «Манастын» духунда тарбиялоонун булагы катары каралганын тана албайбыз. Бир гана өкүнүчтүүсү, мамлекетибиздин башчылары тарабынан сунушталган түрдүү идея, идеология канчалык түбөлүктүү, туура, мыкты болбосун, бир башкаруучуну экинчиси алмаштырганда, кайрадан алмаштырылууга дуушар болгону. Мындай туруксуздук менен – мекен, эл, жер маселелери боюнча элдин бирдиктүү көз карашынын калыптанышына жетишүү мүмкүн болбошу түшүнүктүү. Анткени бир муундун калыптанышы үчүн бир президенттик же парламенттик (азыр) мөөнөт аздык кылат. Эпосто, дастанда чагылдырылган идеялар жана асыл ойлор кыргыз эли, деги эле адам баласы жаралгандан тартып азыркы күнгө чейин алардын жашоосун коштоп келгенин учур аныктоодо.

---

[40] Бул боюнча тексттердеги мисалдар осуят боюнча бөлүштүрүлүп берилген колдонмо чыгарылган. Караңыз: Манастын жети осуяты. Колдонмо. Түзгөн: Б. Исаков. – Б.:Учкун, 1997.

§2. Адам укугун коргоо, адам адеби жана ыйманы жөнүндө

Эпос менен дастанда мамлекеттик маанилүү маселелер болгон мамлекетти уюштуруу, башкаруу, аны чыңдоо, коргоо, элдердин биримдиги, достугу сыяктуу идеялар менен бирге коомдун, мамлекеттин эң маанилүү фактору – адам, адамдын укугу, адамды адам кылып турган анын адеби, ыйманы жөнүндөгү маселелердин чагылдырылышы бизди кызыктырбай койбойт. Эпосто да, дастанда да жалпы адамзаттык баалуулуктардын башкысы болгон гуманизм идеяларынын берилиши, гуманизм байыртадан эле адам адебинин маанилүү бир чагылышы экендигин далилдейт. Эпосубуздун баш каармандары болгон Манас, Кошой, Бакай, Алмамбет, Жакып, Коңурбай, Каныкейдин образдары аркылуу адам адеби менен ыйманынын улуттук жана жалпы адамзаттык өзгөчөлүгүнүн көркөм чыгармада чагылышын көрө алабыз. «Манас» кыргыз рухунун туу чокусу» деп Ч. Айтматов белгилегендей, эпос бүтүндөй кыргыз элинин руху, кыргыз үчүн түгөнбөгөн энергиянын булагы болуп саналат. Адам баласын айкөлдүккө, гумандуулукка үндөгөн бул эпос сыяктуу «Кутадгу билиг» дастаны да адамды урматтого, адам укугун коргоого, адам деген атка татыктуу болууга чакырат.

«Кутадгу билиг» терең гуманизм менен сугарылган чыгарма экендиги баарыбызга маалым. Сен адамсың, адамга пайдалуу бол, элиң үчүн иште, колуңан келген жакшылыкты кыл, адамды кордобо, анын ак эмгегин баала, өмүр өткүчө элиңе, адамдарга кызмат өтө деген сыяктуу идеялар дастанда улам-улам түрдүү жагдайларда, шарттарда баса белгиленип отурат. Аз гана мисал келтирип көрөлү:

3408 кишике тусулмаз киши ол өлүг
тусулгыл өлүг болма ерсиг күлүг
(Ж. Б., 343-б.)

3408 Эл үчүн иштебеген – өлүк адам,
Өлүк болбой, күч барда иште абдан.
(Т. К., 271-б.)

3408 Пайдасы жок – өлгөн киши саналат,
Жигит болсоң пайдалуу бол азамат.
(З. М., 203-б.)

3370 окытчы мини ыдты емди саңа
мини йалңуз ыдма ай ерсиг тоңа
(Ж. Б., 331-б.)

3370 Айтчы сен, адамдыктын пайдасы эмне,
Натыйжасын өмүрдө эл көрбөсө?
(Т. К., 269-б.)

3370 Белгиси жок тирүү жүрүп не пайда,
Жакшылыгын көрсөтпөсө адамга?
(З. М., 201-б.)

5161 күсүш тут тириглик керек ишке ыд
үле нең кишике муйан өзке тыд
(Ж. Б. 555-б.)

5161 Баалагын тирүлүктү элге арна,
Бүт өмүрдү кыпындай өзүң алба.
(Т. К. 389-б.)

5161 Кадырлагын өмүрдү, ишке жарат,
Сообун алгын, кишиге үлүш тарат.
(З.М. 301-б.)

5162 кечер күн ичинде керекиң алын
кечүргей сини өд итигиң кыын
(Ж. Б. 555-б.)

5162 Керектүнү иштегин, күндөр бүтпөйт,
Аткаргын милдетиңди, өмүр күтпөйт.
(Т. К. 389-б.)

5162 Өтөр күндөр өтөлгөндү алып кал,
Дайын тургун, өлөр күнүң дайын ал.
(З. М. 301-б.)

5163 өзүң йудти мунча будун йүклери
одуг тур усал болма сакну йоры
(Ж. Б., 555-б.)

5163 Жонуңа өз элиңдин жүгүн арткын,
Сак жана ойлуу болуп, алга баскын.
(Т. К., 389-б.)

5163 Толгон токой мойнуңда элдин жүгү,
Сергек болгун аңкоолук кылбай түбү.
(З. М., 301-б.)

Философ А. Бекбоевдин сөзү менен айтканда дастан:

« .. ойчул-акын Жусуптун философиялык кредосун кыскача квиетизмден – гуманизмге деп туюндурсак болот, анткени ал өзүнүн окуусунда замандаштарын, кийинки урпактарын бүтүндөй адамзатты поэтикалык формадагы сыйкырдуу саптары менен орто кылымдагы официалдуу диний идеологиянын негизги жоболорунун биринен б.а. жашоо-турмуштун ачуу-таттуусуна кайыл, кайдигер карап, жараткандын гана ырайымына ишенип, анын эркине баш ийип тиричилик кылууну талап кылган квиетизмден четтеп, өмүрдү, жашоону, инсанды кадырлай-барктай, сүйө билүүгө үндөгөн гуманизмге чакырат.»[41]

Эпикалык чыгармачылыктын мыкты үлгүсү болгон бул эки чыгармадан алчу сабак көп экенин эскертүү менен, эпос менен дастандагы адам укугу, адеби жана ыйман маселесинин чагылыш өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурмакчыбыз. Эпостогу Манас чыгарманын баш жагында бир үйдүн эрке баласы, андан соң бир журт атасы болот. Ошол эле учурда Манас – жолдошу үчүн жанын аябаган дос, душманына жоопту катыра кайтарган кас, Кошой, Бакай сыяктуу абаларына сый көрсөткөн ини, кичүүлөрдү эркин, көз карандысыз жашоо үчүн күрөшкө үндөгөн ага, Каныкейдей акылдуу аялга ишеничтүү жар жана элинин бирдикте, эркин мамлекетте жашоосун эңсеген – эл уулу. Ал адамдардын укугун коргоп, элинин бейпил жашоосун ойлогон акылдуу башкаруучу. Ал аксакалдардын насаатын угат, өзүнүн туура иш кылып жаткандыгын башкаларга түшүндүрөт. Эпосту окуган адам **кыргыздардын бири-бирине мамилеси, байланышы, адеп-ахлагы, ыйманы канчалык даражада суктанарлык болгондугун көрүп, таң калбай койбойт.** Манастын өз элине, чоролоруна, жакындарына, туугандарына, душмандарына карата жасаган мамилесинен

[41] А. Бекбоев. Квиетизмден-гуманизмге// Жусуп Баласагын. Куттуу билим. Которгон Т.Козубеков. – М.:Ник. 1993. 27-б.

анын адеби, ыйманы канчалык даражада жогору экендиги аныкталат.

Адамдарга **адилеттүүлүк менен мамиле кылуу адептүүлүктүн бир белгиси** болуп саналат. Адилеттүүлүк менен эл башкарган Манас өз элине, аскерине – жөлөк, таяныч, ал эми душмандарына – коркунучтуу, жоо, аябагандай акылдуу, күчтүү кас. Манас маанилүү маселелерди чечүүдө, кызматтарды бөлүштүрүүдө, жооптуу иштерди бирөөгө артууда, душмандардын адилетсиздигин жазалоодо эң адилет, эң туура жолдорду тандап алат. Адилеттүү болуу керектиги жөнүндөгү идея «Кутадгу билигде» да улам-улам кайталанып, адилет болуу ар нерсенин башы деген сыяктуу идеялар да жок эмес. Өлөр алдында Айтолду Эликке керээз калтырат:

1366 өлүм тутмаз еркен одун ай илиг
ишиңни итингил йетүргил билиг
(Ж. Б., 154-б.)

1366 Адилет бол катаалдыкка кабылба,
Элди кубант, эмгектенип жаңылба.
(Т. К., 140-б.)

1366 Өлүм жокто сергек болгун, Илигим,
Ишиңди оңдо сен карыштап билимиң.
(З. М., 101-б.)

1372 ай илиг катыглан мениңде кидин
йава кылма өд күн тапугда адын
(Ж. Б., 155-б.)

1372 Мен өлгөн соң , эй Элик, тетик болгун,
Бош өткөрүп мезгилди кордобогун.
(Т. К., 140-б.)

1372 О, илигим, менден кийин кайрат кыл,
Бир Аллага күн жазбастан ибадат кыл.
(З. М., 101-б.)

1373 сини армасун дүнйа девлет биле
Камуг иш ичинде көнилик тиле
(Ж. Б., 155-б.)

1373 Көр дүйнөнүн артынан түшүп кетпе,
Адилдикти ар кылган иштен изде.
(Т. К., 140-б.)

1373 Алдабасын бул жалган дөөлөт менен,
Бар ишинде адылдык болсун бекем,..
(З. М., 101-б.)

1327 кадаш йак йагукка йакынлык ула
улугка кичигке севүг бол күле
(Ж. Б., 150-б.)

1327 Дос-тууганды ала жүр жакын кылып,
Кичүүгө, улууга да болгун сылык.
(Т. К., 137-б.)

1327 Дос, туугандан мээриминди аяба,
Жаш-карыны бирдей сыйла жана да.
(З. М., 99-б.)

Бул бир бек болгон, же эл бийлөөнү көксөгөн адам үчүн гана айтылган сөз эмес, бардык мен «адаммын» дегендер, адилеттүүлүктү адептин бир жагы катары билиши керек. Эгер ал адам мамлекет башында турса, анда адилеттүүлүк эң биринчи сапатка өтөт. Анткени адилетсиз мамиленин натыйжасында коомго, мамлекетке, бүткүл адамзатка эң керектүү адамдарды жок кылып алуу коркунучу туулат.

Дастанда ар бир кесип ээсине кандай адамдык сапаттагы киши туура келерин айтуу менен автор, бул кесиптердин коомдогу орду, мамлекеттеги ролу канчалык даражада экендигин белгилеген. Ушул жерде белгилей кетчү маанилүү нерсе, автор бул кесиптин ээлерине кандай мамиле кылуу керектигине өзүнчө токтолуп өтөт. Алгач бардык адамдарга жакшы мамиледе болуп, аларды кемсинтпөө, алардын укугун сактоо, алар менен эсептешүү керектигин белгилеген Жусуп Баласагын, дастандын логикалык ырааттуулугун бузбастан, кийин гана ар бир кесип ээсине кандай мамиледе болуусу керектигин айтат. Алгач жалпы адамдарга мамиле кылуудагы башкы өзгөчөлүк төмөнкү саптар аркылуу берилсе:

4276 севинчин тириглик булайын тисе
Кишиг тепсемегил катыглан уса
(Ж. Б., 430-б.)

4276 Жакшылыкта дайыма жашайм десең,
Адамды кемсинтпегин, тепсебе сен.
(Т. К., 329-б.)

4276 Көңүл куунак, жаркылдап өтөм десең,
Өзүң тийип коштошкун кызганч менен.
(З. М., 247-б.)

4284 бу уаңлыг болур ол киши аслысы
кишике кишилик киши белгүси
(Ж. Б., 430-б.)

4284 Кишинин эң мыктысы асыл адам,
Адамдыкты эч качан унутпаган.
(Т. К., 329-б.)

4284 Мына ушундай болушат киши деген,
Кишиликтин белгиси киши менен.
(З. М., 248-б.)

4284 Адамга адамдай мамиле кылуу адамдыктын белгиси, адамдын асылы ушундай болот.
(К. К.)

Кийин келген кесип ээлерине мамиле кылуунун тартиби да ал кесиптин коомдогу маанисине жараша чыгармада орун алгандай. Мисалга алып карап көрсөк, автор, кесип ээлеринен эң алгач эле даанышман, илимпоз адамдарга кандай мамиле кылуу керектигине токтолот.

4341 такы бир куту билге алимлер ол
олар илми халкка йаруттачы йол
(Ж. Б., 436-б.)

4341 Дагы бир адамдар бар билими мол,
Билими жалпы журтка көрсөтөт жол.
(Т. К., 333-б.)

4341 Дагы бири, аалымдар билим тапкан,
Билим менен калктын жолун ачкан.
(З. М., 252-б.)

4342 оларны катыг сев агырла сөзин
билиглерин өгрен өкүш йа азын
(Ж. Б., 436-б.)

4342 Кадырлап, сыйлуу болгун алар менен,
Азбы-көппү билимин алгының сен.
(Т. К., 333-б.)

4342 Катуу сүйүп, кадырла айткан сөзүн,
Аз-көп болсун билгенин үйрөн өзүң.
(З. М., 252-б.)

4346 йок ерсе ажунда бу алим бүгү
тикип өнмегей ерди йирде вигү
(Ж. Б., 437-б.)

4346 Болбосо кокус булар бу дүйнөдө,
Жерде жемиш мол болуп өнбөйт эле!
(Т. К., 334-б.)

4346 Бу дүйнөдө аалымдар болбосо эгер,
Өнбөс эле жерге да ичип-жеген.
(З. М., 252-б.)

4347 олар илми болды будунка йула
йаруса йула түнле азмаз йола
(Ж. Б., 437-б.)

4347 Билими даанышмандын элге жарык, –
Жарык болсо түндө да жолуң анык.
(Т. К., ош.)

4347 Чырак анын илими берген жарык,
Адашпайсың ал чырак турса жанып.
(З.М., ош.)

4353 булар ол сүрүг койка еркеч саны
койуг башласа сүрсе йолча көни
(Ж. Б., ош.)

4353 Алар чыны отордо – эркеч сымал,
Баштаса койду жолго алып чыгар.
(Т. К., ош.)

4353 Койдо жүргөн эркечке алар окшош,
Баштайт эркеч койлордун баарын козгоп.
(З. М., ош.)

4354 катылгыл буларның биле едгүлеш
кутадгай саңа ики ажун улаш
(Ж. Б., 437-б.)

4354 Булар менен жакшы бол, ынтымак тап,
Эки дүйнө табасың кетпеген бак.
(Т. К., 334-б.)

4354 Аралашкын аларга жайып кучак,
Кутайт сага эки аалам болуп туташ.
(З. М., 252-б.)

Билимдүүлөр дайыма алдыңкы кишилерден болорун айтуу менен туура жолду эл-журтка алар көрсөтөрүн белгилеген Жусуп Баласагын, илимпоздор ынтымак таап, кадырлап-сыйлап алчу адамдар экендигин, таамай айткан.

Эл ичиндеги дарыгерлердин да адамдар үчүн маанiси зор экенин:

4355 буларда баса кач куту бар адын
бака көрсе билги билигде өңин
(Ж. Б., 438-б.)

4355 Адамдын түрлөрү бар, дагы канча,
Иштери, мансабы да башка-башка!
(Т. К., 334-б.)

4355 Нечен топ бар мындан бөлөк дагы канча,
Билимдери, кесиби да башка-башка.
(З. М., 253-б.)

4356 оларда бириси отачы турур
камуг иг тогака бу емчи ерүр
(Ж. Б., 438-б.)

4356 Таанып ал арасынан дарыгерди,
Айыктырат кеселден алар элди.
(Т. К., 334-б.)

4356 Ошолордун бири ушул тамырчылар,
Баары дарттын таботун табуучулар.
(З. М., 253-б.)

4357 йиме өк кереклиг саңа бу киши
аныңсыз оңулмаз тириглик иши
(Ж. Б., 438-б.)

4357 Ойлосоң булар сага керектүүлөр
Буларсыз жолуң болбойт басып жүрөр.
(Т. К., 334-б.)

4357 Өтө керек сага да ушул киши,
Аларсыз оңго тартпайт өмүр иши.
(З. М., 253-б.)

4360 буларны йиме едгү тутгыл йакын
кереклиг киши бу күдезгил хакын
(Ж. Б., 438-б.)

4360 Дарыгерди сыйлагын, достошо жүр,
Элге керек, айтканын аткара бил.
(Т. К., 335-б.)

4360 Табыптарды ардактап, жүргүн жакын,
Ал керектүү биле жүр берип акын.
(З. М., 253-б.)

– деген саптар менен белгилесе, эң байыркы кесиптердин бири болгон акындык жөнүндө төмөнкүдөй саптар бар (котормолорун салыштырып окуңуз):

4392 баса келди шаир бу сөз тиргүчи
кишиг өггүчилер йиме йиргүчи
(Ж. Б., 441-б.)

4392 Акындар бар кызматы алардын сөз,
Адамды мактайт, сөгөт тартынбай эч.
(Т. К., 337-б.)

4392 Эми биз кеп баштайлы акындардан,
Адамды ар кыл айткан асылдардан.
(К. А., 73-б.)

4392 Акындар бар жана да сөз терүүчү,
Бирди мактап, бирди сөгө жерүүчү.
(З. М., 257-б.)

4393 кылычта йитигрек буларның тили
йана кылда йинчке бу хатыр йолы
(Ж. Б., 442-б.)

4393 Алардын тили кылыч – миздүү өткүр,
Алардын ою ичке, чачтай жиптир.
(Т. К., 337-б.)

4393 Мукам сөз бирде чачтай жумшак, назик.
Бирде ал кылыч өңдүү өтөт кесип.
(К. А., 73-б.)

4393 Кылычтан да курчураак өткүр тили,
Кылдан назик алардын сезгирлиги.
(З. М., 257-б.)

4396 олар өгселер өгди илке барыр
калы сөкселер аты артап калыр
(Ж. Б., 442-б.)

4396 Мактаса алар кимди – алат атак,
Жамандаса кимди алар – уят, азап.
(Т. К., 337-б.)

4396 Мазактап менсингенди акын жыгат,
Белгисиз жанды мактап маалым кылат.
(К. А., 73-б.)

4396 Тарайт алар мактаса ушул баты,
Сөксө эгер жоголбойт жаман аты.
(З.М., 257-б.)

4399 калы сдгү өгди тилесе өзүң
буларны севиндүр кесилди сөзүң
(Ж. Б., 442-б.)

4399 Сурайбы – аянбастан көрсөт сыйды,
Сактап кал уулуу сөздөн сыймыгыңды!
(Т. К.,337-б.)

4399 Андыктан акындарды баалай билгин,
Ардактап көңүлүн ал баарын бергин.
(К. А.,73-б.)

4399 Сураса эгер эмнени берип түгөн,
Уу тилине алардын салгын жүгөн.
(З. М., 227-б.)

Акындар да коомдо маанилүү роль ойнорун, алар мактаса адамдын атагы ааламга тарап, жамандаса азапка калары чындык, ошондуктан аларга жакын туруп, сый көрсөтүш керектигин айтуу менен Жусуп кезегинде эл, бийлик, мамлекет ишинде акындык кесиптин орду азыркыдан алда канча башкача болгонун, эл алардын сөзүнө маани берип, аларга ишенип, алардын үнү бийликтегилерди да сестентип, чочутуп келгенин белгилейт.

Ал эми дыйканчылык, соодагерлик, малчылык кесипти аркалаган адамдарга кандай мамиле кылуу керек жана эмне

үчүн экендигин акын так, таамай айтылган төмөнкү саптар аркылуу берет, мисалы дыйкандар жөнүндө:

4400 тарыгчы турур көр такы бир куту
кереклиг кишилер турур бу буту
(Ж. Б., 442-б.)

4400 Эми айтамын дыйкандар туурасында
Эң керектүү адамдар, ишен буга.
(Т. К., 338-б.)

4400 Андан башка жана бар дыйкан тобу,
Керектүүлөр ичинде артык жолу.
(З. М., 258-б.)

4401 буларның биле сен катыл хем карыл
богуздын сыңар сен сакынчсыз тирил
(Ж. Б., 442-б.)

4401 Аралаш, мамиле түз – ушул кеңеш,
Сен болосуң кардың ток, кырсыксыз эч.
(Т. К., 338-б.)

4401 Булар менен аралаш, кошул абдан,
Кысылбайсың өмүрдө карын жактан.
(З. М., 258-б.)

4405 буларның биле ме катыл ай кадаш
арыг болга богзуң халал болга аш
(Ж. Б., 443-б.)

4405 Дос болгун алар менен – тазарасың,
Жетиштүү дайым болот алдында ашың.
(Т. К., 338-б.)

4405 Алар менен аралашкын, тууганым,
Жегениң ак, адал болсун алганың.
(З. М., 258-б.)

– деп келип, дыйкандын керектүүлүгүн, алар менен дос болгон адам, таза тамак жеп, тазара турганын белгилеп:

4416 тарыгчы кишилер болур елги киң
байат бирмишиндин тутар көңли киң
(Ж. Б., 444-б.)

4416 Дыйканда колу ачыктык, жоомарт сапат,
Теңир берген кенендик бүткөн адат.
(Т. К., 339-б.)

4416 Колу ачык март болот дыйкан деген,
Бергендиктен кудайым көөнүн кенен.
(З. М., 258-б.)

4416 Дыйкандардын колу ачык болот,
Жараткандын бергенин кең пейилдик менен сарптайт.
(К. К.)

4417 камуг тепренигли төзү йир өңи
йорыглы ашы ол учуглы меңи
(Ж. Б., 444-б.)

4417 Кыбыр эткен жердеги тирүү жанга
Элге – тамак, кушка – дан, баары анда.
(Т. К., 339-б.)

4417 Баары алат шыбага тойуп андан,
Учкан, баскан жана да башка жандар.
(З. М., 258-б.)

4417 Кыбыр эткен жандын баары андан өз насибин алат, басып жүргөндөр жей турган тамагын, учуп жүргөндөр жемин табат.
(К. К.)

4418 арка катылгыл карылгыл өзүң
тилин йакшы сөзле ачук тут йүзүң
(Ж. Б., 444-б.)

4418 Булар менен баарлаш, кошула жүр,
Ачык сүйлөп, ак дилден мамиле кыл.
(Т. К., 339-б.)

4418 Буларга да аралаш, кошула жүр,
Сылык сүйлөп жаркылдап ачыла күл.
(З. М., 258-б.)

Дал ушул дыйкандын жоомарттыгын, кең пейилдигин баса белгилөө менен автор, сен башкача боло көрбө, напсиңди тыйып, жаман иш жасаба, ыплас жолго түшпө деген кеңештерди өкүмдарларга бергиси келет.

Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий жактан өнүгүшү соодагерлик кесипти аркалаган адамдардын иш-аракетине байланыштуу болуп, аларга да жакшы мамиле кылуу керектигин акын бул саптар менен берет:

4430 катыглан оларыг иди едгү түт
сениң атың едгүн йырак барга бүт
(Ж. Б., 445-б.)

4430 Ачык болуп, кабыл ал алар келсе,
Жакшы атагың таралат алыс жерге!
(Т. К., 340-б.)

4430 Тиришип сен аларды жакшы күткүн,
Жакшы наамың таралат элге бүткүл.
(З. М., 259-б.)

4430 Аларга абдан жакшы мамиле кылууга тырыш, сенин жакшы атың алыска тарайт, күмөн санаба.
(К. К)

Илимпоздордон тартып малчылык, устачылык менен алектенген кишилерге чейин мамиле кылууда адамгерчиликтүүлүккө чакырган Жусуп Баласагындын бул дастаны адам эмгегин баалоо, анын коомдогу ордун сыйлоо, укугун коргоо, кемсинтпөө, таарынтпоо, алына жараша жүк артуу керектиги жөнүндөгү идеяны жар салат.

Эпосто да, дастанда да ач көздүк, сараңдык, бийликке, байлыкка ашкере умтулуучулуктун адепке жатпастыгы ачык айтылат.

2613 сук ер умдучы ол йавуз умдучы
киши умдучысы аты колтгучы
(Ж. Б., 274-б.)

2613 Сараң уят, ач көздөр-сараң делген,
Сараңды уятсыз дейт илгертеден.
(Т. К., 218-б.)

2613 Сугалактын нээти бузук тамакор,
Тамакорлор акыр түбү болот кор.
(З. М., 164-б.)

2615 чыгай кылса кимни көзи суклукы
байутмаз аны бу ажун токлукы
(Ж. Б., 274-б.)

2615 Сараңдар көзү тойбой ач көз келет,
Бүт дүйнөнү сорсо да болду дебейт.
(Т. К., 218-б.)

2615 Жакырлантса кимди ачкөз, суктугу,
Байыта албайт бу дүйнөнүн токтугу.
(З. М., 164-б.)

4282 түкел бай болайын тисе белгүлүг
барыңа тапы бол көтүрдүң үлүг
(Ж. Б., 430-б.)

4282 Болом десең өзүң бай – кылгын топук,
Ыраазы бол баарына, байсың толук.
(Т. К., 329-б.)

4282 Болом десең эгер бай колу жетик,
Топук кылсаң шыбагаң турат жетип.
(З. М., 248-б.)

4760 кезигче келир көр бу девлет куры
тезиг ол йайыг хем болур терк кары
(Ж. Б., 476-б.)

4760 Дөөлөт кетет көрүнүп, келер замат,
Ал шашма, ишенимсиз, эскирет бат!
(К. Б., 362-б.)

4760 Дөөлөт куру курчалат кезек менен,
Ал опасыз, качкы, ылдам, кары келер.
(З. М., 279-б.)

4810 ет өз үлги бирме катыглан уса
өзүң йолка көнгей аныңда баса
(Ж. Б., 481-б.)

4810 Напсиңди тый, дайыма алып колго,
Мына ошондо чыгасың туура жолго.
(Т. К., 366-б.)

4810 Эрк бербестен напсиге бекем болуң,
Мына ошондо дурус болот басар жолуң.
(З. М., 281-б.)

– деген саптар ач көз, сараң болбо, «Алтын башың аман болсо, байлык табылар» деген макалда айтылган ойду далилдегендей. Ар нерсеге топук кылуу, болгонго каниеттенүү, бийликтин, байлыктын түбөлүктүүлүгүнө ишенбөө керек деген идея бул дастанда улам эскертилип олтурат. Одгурмыш аттуу **каниеттин символу** болгон көркөм образды дастанга киргизүү менен автор адам баласын дагы баалуу бир сапат – адамкерчиликтен чыкпоого,

болгонго каниет кылууга, ынсапка чакырат. Каниет кылып жашабаса, адам жамандыкка жанашары анык, андыктан бул символ-образ менен каниет кылуу принциби мамлекетти башкарууда башкы талаптардан экендигин эскертет. Каниет кылбагандык элди жакырчылыкка, турмуштун оордоп, адамдардын бири-биринин акысын жеп жашоо шартына көндүрөөрү, бул болсо, мамлекет үчүн өтө зыяндуу коркунуч туудура турганын автор билгичтик менен айтат.

Жогоруда ар бир кесип ээсине кандай мамиле кылуу керектигинин Жусуп Баласагын тарабынан өзгөчө басым жасалуу менен бөлөк-бөлөк айтылышы, бул кесипти аркалаган ар бир атуулдун өз кесибинин коомдогу, мамлекеттеги ордун билип, маанисин сезип, эл үчүн канчалык пайдалуу экендигин туюп билишине түрткү берип, алардын жоопкерчиликти арттырып, жанталаша иштей турганына стимул берерин акындын ошол убакта эле баамдай билгенинен кабар берет. Достук, бирдикте кеңешип иш жүргүзүү, адилет мамиле кылуу, каниет кылууда башкаруучу өзү биринчи үлгү болуу менен кызмат өтөөсү мамлекеттин авторитетинин өсүшүнө гана алып келерин Жусуп Баласагын мындан 10 кылым мурун жараткан эмгегинде ырга кошуп даңазалаган экен. «Бир нерсеге жетишем десең нысаптуу бол» деген пикирди айтуу менен Жусуп Баласагын түз эле биздин күнгө келип, азыркы башкаруучуларга да насаат берүүдө. Бул насааттын азыркы күндө башчылар, жетекчилер тарабынан угулуп, туюлушу мамлекет, коом үчүн өтө маанилүү экендиги баарыбызга түшүнүктүү. Анткени азыркы учурда көптөгөн жетекчилер, башкаруучулар нысап, каниет кылуудан алыстап, алган сайын алсам, жеген сайын жесем деп эл мүлкүн, мамлекет малын чачып, өз кызыкчылыктарында пайдаланып жаткандары басма сөз, массалык маалымат каражаттары тарабынан жарыяланып элдин кеңири катмарына белгилүү болуп жатат. Айрым гезиттердин беттеринде цифралар менен, экономист адистер тарабынан келтирилген фактыларды окуп отуруп, максатсыз пайдаланылган акча жана башка каражаттардын чөлгө куйган суудай жок болуп кетип жаткандыгы тууралуу маалыматтардан кабардар

болгонубузда төбө чачыбыз тик турат. Буга окшогон мамлекеттин өнүгүшүнө тоскоол болуп, экономиканын алга жылышына кедерги болгон көрүнүштөрдүн коом, өлкө, бир мамлекет үчүн канчалык коркунучтуу, каниет кылуу канчалык маанилүү экендигин автор дастандагы төртүнчү каарман – каниеттин символ-образын киргизүү аркылуу берет. Жусуп Баласагындын пикири боюнча мамлекеттин башында, биринчи болуп, сөзсүз адилеттүү падыша болушу керек, андан кийин, мамлекет үчүн байлыкты жыйнап, дөөлөттү туткан вазир абдан зарыл, бул дөөлөттү акыл-эс менен пайдалануу да абдан маанилүү. Ошондуктан акын өз чыгармасында бийликтин, бакыттын, акылдын символ-образдарын жаратты. Бирок адилеттүү падышанын болгон байлыкты, дөөлөттү акылмандык менен пайдалануусу мамлекеттин мамлекет болуп турушуна жетпейт, аздык кылат экен, буларга кошумча мамлекеттин өнүгүшү, толук кандуу өкүм сүрүшү үчүн каниет сөзсүз керек деген пикирди ортого таштоо менен, автор, элден нысап кетсе, мамлекет алсырайт деп зар какшайт. Бир гана өзүмө, өзүм үчүн деп отуруп, жашоо-тиричиликке керектүү нерседен ашыкча байлыкты чогултуп, ач көздүк менен материалдык байлыкты топтоо аркылуу адамдар Баласагындык Жусуп айткан баалуу ойлордун, идеялардын бузулушуна далил берип жатканы баарыбызга маалым жана мамлекет, эл камын чын жүрөктөн ойлогон ар бир атуулдун жанын кейитет. Каражаттардын, мамлекеттик мүлктүн орду-орду менен жумшалбай, өзүм билемге салынышы туура эмес экендиги жөнүндөгү идеяны эскертүү менен, мындай көрүнүштөр мамлекеттин дүйнөлүк аренадагы авторитетин түшүрүп, ал мамлекетке карата башка мамлекеттердин, дүйнөлүк түрдүү коом, уюмдардын ишеничин кетире турганын Жусуп Баласагын ошондо эле түшүнгөн, так билген киши болгон экендигин белгилесек жаңылышпайбыз деген ойдобуз.

Ач көздүк менен сараңдыкка карама-каршы сапат – марттык экени белгилүү. Манастын марттыгы жөнүндө биз, кийинки бөлүмдөрүбүздө, журт башчысынын эң башкы сапаттарын санап өткөнүбүздө, мисалдарды келтирүү менен сөз кылабыз.

Эпосто баш каармандар Манас, Бакай, Алмамбеттердин кандыкка, башкаруучулукка умтулуп, жутунганын биз көрбөйбүз. Бардык учурда бийлик башына сунуш кылынган баш каармандар иштин жоопкерчилигин сезүү менен көпчүлүктүн чечими аркылуу калк каны, кол башы, жол башы болуп шайланышат. Манастын кан болбойм деп качканы С. Орозбаковдун вариантында мындайча сүрөттөлөт:

Качкан менен болбостон
Кабылан Манас баланы
Камалап кармап алганы,
Коюңар десе болбостон,
Алып келип Манасты
Ак тердикке салганы,
Каныбыз деп дүркүрөп,
Кан көтөрүп алганы. …
(С. О., М., 1-к., 241-б.)

Элге, аксакалдарга, өзүнөн улууларга кеңешип иш кылуу, аларга аяр мамиле жасоо кыргыздарда адептүүлүктүн өзгөчө чагылышы болуп саналат. Кеңешип иш кылуу ийгиликке алып келерин дастан төмөнкүчө баяндайт.

5653 киңешсе оңарур киши өз иши
өкүнчлүг болур кин киңешмез киши
(Ж. Б., 561-б.)

5653 Кеңеш менен ар адам жолун түзөйт,
Кеңешпеген адамда кырсык күчөйт.
(Т. К., 420-б.)

5653 Кеңеш менен оңолот өздөй иши,
Өкүнүчтө сандалат өзчүл киши.
(З. М., 323-б.)

5658 негү тир ешитгил киңешүр киши
киңешин итер ол киши өз иши
(Ж. Б., 561-б.)

5658 Угуп ал кеңешчинин айткан сөзүн,
Кеңеш уксаң , алгалайт сенин ишиң.
(Т. К., 420-б.)

5658 Эмне деген тыңша адамдан кеңешчил,
Кеңеш менен бүтөт иштер муну бил:
(З. М., 324-б.)
5660 кайу ишке тегсе киңеш өтрү кыл
тилемиш тилекке киңешин теңеш
(Ж. Б., 562-б.)
5660 Кеңеш алып, ишиңди анан башта,
Тилекке жетүү үчүн алга жөнө!
(Т. К., 420-б.)
5660 Кайсы ишти кылсаң дагы кеңеш кыл,
Кеңеш менен тилек кабыл муну бил.
(З. М., 324-б.)

Ар бир маанилүү иш эпосто эл менен кеңешип чечилет. Элдин кеңешин укпай, атасынын ашын Манас келе электе баштаган Бокмурундун абалы «Көкөтөйдүн ашынан» бизге белгилүү. Дагы башка мисал, Манас элге, алты канга кеңеш салып, алты кандын биринер кан болгула десе, эч кимиси унчукпайт, ошондо, кыргыз колуна кан болуп Бакай шайланат, ал эми жол бийлиги:

Баарыңарга эп болсо,
Ушу жолдун бийлигин
Алмамбетке берелик.
Көргө түшсө түшүүгө.
Көлгө түшсө, тобокел.
Көт жагынан сүзүүгө,
Дабан ашса ашууга
Шамалга учса учууга.
(С. О., М., 4-к., 68-б.)

–деп, Алмамбетке берилет.

«Манас» эпосундагы Манастын образына байланыштуу адептүүлүктүн башка бир чагылышы катары анын агалары, абалары, журт башы ак сакалдарга жасаган мамилесин кароого болот. Манастын ачуусу чукул, ал бир нерсеге ачууланса эч кимди көңүлүнө албайт, таш-талканын чыгарып баарын кыйратат, сабайт, кубалайт. Бирок дайыма эле ошенте бербейт. Адилетсиздик менен иш жасалган болсо, же намыска тийчү сөз айтылса, өзүнө кеңеш менен кайрылгандарга «жок» деп айта турган болсо, сөзсүз түрдө,

адептүүлүк менен, эмне үчүн ушундай чечим кабыл алганын түшүндүрөт. Мисалы, Мааникерди бергиле деп Коңурбай талашканда, Кошой берели десе, Манас:

Аттигине абаке,
Акылыңыз канаке?
Сенден бөлөк бири айтса,
Албас белем жанын деп,
Төкпөс белем канын деп!
Жамандыкка кыйбаган
Кошойлуктан калдың деп.
Ойронуң Манас өлгөндө,
Ошондо тартуу берсеңчи,
Азыр менин барымда
Манасым бар деп айтсаңчы!
(С. О., М. 3-к., 140-б.)

– деп, бүгүн Мааникерди берсек, эртең Аккуланы сурарын айтып келип:

Мааникер берди дегиче,
Манасты өлдү десеңчи!
Батаңды кыла келсеңчи.
(С. О., М. 3-к., 141-б.)

– деген жообун айтат. Ошондой эле душманга тартуу берели деген Жакыпка (С.К., М., 1-к., 1984, 88-б.), урушка кирбей кетели деген Балтага (ошондо 135-б.) урушуп жатып өлсөм да, мен намысты бербейм деп, каршылык көрсөтүүсүнүн себептерин негиздеген. Ал эми Нескаранын адилетсиздигине каршы, эли үчүн күйгөн Манас, ачуу жооп кайтарат. Казандагы этти талап, Баймырзаны сабаган Нескарага өз жазасын берет.

Кара жаак камчыны
Кармап алып имерип,
Ошондо Нескарадай баатырды
Төбөгө тартып жиберип,
Малакай учту чыркырап,
Өтөгөт ташы быркырап,
(С. К., М. 2-к., 38-б.)

Манастын Нескарага мындай мамиле кылуусунун себеби бар. Эпосто баш каарман Манастын ар бир аракетине түшүндүрмө берилет.

Ал эми Манастын досу Алмамбеттин адамгерчилиги көп учурда таң каларлык. Чубак Бээжинге чалгынга мен барат элем деп чатак салганында Алмамбет ага сабырдуулук менен түшүндүрүп, анын оюнун туура эместигин төмөнкүчө айтат:

Ойлосоң боло сен, Чубак,
Олоңдогон кызыталак,
Мен Бээжинди чалам ким үчүн?
Арттагы калың эл үчүн,..
Тосмосу катуу кытайдын,
Топурагы учуп күйөт деп,
Тозогу сага тиет деп,
Тоскон жолум ким үчүн?
Тозоктуу Чубак, сен үчүн!
(С. К., М. 2-к., 93-б.)

Улууну сыйлоо, урматтоо, кичүүнү ызаттоо адептүүлүктүн, өзгөчө кыргыздарда, башкы чагылышы экенин бабалардан калган «Карынын сөзүн капка сал», «Карысы бардын – ырысы бар», «Кары келсе ашка, жаш келсе ишке» деген макалдар далилдеп турат. Эпосто да Манастын өзүнөн улууларга сый көрсөтүүсү жаштарга эң сонун үлгү болорлук түрдө берилгендиги бизди абдан кубандырат, сыймыктандырат. Мисалга алсак, Манас Көкөтөйдүн ашында жамбы атып түшүрүп, андагы уткан байгесин Кошойго төмөнкү сөздөрдү айтуу менен тартуу кылат:

Абаке муну алгын деп,
Ак сакалдуу карымсың,
Касиеттүү жанымсың
Мына ушуну алгын деп,
Батаңды берип салгын деп.
(С. О., М. 3-к., 179-б.)

– десе, Кошой кайрадан:

Кашыңдагы бир чалды,
Карып калган бир жанды
Өзүңдөн азиз көрбөгүн,
(С. О., М. 3-к., 179-б.)

олжоңду өзүңө калтыргын деп, ага карата ызат көрсөтөт. «Улууга урмат, кичүүгө ызат» деген сөздүн мааниси да

ушунда жаткандай. Ошондой эле Чоң казатта кол баштаган Бакайдын кандыгын Алмамбетке суроодо Манас өтө акылмандык менен, абасынын көңүлүн оорутуп албоону ойлоп, бул оюн төмөнкүчө билдирет:

Көңүлүнө албаса,
Айтты деп наалат кылбаса.
Айтканым макул көрсүн деп,
Азыркы кандыгын
Алмамбетке берсин деп, …
(С. О., М. 4-к., 116-б.)

Муну уккан Бакай түшүнүү менен кабыл алып, төмөнкүчө жооп кайтарат:

Ал Алмамбет арстанды
Манастан да артык көрөмүн,
Бир сураса ал үчүн
Миң кайтара беремин.
Баатыр Алма султанды
Баламдан жакын көрөмүн,
Башкарып алсын аскерин,
Бачымыраак жөнөгүн.
(С. О., М. 4-к., 119-б.)

Жогоруда келтирилген мисалдар адамгерчилик, айкөлдүк, адам адебинин, ыйманынын чагылышынын жогорку чеги. Ошондой эле Көкөтөйдүн ашында Коңурбайдын салган чатагынан корккон Бокмурундун Кошой абасына барып, анын айтканын укпаганына өкүнүп турган жери эпосто мындай саптар менен берилет:

Аш берем деп келиппиз, аба,
Азапты артык көрүппүз, аба,
Ажалдан мурун өлүппүз, аба!
Улуунун тилин албадым, аба,
Эми убарага калганым, аба!
Билгичтин тилин албадым, аба,
Аш беремин деп келип
Билчелик күчкө калганым, аба!
(С. К., М. 2-к., 28-б.)

Бул саптарда «улуу» жана «билгич» деген сөздөр синоним катары кайталанып келип, айтылып жаткан арман, өкүнүч сөздөрдүн маанисин күчөтүп, тереңдетип турат.

Улууларды сыйлоо жакшылык гана алып келерин «Кутадгу билиг» дастаны да кайталап айтат:

4178 кичигке улуглук улугдын келир
улугка тапынса кичиг кут алыр
(Ж. Б., 421-б.)

4178 Кичүүлөрдүн улуулар сыйын көрөт,
Улууга кызмат кылсаң бакыт келет.
(Т. К., 323-б.)

4178 Улуулардан кичүүлөр урматталат,
Кызмат кылса аларга бакыт табат.
(З. М., 243-б.)

4179 улуглар сөзин тут йумуш кыл йүгүр
улуг сөзи тутса тилекке тегир
(Ж. Б., 421-б.)

4179 Улууларды урматта акылын ук,
Улуунун сөзүн уксаң – кутуң өнөт!
(Т. К., 323-б.)

4179 Улууларга жумуш кыл, сөзүн акта,
Тилегиңе жетесиң, эсте сакта.
(З. М., 243-б.)

4304 улугуг агырла күдез хүрмети
улуглук саңа келгей йукгай куты
(Ж. Б., 432-б.)

4304 Улууларга урмат-сый көрсөтө жүр,
Өзүң да кут табасың , ошону бил.
(Т. К., 330-б.)

4304 Улууларды урматта, сыйы болот,
Сага да жетип улуулук куту конот.
(З. М., 248-б.)

Ыйман менен ар намыс бири бирине жакын түшүнүктөр. Эпостогу Манас жана анын кырк чоросун бириктирип турган нерсе да адам ыйманы болуп саналат. Алар бири экинчисин сатпайт, дайыма бири бирине жөлөк-таяк болуп, баарынын максаты эл-жеринин бөштондугун, көз карандысыздыгын коргоо. Башчылары Манас каза болгондон кийин да анын

чыныгы достору, чоролору өздөрүнүн баатырына, башчысына акыркы кызмат катары Каныкейди караан тутууну башкы иш деп чечишет. Алардын адеби, ыйманы башкача болууга жол бербейт. Бакай баш болуп, өлгөндөн калганы Каныкейди колдоп, Манастын уулу Семетейдин төрөлүп, бойго жетишин чыдамсыздык менен күтүшөт.

«Кутадгу билигде» адамдардын жыргалчылыгы үчүн кызмат кылган адилеттүү мыйзам кабыл алып, ал мыйзамды башкаруучулар өздөрү сактап, адамдардын укугун коргоп, милдеттерин так аткарып, кишиликтүү, адамкерчиликтүү болгондо эл бактылуу болот деген ой бар.

453 бу беглик улуглук иди едгү нең
йорыкы көни ерсе ай кызгу ең
(Ж. Б., 59-б.)

453 Бийлик менен улуулук урматталат,
Чындык менен укукту жүрсө кармап.
(Т. К., 79-б.)

453 Улуулукка жарашат, бектик ыйык,
Туура болсо жүрүшү өзүң тыйып.
(З. М., 51-б)

454 иди едгү беглик такы едгүрек
төрү ол аны түз йорытгу керек
(Ж. Б., 59-б.)

454 Бийлиги жакшы бектин – мактоого тең ,
Андан да – заңы артык элге берген.
(Т. К., 79-б.)

454 Болоор эле бектик мындан жакшыраак,
Канун-түзүм аткарылса тагыраак.
(З. М., 51-б.)

457 не едгү болур бег ол едгү киши
кишилик биле итсе ил күн иши
(Ж. Б., 60-б.)

457 Бактылуу, элге ардактуу өкүмдарлар,
Эгерде кишиликтүү болсо алар.
(Т. К., 79-б.)

457 Бийиң жакшы, бар жакшылык кабылат,
Элдин иши кишиликке багынат.
(З. М., 51-б.)

1458 төрү едгү ур ай төрү биргүчи
туру өлди исиз төрү ургучы
(Ж. Б., 163-б.)

1458 Өкүмдар! Адилеттүү болсун жазаң,
Саясатың жаманбы – ишиң жаман!
(Т. К., 145-б.)

1458 Түзгөн канун дурус болсо даңкталат,
Буруш канун нак өлүмгө алпарат.
(З. М., 105-б.)

Адамгерчиликтүү болуу адептүү болуунун дагы бир жагы экени бизге маалым. Эгер «адамгерчиликтүүлүк» заңдын негизин түзгөн болсо, «Манас» эпосундагы заң – Манастын эл менен кеңешип чечкен сөзү, демек, «Манастагы» заң – Манастын сөзү, ал эми Манас заңды адилеттүүлүк, адамгерчилик, айкөлдүктүн принциптерин бузбоо менен кабыл алганы бизге эпостон маалым. «Кутадгу билиг» дастанындагы адам адеби, адам ыйманы, ар намысы жөнүндөгү, «адам» деген аттын улуулугу туурасындагы (котормолорду салыштырып окуңуз):

1598 киши емгекини билүмез киши
түкел уд болур бу ай илчи башы
(Ж. Б., 177-б.)

1598 Адамдыгың асмандатат атыңды
Адамдыгың жаркыратат затыңды.
(Т. К., 154-б.)

1598 Киши эмгегин барктап аны билбеген,
Конот атка “Саман жеген уй” деген.
(З. М., 113-б.)

1598 Ведь тот, кому чужды людские несчастья,
Не лучше быка, о державец всевластия!
(С. И., 143-б.)

1599 йоры уд атанма кишилик кыла
кишике киши бол кишилик биле
(Ж. Б., 177-б.)

1599 Адам болгун, асты айбан атанба,
Абийир болбойт кыпындай да нааданда.
(Т. К., 154-б.)

1599 Уй атанбай кишиликти кармагын,
Башкаларга кишиликти арнагын.
(З. М., 113-б.)

1599 И будь человеком без тупости бычьей,
Храни человечности добрый обычай.
(С. И., 143-б.)

– деген жөнөкөй саптарда терең ой жатат. Сен биринчи адам бол, ошол атка татыктуу бол дейт. Адамдын адамдыгы анын атын асмандатары, жаркыратары жөнүндөгү так, таамай айтылган сөздөр, бардык нерсенин адамда адамдык сапаттын болуп-болбошуна байланыштуу экенин кайрадан эсибизге салат. Манас ата өз өмүрүн «адам» деген атка татыктуу жашап өткөнүн азыркы учур далилдөөдө. Манас жөнүндөгү дастан, анын элеси, образы, жогорку саптарда айтылгандай, Манас бабабыз адам үчүн, кыргыз эли үчүн жакшылыкка жаралгандыгынан, азыркы күнгө чейин ар бир «мен кыргызмын», «мен адаммын» деген атуулдун жүрөгүндө жашап жатат.

Эпостун да, Жусуп Баласагын калтырган улуу дастандын да башкы темасы, идеясы, мазмуну адам, анын жашоосу, анын жашоосунун маңызы болуп, муундан муунга алмашкыс мурас катары өтүп, азыркы күнгө чейин сакталып келгени менен биз сыймыктанышыбыз керек. Анткени бул баба мурастарында бүтүндөй түрк элдеринин (урууларынын), анын ичинде кыргыздардын байыртадан берки маданияты, саясаты, тарыхы, илим-билими, дүйнө түшүнүгү, философиясы ж.б. өтө кеңири планда чагылдырылган.

§3. Мамлекет, мамлекетти уюштуруу жана башкаруу идеялары

Кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосунда башка ой, идеялар менен катар мамлекет жана аны уюштуруу, башкаруу идеяларынын берилиши, анын энциклопедиялык маалымат камтыган мүнөздөгү чыгарма экендигин дагы бир жолу айгинелейт. Улуттук биримдик, мамлекеттик эркиндикке жетишүү, улуттук ар-намысты сактоо, тынчтык жана жыргалчылыкта жанаша жашоо идеясын даңазалаган бул элдик эпос кылымдан кылымга урпактарыбызга элдик баатырдыктын, айкөлдүктүн, адилеттүүлүктүн жана ар-намыстын үлгүсү катары кызмат өтөй бермекчи. Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанында да бизди кызыктырган мамлекет, мамлекетти уюштуруу жана башкаруу идеялары эң бир сонун көркөм сөз берметтери аркылуу чагылдырылган. Бекеринен бул дастан Мачиндин (Түштүк Кытай) өкүмдарларынын мурасчылары тарабынан «Мамлекет түркүгү»[42] деп аталбаса керек.

Мамлекет, мамлекетти уюштуруу жана башкаруу идеяларынын чагылдырылышы эки чыгармада көп учурда үндөшөт, бирок чагылдыруунун ишке ашышы эки чыгармада өздөрүнө тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ. Элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүсү болгон «Манас» эпосунда мамлекет жөнүндөгү идеялар кызыктуу окуялардын өнүгүшү, түрдүү каармандардын сүйлөгөн сөзү, жасаган аракети, башка, тегерегиндеги курчаган адамдарга болгон мамилеси аркылуу окурмандарга тартууланса, Ж. Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанында ошол эле идеялар чыгарманын баш каармандары болгон Күнтууду өкүмдар менен (адилет, акыйкаттын символу) анын жакын кишилери Айтолду (дөөлөт, байлыктын символу), Өкдүлмүш (акылдын

---

[42] Ж. Баласагын. Куттуу билим / Которгон Т. Козубеков. – М., 1993. 32-б.

символу), Одгурмыш (каниеттин символу)[43] аттуу адамдардын ортосундагы маек аркылуу чагылдырылат.

«Манас» эпосундагы мамлекет жөнүндөгү идеялардын чагылдырылышы тууралуу сөздү баштоодон мурун, кыргыз мамлекеттүлүгүнүн тарыхый башаттарына кайрылууга туура келет. Тарыхчы Т. Чоротегиндин[44] пикири боюнча, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый башаттары алгачкы көчмөн мамлекеттердин бири болгон Хунну дөөлөтүнүн (б.з.ч. II к.) тушунда жатат. Окумуштуу б.з.ч. 56–59 жылдарды «эң кызыктуу жана аз иликтенген мезгил» деп атап,– «Дал ушул доордо кыргыздар жана алардын коңшулары өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн көтөрүлүш чыгарышкан жана хуннуларга баш ийбеген улуттук мамлекеттерин түзүшкөн. Кыргыз, динлин жана узце элдери түзгөн бул чакан мамлекеттерди байыркы кытай тарыхчысы Бань Гу «Үч падышачылык» деп мүнөздөгөн» деген пикирин айткан болсо, «Үч падышачылык» жөнүндөгү ушундай эле пикирди У.Чиналиев өзүнүн «Становление Кыргызской государственности в переходный период»[45] деген эмгегинде белгилеген. Кийинки доорлордогу кыргыздын күчтүү мамлекети жөнүндөгү тарыхый маалыматтарды академик Бартольддун эмгегинде «Улуу кыргыз дөөлөтү» деген ысым менен жолуктурабыз.[46] Акыркы пикирди колдоо менен Абрамзон бул учурду «Кыргыздын саясий кубаттуулугунун эң жогорку гүлдөшүнүн мезгили болгон» деген пикирин айткан. Алгачкы кыргыз мамлекети качан гана жаралбасын, биз үчүн маанилүүсү – «Манас» эпосунда мамлекеттик идеяларды чагылдырган окуялардын болушу жана аны башкаруунун айрым жол-жоболорунун ачыктан-ачык

---

[43]«Кутадгу билиг» дастаны // Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары. Түз. К. Артыкбаев. – Б.:1999, 19-21-б.

[44] Т.Чоротегин. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый башаттары //Кыргыз Туусу. № 86, 31-август, 1995.

[45] У. Чиналиев. Становление Кыргызской государственнности в переходный период. – Б.: 2000.

[46] В. В. Бартольд. Избранные турды по истории кыргызов и Киргизии. – Б.: Шам, 1996, – С. 279.

кызыктуу эпизоддор аркылуу угарман, окурмандарга тартуулануусу.

Бир элдин, улуттун өзүнчө мамлекет түзүүгө жетишүүсү, бул анын тарыхый өнүгүшүндөгү эң жогорку жетишкендик болуп саналат. Эгер кыргыздардын мамлекеттүүлүгү жөнүндөгү сөздүн учу тээ биздин заманга чейинки доордо жатса, анда кыргыздарга тарыхтагы ушундай өзгөчөлүгү менен сыймыктануу гана калат. Сыймыктануу менен бирге элибиз басып өткөн узун тарыхтын ачыла элек баракчарын ачып, изилдеп, тактап, далилдөө учурубуз жана келечектин маанилүү проблемаларынан экендигин унутпашыбыз керек.

«Мамлекет» бардык элдерге таандык болгон дүйнөлүк түшүнүк болуп саналат. Кайсы гана элдин тарыхына көз салбайлы, бардыгында мамлекет түшүнүгүн, мамлекет түйшүгүн чагылдырган тарыхый, саясий, маданий материалдар, жазмалар, эстеликтер табылат. Бардык элдердин рухий маданиятын чагылдырган элдик эпостор менен элдик түрдүү жанрдагы чыгармаларда мамлекет көйгөйү тигил же бул даражада козголот. Бирок бардык эле элдердин көркөм мурасы бул маселени «Манас» эпосу менен «Кутадгу билик» дастаны чагылдыргандай жеткиликтүү деңгээлде чагылдыра бербейт, өзгөчө «Манас» эпосунан мындай идеяларды издөө өтө кызыктуу жыйынтыктарга алып келери бизди кубандырат.

Ушул жерде кошумча айтып кетчү сөз «Манас» эпосу менен енисейлик түрктөрдүн жазуу эстеликтерин салыштырып изилдеген окумуштуу Мунduк Мамыров[47] «Заман Кыргызстан» гезитинде жарыялаган өз макаласында бизди кызыктырган маселелерге б. а. мамлекет, аны башкаруу, мамлекеттин саясий, экономикалык, маданий турмушуна байланыштуу алгылыктуу ойлорду айткан. Биз иликтөөгө алып жаткан «Манас» эпосу менен «Кутадгу билигден» башка енисей таш эстеликтеринде да кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнө байланыштуу көптөгөн кызыктуу маалыматтар катылып жаткандыгы жана аларды изилдөө өзүнчө бир аракеттерди талап кылары шексиз. Бул

[47] М. Мамыров. Заман Кыргызстан, 11-январь, 2002-жыл, 5-б.

макаланын автору С. Е. Маловдун «V кылымдагы енисейлик жазуу эстеликтеринин тили – байыркы кыргыздын тили» деген оюн келтирүү менен, «Манас» эпосу менен таш эстеликтеринин ортосундагы жалпылыктарды, үндөштүктөрдү табууга аракеттенет жана көрүстөнгө коюлган таш эстеликтерден байыркы кыргыз урууларынын коомдук-социалдык турмушу менен кеңири таанышып, буга байланыштуу түрдүү маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло ала турганыбызды белгилейт. Макаланы андан ары окуй турган болсок: «Таштагы жазууларда кыргыз уруулары эбак биригип, алар өзүнчө эл же мамлекет түрүндө айтылгандыгы дээрлик бардык эстеликтерде кезигет» деген пикирди жолуктурабыз. Бул пикирин окумуштуу тексттерден фактыларды келтирүү менен далилдегенге аракет кылат. Демек, «Манас» эпосунда чагылдырылган кыргыз мамлекетинин тээ байыртадан берки өзгөчөлүктөрү жана мааниси таш эстеликтеринде да чагылдырылып, ошондой эле «Кутадгу билиг» дастанында тереңдетилип, бизге дагы да жакын, дагы да түшүнүктүү тил менен берилиши кыргыз элинин байыркы, орто кылымдардагы маданиятын, саясатын, экономикасын, тарыхын ж.б. изилдөө, иликтөө үчүн жетиштүү материал бар экендигин окумуштуу, илимпоздорго дагы бир ирет эскертет. Бул мурастардын керектүү деңгээлде ар тараптан изилденилиши буларда катылып жаткан эч нерсеге алмашкыс, улуу чындыкты ачыкка чыгарышы мүмкүн.

Кайсы гана дүйнөлүк эпос, дастан же поэма болбосун, анын, эң эскилигине карап мифология, андан бери келгенде түрдүү диний түшүнүктөр менен эриш-аркак келип, адамзаттын тээ байыртадан берки ой жүгүртүүсүн, дүйнө түшүнүгүн, чындыкты кабылдоосун чагылдырарын биз билебиз. Дүйнө элдеринин улуу мурастары канчалык деңгээлде мифологиялык, диний түшүнүктөрдү камтыганын, аны менен бирге канчалык деңгээлде реалдуу турмушка жакындыгы бар экендигин иликтөө, изилдөө аркылуу ар бир эпостун эстетикалык, коомдук, тарыхый, саясий, социалдык ж.б. маанисин, ордун жана ролун аныктоого болот. «Адам коому», «уруу», «урук», «эл» түшүнүктөрү канчалык

байыркы болсо, ошончолук эле карылыкка ээ «мамлекет» түшүнүгүнүн чагылдырылышы да бардык эпостордо бирдей эмес. Бардык дүйнө элдери тарабынан таанылган, белгилүү чыгармалардын кээ биринде, бизди кызыктырган мамлекет, анын түзүлүшү, башкаруу структурасы, уюштурулуш жөндөрү жөнүндө азыраак сөз козголгон болсо, кээ биринде толугураак сүрөттөлүшкө ээ болуп, мамлекеттик түзүлүштүн башкы өзгөчөлүктөрүн камтыган көп түшүнүктөрдүн болгонуна күбө боло алабыз, ал эми кээ бир элдик мурастардын бул маселе боюнча эч кандай маалымат камтыбаганын да байкоого болот.

Мисалга алсак, орус элинин биз кичине кезибизден бери окуп, үйрөнүп келе жаткан былиналарында коом, мамлекет, мамлекетти башкаруу принциптери, бийлик жана аны башкаруучулар жөнүндөгү идеяларды бөлүп чыгарыш кыйыныраак. Булар жөнүндө маалымат берилбестен, элдин башына түшкөн кыйынчылыгы айтылып, аларды андан куткарган баатырдын аракеттери сүрөттөлөт. Былиналар боюнча:

« ... богатырь – единственный, кто может защитить в минуту опасности землю русскую, стольный Киев-град».[48] Карапайым элден чыккан эр кишилер гана элди, анын башында турган башкаруучуларды кыйын абалдан чыгара алат жана кара күндөн куткарат. Бийликте турган башкаруучулар алсыз, күчсүз аргасыз болуп сүрөттөлүп, баатыр кишилер куткаруучу, коргоочу катары каралат. Илья Муромец башта турган Добрыня Никитич, Алеша Попович ж.б. элге кызмат кылуусунун мамлекет менен байланышы жоктой. Мамлекет, ал мамлекеттеги эл, башкаруу структурасы кандай, бийликтин жүргүзүлүш өзгөчөлүктөрү жөнүндө эч нерсе айтылбайт.

Ал эми эски тарыхтагы окуялардын үзүндүлөрүн сүрөттөгөн байыркы грек элинин «Илиада» менен «Одиссеясынан» мамлекеттик түзүлүш, башкаруу системасы, ага байланыштуу принциптерди чагылдырган идеяларды

---

[48] Былины. Сост., вступ. ст. и вводн. тексты В. И. Калугина. – М: Правда, 1887. – С. 12.

бөлүп алуу, бул чыгармалар боюнча көп изилдөөлөрдүн болгонуна карабастан, кыйынчылык туудурат. Укмуштуу окуялар, сыйкырдуу күчтөргө байланыштуу эпизоддор менен коштолгон бул чыгармалардын мазмуну мамлекет жана аны башкаруу жөнүндөгү идеяларды «Манас» эпосу сыяктуу ар тараптан ачып бербегенине окуган ар бир адам күбө боло алат.

Индиялыктардын улуттук сыймыгы, элдик тарыхтын, маданияттын, философиянын ж.б. баа жеткис булагы болгон «Махабхаратадан» да коомдук түзүлүш, мамлекет, анын структурасы, башкаруу системасы тууралуу, «Манас» эпосундагы сыяктуу, кенен маалымат алуу мүмкүнчүлүгү аз. Эпос көптөгөн өз алдынча тексттерден туруп, тууганды бар башкаруучу эки уруунун ортосундагы бүтпөгөн согуш, уруш, талаштарды сүрөттөйт. Тексттердин көпчүлүгүндө башкы каармандар жөнүндө гана сөз козголуп, аларды курчаган башка дүйнө четте, унутта калгандай туюлат. III китептин эки поэмасы жөнүндө сөз козгогон Б. Л. Смирновдун «В обеих поэмах все внимание концентрируется на основных фигурах «героев». Все остальное – общество, природа – является только фоном, относительно мало разработанным.»[49] деген пикири булардан башка поэмаларга да таандык экенин белгилесек болот. Деталдуу түрдө, («Манастагы» сыяктуу анын куралы, кийими) ар бир нерсеге маани берип сүрөттөө да бул эпоско көп таандык боло бербегенин жогорудагы окумуштуу өзүнүн ушул эле эмгегинде белгилеген. «Манас» эпосунда болсо кичинекей колдонгон буюмдан тартып, маанилүү мамлекеттик түшүнүктөргө чейинки нерсе, окуяларды камтыган бай сүрөттөлүштөрдү көрсөк болот. Мамлекетти түзгөн эл, ал эл жашаган коом, турмуш, душман, дос, баатырлардын эрдиги ар түрдүү абалда деталдуу түрдө сүрөттөөгө алынат.

Эгер атагы ааламга белгилүү финдердин «Калеваласындагы» коом, мамлекет, мамлекеттик түзүлүш жөнүндөгү идеялардын чагылдырылышы тууралуу сөзүбүздү

---

[49] Б. Л. Смирнов. Махабхарата. Две поэмы из III книги. Изд. 3-е. А.: Ылым, 1986. – С. 13.

төмөнкү окумуштуунун пикири менен баштасак, биз, аны көп узартуу керек эместигине күбө болобуз деген окумуштуунун пикири боюнча бул эпостун тили «Язык «Калевалы» разумеется, еще не знает такого понятия, как «общество». Он не знает так же понятия «государство». О «племени» а также о «семье» в «Калевале» говорится весьма редко, но постоянно употребляется понятие «род».[50] Бул эпос келечек муундун жыргалчылыгы үчүн эмгектенген, башкы каарман акылдуу Вяйнямейнендин образы, сөздөрү аркылуу эмгек процессинин жүрүшүн, жай элдик турмушту, кийим-кечек, жашоого байланышкан предметтерди, жаратылыш кооздугун сүрөттөп берет. «Калеваланын» каармандары башкаруучу төбөлдөр эмес, элдин баары ишенич арткан акылдуу, айкөл болуп, эл-жерди ар дайым душмандан коргоочу эр жүрөк баатырлар да эмес, алар жөн гана элдин ичинде жашаган түрдүү кесиптеги адамдар. Эпосто байлардын же кедейлердин болгону жөнүндө да ачык пикир жок. Ал эми «Манас» эпосунда бизди кызыктырган бул маселелердин чагылышы алда канча терең жана өтө кенен экендигине кийинки эпостон келтирилген фактылар менен таанышканда дагы да ишеничибиздин артары анык деп ойлойбуз. Жогоруда дүйнөлүк эпостордо, дүйнө элдеринин мурастарында мамлекет, мамлекеттик структура, мамлекетти башкаруу принциби жөнүндөгү идеялар канчалык даражада, деңгээлде чагылдырылганына азыраак токтолуп өттүк. Бул элдик мурастарга салыштырмалуу «Манас» эпосундагы мамлекеттик түзүлүштүн, аны башкаруу системасынын сүрөттөлүшү толук кандуу, турмуштагыдай экендигин байкоого болот. Бирок ушул күнгө чейин түрдүү себептерге байланыштуу бабалардан калган улуу мурасыбыздын бул багытта изилдениши колго алынбай келгендигин мойнубузга алышыбыз керек. Бул окуя, албетте, бардыгыбызды өкүндүрөт. Келечекте көркөм сөз өнөрүнүн коомдогу чыныгы ордун аныктай билген чыгаан философ, политолог, социологдордун суурулуп чыгып, «Манас» эпосу боюнча, бул багытта дүйнө элдерин таң калтырган илимий

[50] Калевала. Изд-во «Карелия», Петрозаводск, 1970. – С. XVIII.

ачылыштарды баарыбызга тартуу кыларына терең ишенгибиз келет.

Коомдук, саясий системанын негизги институту болгон мамлекет[51] жөнүндөгү идеяны «Кутадгу билиг» дастанынан атайы изилдеп, далилдеп чыгарып отуруунун кереги жок деген ойдобуз. Анткени чыгарма Караханиддер мамлекети доорунда жазылып, ошол мезгилдеги Кашкар каны Богра ханга тартууланганы бизге белгилүү. Бул дастандагы «мамлекет» конститутциялык деңгээлдеги милдеттер менен укуктарды алып жүрөт. Дастанда адамдардын мыйзамдын чегинде жашоосу, аны бузбоосу жана бардык адамдар үчүн ал мыйзамдын адилеттүү болушу керектиги жөнүндө ойлор айтылып, мамлекеттик түзүлүш, башкаруу системасы, башкаруунун принциптеринин берилиши азыркы күндөгү «Конституциянын» айрым статьяларынан көркөмдүгү жана образдуулугу менен гана айырмаланбаса, маани-маңызы, максаты ошондой эле, бул маселе да өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Ал эми жаралыш тарыхы кылымдарды кучагына алып, XIX кылымдын экинчи жарымында гана кагаз бетине түшүрүлгөн «Манас» эпосундагы мамлекет жана анын белгилери жөнүндөгү ойлорду таап, анализдөө иши учурубуздун актуалдуу проблемаларынан деген ойдобуз.

Мамлекет – адамдардын, ар түрдүү топ жана таптарынын биргелешкен иштиктүүлүгүн жана мамилелерин уюштуруучу, багыт берүүчү жана контроль этүүчү коомдук саясий системанын негизги институту. Марксизм-ленинизм теоретиктеринин көз карашы боюнча, мамлекет коомдо карама-каршы таптардын пайда болушу менен пайда болот. Белгилүү коомдук жана саясий ишмер В.И.Ленин[52] өзүнүн чыгармалар жыйнагынын 33-томунда орун алган «Государсво и революция» деген эмгегинде: «Государство есть продукт и проявление непримиримости классовых противоречий. Государство возникает там, тогда и поскольку, где, когда и поскольку классовые противоречия

---

[51]Политология: Энциклопедический словарь / Общ. ред. и сост. Ю. И. Аверьянов. – М., 1993. – С. 65.

[52] В. И. Ленин. Соб.соч. – М.: Политиздат. 1977. – С. 7.

объективно не могут быть примирены, и наоборот: существующие государства доказывает, что классовые противоречия непримиримы» – деген пикирин айтып келип, буржуазиялык мамлекеттин чириген бийлик машинасынын ордун пролетардык мамлекет алмаштырарын белгилеген. Ушул эмгегинде, В.И. Ленин, «мамлекет реалдуу тарыхый көрүнүш» экенин белгилегендигин аныктаган башка бир окумуштуу мамлекеттин пайда болушу жөнүндөгү өз пикирин төмөнкүчө ортого салат: «Многочисленные факторы истории убедительно доказывают, что государство у различных народов мира на известной степени развития общества возникало как естественный и закономерный продукт их внутреннего развития. Оно может явиться и результатом борьбы народов против внешних сил, подавляющих их самостоятельность».[53] Жогоруда көрсөтүлгөндөй, Манас мамлекетинин түзүлүшүн да, кыргыз элинин тыш душмандарга каршы бир улуу күчтү түзүү максаты шартташы мүмкүн. Албетте бул мамлекетти түзүүдөгү бир гана себеп катары каралары маалым, анткени мамлекеттин пайда болушу үчүн мындан башка да көптөгөн шарттардын болуусу абзел. Мамлекеттик бийлик жөнүндө өз пикирин билдирүүдө белгилүү теоретик К.Маркс[54] мындай деп жазган: «существование государственной власти находит свое выражение именно в ее чиновниках, армии, администрации, судьях». Б.а. малекеттик бийлик бул мамлекеттин башындагы төбөлдөр, аскер жана мамлекеттик башкаруучу уюмдар демектир. Мамлекет элдин алдындагы милдеттерин (уюштуруу, багыт берүү, контроль этүү) ишке ашыруу үчүн башкаруучу күчтөрдү түзөт. Мына ушундай башкаруучу күчтөрдүн түзүлүш ишинин эпосто Манасты кан шайлоодон башталары бизге маалым. Манастын ак кийизге отургузулуп хан көтөрүлүшү, кырк жигит күтүү аземи – мамлекеттүүлүктүн белгилери менен толук айкалышат. Эпосто эл башчысын шайлоонун жүрүшү анын кандай адам болушу керектиги төмөндөгү саптардан даана байкалат.

---

[53] Л. Н. Лебединская. Сочинения. Из-е 2-е, – М., 1988, – С. 16.

[54] К. Маркс. Собр. соч. т. 6. – М.: Политиздат, 1957. – С. 287.

Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бул журт жөнүкпөйт.
Башчысы болбой жарыбайт,
Баш аламан жарыбайт,
Ханы болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт

– деп, Манастын атасы Жакып, өз сөзүн төмөнкүчө улайт:

Каары болбой хан болбойт,
Дене болбой жан болбойт.
Калкалайм десең жаныңды
Көтөрүңөр ханыңды.
Көпкө кабар салалык,
Кайраты бар бирөөңдү
Хан көтөрүп алалык,
Капыр келип кол салса
Каруу – жарак асынып,
Каршысына баралык.

(С. О., М. 1-к., 282-б.)

Эпосто Манас Алтайды мекендеген кыргыз эли тарабынан хан көтөрүлүп, элди башкаруу милдетин, эл жөнүндө камкордук көрүү ишин өз мойнуна алат. Эпос боюнча кыргыздардын Манас түзгөн мамлекети курулганга чейин эле, түпкү бабалары түзгөн өзүнчө мамлекети болгондугу бизге ал мамлекеттин калдыгы болгон Ала-Тоодогу кыргыз элин башкарып турган Кошойдун сөздөрүнөн белгилүү. Анын сөздөрүнөн мамлекеттин негизги белгилеринен болгон **жер (территория), калк, аскер** жөнүндөгү саптарды бөлүп кароого болот.

Жети өзөндөй кайран жер,
Эби менен жер кылдым.
Жети өзөндүн кыргызын,
Эптеп жүрүп эл кылдым.
Эрешен жыйдым, эр жыйдым
Эл уулунан эр сынап,
Эчен түрдүү шер жыйдым.

(С. К., М. 1-к., 115-б.)

– деп, Кошой мына ушул иштин баарын Манас балам жалгыз сен үчүн кылдым деп, эл, жердин мындан аркы тагдырын

алдуу, күчтүү, жаш башкаруучу Манаска тапшырууга даяр экендигин билгизет.

Улуттук тилдин болушу мамлекеттүүлүктүн бир белгиси экендиги баарыбызга маалым. Ар бир эл өз тилинин сакталышы үчүн тээ байыртадан бери эле күрөшүп келгендигинин эң сонун далили катары «Манас» эпосундагы төмөнкү саптарды кароого болот:

Жана тууса катыны
Калмакча атын койду дейт,
Кыргыздын атын жойду дейт.
Тууганды туура унутуп,
Баарысы калмак болду дейт.
(С. К., М.1-к., 108-б.)

Бул саптарда алыскы Ала-Тоодогу кыргыз тили менен катар кыргыз эли да жок болуу коркунучунда экендиги жөнүндөгү ой өтө таасир этерлик түрдө берилген. Ошондой эле, Манас Таласка келгенде ал жердин аты жөнүндө (мурун Талас эпостогу маалымат боюнча Көтөлөк деп аталган экен):

«Калмактын атын жоёлу,
Башка бир ат коёлу
Ортодо өзөн, кенен сай,
Ою-тоосу малга жай»

– деп элге кайрылганда,

Абасы Бакай кеп айтып:
«Талас болсун – деп, айтып,
Бул Таластын ээси
Манас болсун!» – деп, айтып.
(М., Б. В., 2-к., 200-б.)

Мына минтип жер-суунун аттары да өзгөртүлүп кыргызча коюлганы эпосто ачык айтылат. Тарыхтагы мындай окуялар кыргыздардын башынан көп эле жолу кайталанып өттү. Али дагы канча кайталанат, белгисиз... Кечээ жакында эле орусча коюлган жер-суунун аттары бүгүн эгемендүүлүккө жетишип, Кыргызстан өз алдынча мамлекет болгону өзгөрүп, өз эне тилибизде, түшүнүктүү сөздөр менен атала баштады. Ал эми дастанда эне тили жөнүндөгү саптар алгач китепти баракталанда эле алдыбызга чыкканына күбө болобуз.

73 арабча тежикче китаблар өкүш
бизиң тилимизче бу йумгы укуш
(Ж. Б., 10-б.)

73 Китеп көп арап, тажик тилдеринде,
Бул китеп эң биринчи биздин тилде.
(Т. К., 34-б.)

73 Китептер көп тажикче, арапча да,
Биздин тилде ушул бар жалгыз гана.
(З. М., 22-б.)

73 Китеп көп арап, тажик тилдеринде,
биздин тилибизде бардык тил байлыгын
топтогон жалгыз бул китеп.
(К. К., 22-б.)

74 билиглик билүр ол муның хурмети
укушлуг укар ол билиг кыймети
(Ж. Б., 10-б.)

74 Билимдүү бул китептин баркын билет,
Окуган акыл-оюн эске түйөт.
(Т. К., 34-б.)

74 Билимдүүлөр билишет сыйын мунун,
Акылдуулар билишет билим кунун.
(З. М., 22-б.)

74 Билимдүү бул китептин баркын билет;
билимдин баркын болсо, окуган билет.
(К. К.)

Жогоруда белгилүү болгондой, бул китеп түрк тилиндеги жалгыз китеп экендигин билүү менен, биз, бул китептин баркын билимдүү адам гана биле ала турганын аңдадык. Чыгарманын түрк тилинде экендиги талашсыз маселе, бирок орто кылымда түрк тилинде сүйлөгөн калктардын көп болушу окумуштуулардын алдына дагы бир маселени коюуда. Дастандын тили жөнүндөгү маселеге кайрылууда В. Радловдун пикирин эске албай коюу мүмкүн эмес. Илимпоз мурун айткан өз пикирин кийин жаңылыш экенин белгилеген. Дастан түрк тилинде сүйлөгөн кайсы элдин мурасы экендиги жөнүндөгү талаш маселе ачык бойдон калууда. Ушул маселе боюнча өз пикирин З. Эралиев «Жусуп Баласагын» аттуу китебинде айтып, дастан орто кылымдагы

кыргыз тилинде жазылган деген ойду далилдөөгө аракет жасаган. Бул жөнүндө жогоруда азыноолок сөз кылганбыз. Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны түрк элдерин бириктирген, орток мурас катары таанылуусу сөзсүз экендигин таануу менен, О. Караевдин, К. Артыкбаевдин, З. Эралиевдин, А. Абдыразаковдун бизди ынандыруучу «Кутадгу билиг» дастаны кыргыздардын энчисине таандык деген пикирлерине кошулбай коюуга бизде себеп жок.

Албетте дастандын тилин, жазуусун, жазылыш тарыхын изилдөө, аныктоо өзүнчө дагы көп эмгекти талап кылат. Жооптун көбүн тексттин өзү берери да айкын. Бул китептин баркын билимдүү гана адам билет:

15 ашыглык турур бу йок ол хич йасы
өкүш түрклер укмаз муның маниси
(Ж. Б., 4-б.)

15 Эң пайдалуу, эң керектүү, а бирок,
Көп түрктөргө түшүнүгү жогураак.
(Т. К., 31-б.)

15 Пайдасы бар мындан түк зыян келбес,
Көп түрктөр маанисин уга бербес.
(З. М., 19-б.)

15 бул пайдалуу жана эч зыяны жок китеп;
бирок көпчүлүк түрктөр мунун маанисин түшүнбөйт.
(К. К.)

16 китабдын ешитген билүр уш аны
окуган битиген укумаз муни
(Ж. Б., 4-б.)

16 Уккан жанга жетет мунун мааниси,
А жазуусун – окуй албайт көп киши.
(Т. К., 31-б.)

16 Түшүнгөндөр туюшар китеп жайын,
Сабаты эле чыккандар билбес баарын.
(З. М., 19-б.)

16 Ар бир окуган, жазган адам муну түшүнө бербейт;

муну китептин маанисин жете аңдагандар билет.

(К. К.)

20 китаб кадрини ме билиглиг билир
укушсуз кишидин адын не келир

(Ж. Б., 5-б.)

20 Бул китептин баркын билет окуган,
Билимсиздин эмне келет колунан!

(Т. К., 31-б.)

20 Билимдүүлөр билишет китеп баркын,
Акылсыздар күтпөсүн мунун нарпын.

(З. М., 19-б.)

20 Китептин кадырын бир гана билимдүү билет; билимсиз кишинин колунан эмне келет.

(К. К.)

– деген автордун, бул китеп өз тилинде жазылганын, аны билимдүүлөр гана окуп, калгандары тегиз түшүнө албаганына карата өкүнүчүн патриоттук сезимдердин чагылышы катары кароого болот. Ошондой эле маанилүү бир нерсе дастандын өзү бул китептин Буура-хан заманында, хан тилинде жазылган чыгарма экендигинен бизге кабар берет:

23 бу буура хан вакыты ичре аны
йиме хан тилинче бу аймыш муны

(Ж. Б., 6-б.)

23 Китеп сөзү – Бохрахан заң-зили,
Маңызы да , өзөгү да хан тили.

(Т. К., 31-б.)

23 Буграхандын кезинде жаздым муну,
Хан тилинде буруусуз бүттү ушу.

(З. М., 19-б.)

23 Бул китепти (Жусуп) Буура Хандын убагында жана хан тили менен айткан.

(К. К.)

Ал эми ошол учурда хан тилин (таза түрк тили), нагыз түрк тилин түзгөн тилдердин ичинде алгачкылардын бири катары кыргыз тилинин каралганы жөнүндөгү кабарды бизге

Жусуп Баласагындын замандашы, окумуштуу Махмуд Кашкаринин эмгегинде камтылган маалыматтар берет. «Андан соң кыркыз, кыфчак, огуз, йагма, чигил, ыграк, чаруктар. Алардын нукура түркчө жалгыз тили бар».[55] Бул илимий аныктама да Жусуп Баласагындын таза түрк тилиндеги чыгармасы ошол доордо кыргыздар сүйлөгөн тил экенине дагы бир далил боло алат. Бул маселеге ишибиздин кийинки бөлүмдөрүндө да кайрылмакчыбыз.

Мамлекет өлкө жана элинин алдындагы бир катар милдеттеринин болушу менен да мүнөздөлө турганы бизге маалым. Коомдук ички саясий, социалдык, экономикалык, маданий өнүгүүсүнүн туруктуулугун камсыз кылуу менен катар, мамлекет кошуна мамлекеттерге көз карандысыз абалда болуп, пайдалуу карым-катышты камсыздай алышы керек. Мамлекет башындагы адам мамлекет алдындагы мына ошол бардык максаттарды ишке ашырыш үчүн күч-аракетин жумшап, журт башчысы атына татыктуу адам болуш керек эле.

Кана чыгыңарчы ханыңар,
Чыгым тозор жаныңар,
Чыңданыңар баарыңар
Калп айтпаган чыныңар
Казатка чыгар тыңыңар
Кандыкка бириң чыгыңар!
Беттешкен жоого белдүүнөр,
Белдешкен жоого белдүүнөр,
Өткүр чечен тилдүүнөр,
Өкүмөт жолун билчүүнөр!
(С. О., М. 1-к., 283-б.)

Мына бийлик башына келүүчү адамдын сапаттары жогоруда саналып өттү. Ал **жоопкерчиликтүү, баатыр, тажрыйбалуу, акылдуу, адилеттүү, айкөл, сөзгө чечен, аскердик өнөргө шыктуу** адам болушу керек эле. Хандык такка отуруу, эл жүгүн көтөрүү кандай жоопкерчилик экенин эл жакшы түшүнгөндүгүн «Манас» эпосундагы:

Хан боломун калкка деп,

---

[55] Чороев Т. Махмуд ибн Хусеин ал Кашкари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы». – Ф.: 1990. 126-б.

Кандай да болсо чыдаймын.
Калк башкарган наркка деп,
Айтар адам жок болуп,
Акылдашып токтолуп
Кара журт карап калганы.
(С. О., М. 1-к., 284-б.)

деген саптар айгинелейт. Жогорудагы саптардын:

Кандай да болсо чыдаймын,
Калк башкарган наркка деп,

– деген эки сабынан мамлекетти башкарууда эл, калк менен эсептешүү, алардын мүдөөлөрүн орундатуу эң негизги экендигин же болбосо, азыркы тил менен айтканда, демократиянын принциптеринин чагылышын байкоого болот.

Бийлик башында туруу өтө оор, жоопкерчиликтүү иш экендиги жогорудагы эпостон келтирилген саптарга үндөш «Кутадгу билиг» дастанындагы :

2146 йана айды Өгдүлмиш илиг куты
бу ил ишлери терс улуг көр аты
(Ж. Б., 230-б.)

2146 Анан айтты Акдилмиш: Кутман Элик,
Бийлик жүгү өтө оор жана улук.
(Т. К., 190-б.)

2146 Айтты Өгдүлмүш: -Ай, Илигим – кутманым,
Эл иши терс, аты улуу, ук баарын.
(З. М., 141-б.)

2146 Өгдүлмиш кайталады: –Эй, мамлекет башчысы, мамлекет иштери абдан кыйын, бирок аты улук.
(К. К.)

2147 бедүк иш будун башламакы агыр
баш агрыг биле тутчы емгек тегир
(Ж. Б., 231-б.)

2147 Кол башкаруу – эң кыйын, улуу жумуш,
Чабуулга баштап кирип, жоону жыгыш.
(Т. К., 190-б.)

2147 Ыйык ишке калкты кыйын баштамак,
Түйшүгү көп, баш ооруну нак табат.
(З. М., 141-б.)

2147 Эл башы болуу улуу жана оор иш, ал дайыма башты оорутат жана түйшүккө салат. (К. К)

– деген Өгдүлмүштүн эликке айткан сөздөрүнөн белгилүү болот.

Ошондой эле, «Кутадгу билиг» дастанындагы өкүмдардын сапаттарына кайрылсак, жогоруда «Манас» эпосунда белгиленгендей адамдык сапаттар саналганына күбө болобуз.

405 бег ерди ажунда бүгү билге баш
бу беглик өзеле узун болды йаш.
(Ж. Б., 55-б.)

405 Бир бек болду дүйнөдө өзү баатыр,
Сөз – ишинен тамырдай тарады акыл.
(Т. К., 76-б.)

405 Бир бек өткөн ааламдан билгич даана,
Бул бектикте ал чыккан узун жашка.
(З. М., 49-б.)

405 Бул дүйнөдө бир бек бар эле, жөн-билгилүү; бектик кылганына көп убакыт болду.
(К. К.)

406 бу күн тогды ерди аты белгүлүг
ажунда чавыкмыш куты белгүлүг
(Ж. Б., ош.)

406 Ал Күнтууду – дүйнөгө атагы ашкан,
Бактылуу, бардык жакта даңкы дастан,
(Т. К., ош.)

406 Бул Күнтууду, дүйнөгө даңкы кеткен,
Бак-таалайга бөлөнүп кутка жеткен.
(З. М., ош.)

406 Бул Күнтогды болчу, аты белгилүү; даңкы дүйнөгө тараган, иши маалым.
(К. К.)

407 кылынчы көни ерди кылкы оңай
тили чын бүтүн хем көзи көңли бай
(Ж. Б., ош.)

407 Адилет, түз сүйлөгөн, сурай билип,
Калпы жок, сөзү, ою көктөй бийик.
(Т. К., ош.)

407 Туура мүнөз, кылыгы ууз-балдай,
Көзү өткүр, сөзү чын, көңүлү бай.
(З. М., ош.)

407 Мүнөзү дурус, кылыгы жакшы болчу; чындыкты айткан, көзү ток жана көңүлү бай. (К. К.)

408 билиглик бег ерди укушлуг одуг
исизке от ерди йагыка йодуг
(Ж. Б., ош.)

408 Ал болчу акыл – ойлуу ишке чапчаң,
Бузукка күйгөн жалын, каска – капкан,
(Т.К., ош.)

408 Ал болучу билгич, чечен, акыл тапкан,
Жаманга от, жоосуна апат чачкан.
(З. М., ош.)

408 Ал билимдүү, акылдуу жана зирек болгон; жамандыкка – от, душманга – коркунуч болгон.
(К. К.)

409 йана күр күвез ерди кылкы көни
күниңе көтүрди бу кылкы аны
(Ж. Б., ош.)

409 Тартынбай, ишти адилет чече билди,
Күн санап анын даңкы арта берди.
(Т. К., ош.)

409 Өжөр, өктөм эр эле кылганы түз,
Өөдөлөттү ушулары атагын бүт.
(З. М., ош.)

409 Ошол эле учурда өжөр, өктөм жана кылыгы дурус болчу, мындай кылыгы анын кадыр-баркын жогорулатты.
(К. К.)

410 бу йаңлыг бег ерди бу билги өзе
тирилди йорыды кылынчын түзе
(Ж. Б., ош.)

410 Эң жакшы сапаты эле ошол бектин,
Өз оюн багындыруу эркине иштин.
(Т. К., ош.)

410 Ал ушундай баркталган билим менен,
Ал жашаган бул асыл мүнөз менен.
(З. М., ош.)

410 Ал ушундай бек эле, билгичтик менен иш жүргүздү; дайыма ушундай болду жана ушундайча жашады.
(К. К.)

411 сиясет кылур ерди химмет биле
бу химмет йарашур мүрүввет биле
(Ж. Б., 55-б)

411 Бийликти саясатка байлап жүрдү,
Саясатты бийликке кынай билди.
(Т.К., 76-б.)

411 Жөндөм менен жүргүзгөн саясатты,
Саясатка шай келген парасаты.
(З. М., 49-б.)

411 Саясат жүргүзүүдө өз кызыкчылыгын ойлочу эмес; саясаттын адамгерчилик менен жанаша жүргөнү жакшы.
(К. К.)

Акылмандуулук, адилеттүүлүк, чынчылдык, чечкиндүүлүк, бийлик ишин кыраакылык менен жүргүзө билүү, элдин мүдөөсүн орундатуу өкүмдарлардан суралган алгачкы талаптар эле. Мына ушул элдик талаптарга Манас түзгөн мамлекет башында турган башкаруучу күчтөр жооп бере алдыбы же жокпу?

Душмандарга туруштук бере ала турган мамлекетти уюштуруу үчүн абдан күчтүү бийлик керек эле. Бийликтеги адамдардын ортосунда ынтымактуулук, бирин-бири түшүнүүчүлүк, колдоо болгондо гана бийликтин күчтүү болушу мүмкүн эле. Күчтүү бийликтин башкаруусу алдында, адилет башкаруучулардын акылы аркылуу эл душмандарга

каршы өздөрүнүн каарын, сүрүн көрсөтө алат эле. Эч бир душман күчтүү бийлиги бар мамлекетке кол салууга барбайт болчу, анткени күчтүү бийликтин аркасында, ага ишенген түмөн эл турарын алар эч убакта эстеринен чыгармак эмес. Бекеринен академик Б. Юнусалиев: «Манас» эпосу дегенде элдин көз алдында эл үчүн башын дайыма курмандыкка байлаган, баскынчы жоону жеңгич, кажыбас кайраттуу, туруктуу каармандардын элеси келет»[56] деп белгилебесе керек. Мына ушул каармандар Манас жана анын тегерегинде жүргөн ашкан баатырлар, акылман карыялар, асыл энелер менен эжелер. Мына ушундай адамдарды бийлик башына топтоп алууга Манас баатырдын күчү, акылы, жөндөмү жеткен.

Мамлекетти башкарууда башкаруучу адамдардын акылдуу болушу керектиги жөнүндөгү ой «Кутадгу билиг» дастанында адамдык башка сапаттарды саноодо дайыма биринчи тургандыгы тексттен белгилүү. Күнтууду элик:

420 муңадып айур бир күн олдруп өзи
бедүк иш бу беглик иши хем сөзи
(Ж. Б., 56-б.)

420 Түйшүктүн көптүгүнөн баш адашат,
Акылдуу адам керек жөндөөчү бат.
(Т. К., 77-б.)

420 Айтты бир күн олтуруп муңдуу өзү:
“Бийик жумуш – бектиктин иши, сөзү.
(З. М., 50-б.)

420 Бир күнү жалгыз отуруп, муңайым мындай деди: бул бектик иш жана буйрук берүү маселеси өтө чоң жумуш.
(К. К.)

421 баш агрыг көп ол көрсе иши өкүш
өкүш ишни сүзген укушлуг күсүш
(Ж. Б., 56-б.)

---

[56]Кириш сөз // Манас. Бириктирилген вар. 1-китеп, – Ф.: 1958. XXII б.

421 Мен үчүн иш башкаруу барат оорлоп,
Акылдуу адам болсо, көмөк болмок.
(Т. К., 77-б.)

421 Баш катырат, оорутат болгон иши,
Жөнгө салат тек гана билгир киши.
(З. М.,50-б.)

421 Карап көрсөң абдан кыйын жана көп түрдүү иши бар, бул иштин баарын жасай билген акылдуу адам – азиз болот. (К. К.)

– деп, өзүнө акыл-эстүү жардамчы керектигин билдирет. Албетте, акылмандуулукту баалаган акылман адам гана ушундай сөздөрдү айтат. «Акылмандуулук» дегенибиздин ичине чыгармаларда табигый акыл-эс менен бирге алган билим, үйрөнгөн өнөр, турмуштук тажрыйбанын натыйжасында топтолгон жөн-билги сыяктуу түшүнүктөр кирет. Акылдын, билимдин журт башкаруудагы ролу дастандагы төмөнкү саптарда дагы бир жолу баса белгиленет:

1989 кед өглүк керек бег оң арса ишин
билип башласа өтрү ишлер башын
(Ж. Б., 216-б.)

1989 Кыйындыктан чыгарган акыл иши,
Өкүмдарга эң керек билим күчү.
(Т. К., 180-б.)

1989 Иш тейлөөгө бекке өзүнчө эп керек,
Башы оң иштин аягы да төп келет.
(З. М., 134-б.)

1989 Ишти билип баштоо жана аны ийгилик менен бүтүрүү үчүн, башкаруучунун абдан акылдуу болушу керек.
(К. К.)

1991 бу өглүк кишилер оң арур ишиг
йырак тутгу иште бу өгсүз кишиг
(Ж. Б., 216-б.)

1990 Ишти аткаруу – энчиси акылдуунун,
Наадандарды жумуштан алыс куугун.
(Т. К., 180-б.)

1990 Акылмандар ишин оңойт дайыма,
Жолотпосо акылсызды жанына.
(З. М., 134-б.)

1990 Акылдуу адамдар ишти аягына чыгарат; акылсыз кишилерди иштен ыраак кармоо керек.
(К. К.)

Башкаруучу менен бирге анын жанындагылары да **акылдуу болушу керектиги жөнүндөгү идеяны** төмөнкү саптар тастыктайт:

5520 билиглиг укушлуг ер ерсе силиг
агырла тегүр нең узатгыл елиг
(Ж. Б., 548-б.)

5520 Билими, илими бар акылманды,
Жоомарт болуп сый тартып кадырлачы.
(Т. К., 412-б.)

5520 Акыл, билим, адалдыгы тең болсо,
Ал аскатат дүйнө берип колдосо.
(З. М., 317-б.)

5520 Билимдүү, акылдуу жана таза адам болсо, аны урматта, сыйла жана корго.
(К. К.)

5529 асыглыг кайу ол асыгсыз кайу
сен адра сече тут ай билге бүгү
(Ж. Б., 549-б)

5529 Кимден пайда, кимдердин жок пайдасы,
Айрый билген акылман адам кайсы?
(Т. К., 412-б.)

5529 Ким пайдалуу, ким зыяндуу экенин,
Ажыратып айра билгин, чеченин.
(З. М., 317-б.)

5529 Ким пайдалуу, ким пайдасыз экенин, сен туура танда, эй билимдүү башкаруучу.
(К. К.)

4141 өгелик тегир ерсе өгленгү ол
йаңылса беги бу айу бирсе йол
(Ж. Б., 417-б.)

4141 Кеңешчи болуп калсаң, эстүү болгун,
Жаңылса өкүмдарың – оңдой койгун.
(Т. К., 320-б.)

4141 Дайындаса кеңешке, кеңешчи бол,
Бек жаңылса оңдогун көрсөтүп жол.
(З. М., 241-б.)

4141 Тагдыр буйруп, эгер бири кеңешчи болуп калса, акыл менен иш кылышы жана беги жаңылып калган учурда ага туура жолду көрсөтүп турушу керек.
(К. К.)

Ал эми «Манас» эпосундагы акылы терең, ачуу кем, айткан сөзү журтуна эм – Манас, үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган – Кошой, караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан – Бакай, түркүн өнөрдүн ээси – Алмамбет, ашкан баатырлар – Чубак менен Сыргактын акылмандуулугу чыгармадагы түрдүү окуялардан, эпизоддордон белгилүү болот. Ошондой эле мамлекет башчысы үйлөнө турган аялдын өтө акылдуу болуусу маанилүү экендигин белгилеген эпизоддор да эпосто жок эмес. Мисалы өзүнө жар тандоодо Манас атасы Жакыптын «Анча – мынча ургаачы, купулуна толбосун» айтып келип, ал үйлөнө турган кыз:

Акыл менен эр баккан,
Айла менен эл баккан,
Баркын билип мал баккан,
Жалбарып акка жан баккан,
Ойротто жок уз болсун!
(С.О., М. 2-к., 348-б.)

– деп, акылдуу, такыбаа (Жалбарып акка жан баккан) болушу маанилүү экендигин билгизет. Жакып бай Каныкейди сынап, анын акылдуу экендигин төмөндөгүдөй саптарда билгизет:

Жетишпедим дегенде
Жеңин кесип бергендей
Берендик жайы бар экен,
Жеткире акыл ойлогон
Тереңдик жайы бар экен.
(С.О., М. 2-к., 355-б.)

Ушундай эле идея «Кутадгу билиг» дастанында такыбаа кызга үйлөнсөң, телегейиң тегиз болуп, бактылуу өмүр сүрөсүң деген төмөнкү саптарда чагылдырылган:

4497 ай йинчке сакынук тилегли инал
муны булса булдуң бу төрт нең түкел
(Ж. Б., 451-б.)

4497 Акылдуу кыз тапсаң карап турба,
Дароо үйлөн бактылуу болуп жырга.
(Т. К., 344-б.)

4497 Ай, таквадар, аялды издеп жүргөн,
Аны тапсаң төрт сыпат болот түгөл.
(З. М., 264-б.)

Дастан боюнча бактылуу болуунун башкы сыры такыбаа аялга үйлөнүүдө жатат. Такыбаа – өзүн-өзү диндик тартипте бекем кармап, шарият жолу менен так жүргөн[57] адам.

«Манас» эпосундагы баш каарман Манастын акылмандуулугунун далили болчу мисалдарды келтире берсек өтө эле көп. Эки чыгармадагы башка да идеяларды анализдөөдө башкаруучулардын акылмандуулугун чагылдырган көптөгөн саптарга күбө боло турганыбыз талашсыз.

Манас эс тартып, чоңойгондо бабалары тууралуу атасынан сураганда төмөнкүдөй жооп алат:

Оо балам, уругуң кыргыз – түрк деп,
Өкүмөт кылган бабабыз
Кытайдын журтун сүрүп деп,
Айрылганбыз эл – журттан,
Ар кайсыбыз ар жерде
Аким болуп жүрүп деп.
Балам чачылган сенин тууганың,
Менин чамам кетип турганым.
(С. О., М.1-к., 135-137-б.)

Мына ушул сөздөр Манастын өз эл-журтунун тагдыры тууралуу ойлоосуна түрткү берип, анын андан аркы аракеттерине таасирин тийгизген.

Манас хан болуу менен:

---

[57]Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф.: Мектеп, 1969. 569-б.

Кан болгон соң Манасың
Карап жатчу жан бекен.
(С. О., М. 1-к., 248-б.)

– деп, өз милдетин аткарууга киришет. Ал адилеттүүлүк менен өмүрүнүн акыр-аягына чейин өз элинин эркиндиги жана бактылуу турмушу үчүн күрөшөт.

Мамлекетти уюштуруу, башкаруудагы эске алынчу негизги принциптердин бири **бийликтин адилеттүү** болушу. Бийлик адилеттүү болуш үчүн сөзсүз түрдө бийлик башындагы кишилердин адилеттүү болушу керек эле. Бул идея «Кутадгу билиг» дастанында кандайча баса белгиленсе, «Манас» эпосунда да ошондой эле күч менен берилген. Манас адилеттүү болгондугу үчүн дайыма эл менен, эл башы болгон аксакалдар менен кеңешип иш кылат. Ал адилеттүү башкаруучу болгондугу үчүн ар дайым ар бир чоросуна эрдигине, акылына, жөндөмүнө жараша жүк артат. Ал адилеттүү болгондугу үчүн Кошой, Бакай, Алмамбет сыяктуу ары баатыр, ары акылман, ары адилеттүү адамдар анын кызматына даяр турушат. Манас журт башы – хан болуу менен бирге, жалпы кыргыз элинин кол башчысы – аскер башчысы экени да эпостон белгилүү. Аскердик иштерди жүргүзүү да чоң акылды, жөн-билгини талап кылган. Кыргыз эли байыртадан бери эле өз мамлекеттүүлүгүн сактоо жана чыңдоо үчүн дайыма күрөшүп келгендигин тарыхый даректер күбөлөндүрөт. Уруу, уруктардын ортосундагы бүтпөгөн согуш жүрүп турганда, башка элдер тарабынан да баскынчылардын улам келип элди жүдөткөн маалында бир мамлекетти аскерсиз элестетүү кыйын эле. Аскердин, куралдуу күчтөрдүн болушу бул өзгөчө ошол көз карандысыздык үчүн күрөштүн күчөп турган кезинде сөзсүз эле. Деги эле кайсы эл, мамлекет болбосун өзүнүн коопсуздугу, бейкуттугу үчүн аскер түзгөн жана ал аскер душманга каршы туруп, ошол элдин, улуттун, мамлекеттин кызыкчылыгын жактаган.

«Манас» эпосунда да Манас күчтүү аскер түзүп, душманды талкалап, эркиндикте жашоону максат кылат. Ал адилеттүүлүк менен Алтайдан Анжиянга көчөлү деп элине кеп курат.

Алтайда кантип туралык,
Арбын аскер куралык,
Атышкандан баш тартпай
Ата жолун кубалык.
Кырылышып жеңбесек,
Кытай берер тоюңду.
Барган адам өлөт деп,
Бас ойлобо оюңду.

(С. О., М. 2-к., 23-б.)

– деп, Манас өз адамдарына адилет башчы гана болбостон, ар дайым аларга демөөрчү да болгон. Ал «өзүңдү күчсүз ойлобо» деген принцип менен аскерлерин алып жүрүп отурган. Мамлекет башындагы адам эл-жерин сүйүп, урматтап, ага кызмат кылууга даяр экенин дайыма сөзү менен да, маанилүүсү, иши менен да далилдеп, башкаларга үлгү боло алганда, башка эр азаматтар да аны ээрчип, өз мекени, мамлекети үчүн ак кызмат өтөөгө даяр турат.

Өлбөй тирүү жүргөндө,
Не муратка жетейин,
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн,
Курман болуп кетейин.
Зордукчу кара кытайга
Согушту мыктап саламын.
Телпейген кара калмактан
Быйыл теңдигим алып кетемин.
Кокуй, аба, кейибе,
Найзалашып топ бузам,
Тагдыр жетсе окко учам.

(С. К., М.1-к., 88-б.)

– деп, өз журту үчүн күйүп турган башчыны көргөн башка эр азаматтар, сөзсүз, мекени үчүн, кан-төрөсү үчүн жанын берүүгө даяр болушат эле. Ошондуктан «Кутадгу билиг» дастанында хан аскер башын шайлоодо адамдардын ашкан баатырдык, тайманбастык, эр жүрөктүк сапаттарын биринчи кезекке коюш керектигин айткан. Мекен, эл дегенде, Манас, Кошой, Бакай сыяктуу өлүмгө тике карагандарды бул кызматка тандоо керек эле. Өтмө мааниде бул идеяны дастан мындайча чагылдырган:

2047 көр арслан болу бирсе ытка башы
бу ыт барча арслан болур өз тушы
(Ж. Б., 221-б.)

2047 Иттерге башчы болсо баатыр арстан,
Иттер да арстан болот андан ашкан.
(Т. К., 186-б.)

2047 Шер-арстан башчы болсо иттерге,
Арстандай сүр көрсөтөт иттер да.
(З. М., 136-б.)

2048 калы болса арсланка ыт башчысы
ол арслан болур барча ыт сакышы
(Ж. Б., 222-б.)

2048 Арстандарга ит башчы болор замат,
Арстандар итке айланат арсылдашкан!
(Т.К., 186-б.)

2048 Эгер арстан иттер көзүн караса,
Куйрук кыпчыйт алар да итке жараша.
(З. М., 136-б.)

Жогорудагы саптардан көрүнүп тургандай Манас эзилген элинин тагдырын ойлоп душманга каршы тап көрсөтпөгөндө, анын жоокерлери андай нерсени ойлоп да коюшпайт эле. Аскер башы, кол башы, эр жүрөк баатыр адамдардын образын берүүдө кыргыздар, дегеле түрк элдери, жапайы жаныбарларга салыштыруу ыкмасын көп пайдаланган. Арстан, жолборс, карышкыр кара күчтүн символу катары каралып, ал эми кебелбес, тоготпостуктун символу катары аюу, ажыдаар, пил ж.б. алынат. Бул учурда автор ит менен арстанды салыштырууга алат. Ит арстанга салыштырмалуу күчсүз, алсыз, коркок бир жаныбар. Эгер кол башчы арстанга окшош болсо, кол алдындагы иттердин баары арстанга окшош болорун айтуу менен, тескерисинче, өзү арстандай, бирок ит мүнөз коркок бири колго башчылык кылса, бардык арстандар ит сыяктуу үрүп каларын белгилөөдө. Муну менен автор сырткы келбет, көрүнүш менен ички мүнөз, характердин дал келбөөсүнөн келип чыкчу маселени да козгоп олтурат б. а. арстандын арстандай айбаттуу да, кайраттуу да, күчтүү да болуусу керек. Башкаруучунун тайманбастыгы, душманга карата чечкиндүү

түрдө айыгышкан күрөш жүргүзүүсү башка чоролорду да күрөшкө шыктандырып, эрдик жасоого жол көрсөткөн, үлгү болгон.

Айкөл Манастын жан досу болуп, ага кызматка өткөн Кытайдан келген Алмамбет сыяктуу атагы ааламга тараган журт башчысы, жеткен адилет Күнтуудуга кызматка өткөн Айтолдунун образындагы үндөштүктү, окшоштукту байкабай коюу мүмкүн эмес.

466 өзүңе бакып айды мен ме бу күн
түмен ердемим бирле илде бурун
(Ж. Б., 61-б.)

466 Ал өзүнчө күңгүрөндү, айтып чын:
Өнөрүм көп, бирок элден алысмын!
(Т. К., 80-б.)

466 Ал өзүнчө: -Бүгүн мен, -деп салып кебин
Ар өнөрдүн алдымын го баары элдин.
(З. М., 52-б.)

467 негүке йорыр мен бу йерде куруг
илигке барайын кылайын тапуг
(Ж. Б., 61-б.)

467 Неге минтип бул жерде ишсиз жүрөм,
Өзүм барып эликке ишке кирем.
(Т. К.,80-б.)

467 Неге мында куру бекер жүрөйүн?
Иликти издеп барып кызмат кылайын.
(З. М., 52-б.)

– деп, акылман Айтолду Күнтуудуну издеп келип, ага жана элге ак кызмат өтөйт. Керектүү кеңешин эликке өз учурунда берет. Күнтуудунун акылмандуулугу, адилеттүүлүгү, ак кызматы менен элге жагуусу Айтолдунун ага кызматка өтүүсүн шарттаган. Ошондой эле «Манас» эпосундагы Алмамбеттин Манаска кызматка өтүшүн П.Н. Берков төмөндөгүдөй түшүндүргөн: «Иными словами, душевные качества Манаса, представляющего воплощение лучших

свойств его народа, были причиной перехода к нему Алмамбета».[58]

Сарала атын камчылап, сары өңдүү тон кийип, хан-досу Манастын кызматында жүргөн кытай ханзаадасы, Манастын эң жакын чоросу Алмамбет өз мекенин сагынып саргайып кээде эскерет. Ошондой эле бөтөн жерде Алмамбет сыяктуу урмат-сыйга ээ болгон Айтолду жөнүндөгү дастанда айтылган төмөнкү саптар өтө таасирдүү.

498 бу ай толды анча йорыды бу йаң
гариблык сакынчы сарыг кылды ең
(Ж. Б., 64-б.)

498 Айтолдунун бөтөн жерди басканы,
Кыйналуудан өңү тартты керсары.
(Т. К., 82-б.)

498 Турду ушундай канча мезгил Айтолду,
Жалгызсырап өң саргарып сөз болду.
(З. М., 53-б.)

499 билишти йиме ол кишилер биле
отаг тутты өзке йаруды күле
(Ж. Б., ош.)

499 Элдер менен тил табышып достошту
Түндүк тапты жашоосу элге окшошту.
(Т. К., ош.)

499 Бара-бара тааныш болду кишилер,
Отоо кармап өз-өзүнөн күлдү эр.
(З. М., ош.)

500 йиме тутты иш туш йакын калды өз
улугка кичигке ачук тутты йүз
(Ж. Б., ош.)

500 Дос, тааныштыжакындатып көбөйттү,
Кары-жашка бирдей болду, сөзү өттү!
(Т.К., ош.)

500 Жакындатып туш-туштан досту арбытты,
Ачып чырай баарыга нур балкытты.
(З. М., ош.)

---

[58] П. Н. Берков. Идея Родины в «Манасе» // «Манас» героический эпос киргизского народа. – Ф.:Илим. 1968. – С. 201.

Канчалык кадыр-барктуу болуп башка журтка кызмат кылсаң да мекен деген мекен экен, аны сагынбоо, эстебей коюу адам эркинде болбогону бул эки образдан ачык байкалууда.

Мамлекетти башкаруу ишинде өтө кыраакы, иш билги болуп, эл ичиндеги болуп жаткан окуялардан кабардар болуп, туура маалымат алып турбаса мамлекет башчысы, кан, бек да жаңылыштык кетирери шексиз. «Манас» эпосундагы Алмамбет менен Көкчөнүн ортосундагы окуяга кайрылсак, тегерегиндеги бузуку, арам адамдардын айткан ушагына ишенип, ошолордун сөзүнө кирген Көкчө ак дилден кызмат өтөп жүргөн Алмамбетти журтунан кууп жиберет. Бул окуяга туура келчү «Кутадгу билиг» дастанынан төмөнкүдөй саптарды учуратууга болот:

5859 билир сен кими тутса беглер йакын
киши барча соңдар аның бар йокын
(Ж. Б., 581-б.)

5859 Билесиң го, бек тутса кимди жакын,
Ушак кылып эл айтар анын атын.
(Т. К., 433-б.)

5859 Бектер кимди жакын көрсө, билесиз,
Ушак-айың каптайт аны жүйөсүз.
(З. М., 334-б.)

5865 көңүл бег турур бу ет өз кул есир
ара сөзке тумлыр арала исир
(Ж.Б., 581-б.)

5865 Бек канчалык акылдуу болсо дагы,
Ушак укса залалы басат аны.
(Т.К., 434-б.)

5865 Көңүлүң – бий, денең ага туткун кул,
Көңүл сөздөн ысыйт, муздайт, муну бил.
(З. М.,334-б.)

5878 бу йалган киши бирле артар ажун
көни чын киши тут ай елги узун
(Ж. Б., 582-б.)

5878 Калпычылар дүйнөнү бузуп тынат,
Өкүмдар, чынчылдарды тап, жакындат!
(Т.К., 435-б)

5878 Жалган менен бузулат дүйнө иши,
Колу жетик, кармангын жакшы киши.
(З. М., 334-б.)

Бул саптарда, автор, ушактын эл башкарууда өтө зыян экенин белгилеп, башкаруучуга «ушакчылардан өзүңдү алыс тут» деген кеңешин Өгдүлмүш аркылуу айтат.

Мамлекет башчысы өз элинин алдында жооптуу экендиги жөнүндөгү идея эки чыгармада тең ачык, даана чагылдырылган. Манас мамлекет башчысы катары элинин, аскеринин алдындагы жоопкерчиликти дайыма сезген жана жоокерлерине кам көрүү менен өкүмдарлык ишин жүргүзгөн. Узун сапар жоого каршы жолдо бара жатып Манас ар бир шарты келе калганда кол эсебин алып турган.

Аны айтып акырын,
Аскердин четин жапырып,
Арстан Манас токтотту
Ата уулунун баарысын
Айдап кел деп жоктотту.
Ойдон-тоодон жыйнады,
Сенин канчаң кайда кетти деп,
Башчыларын кыйнады.
(С. О., М. 2-к., 44-б.)

Бул идея «Кутадгу билиг» дастанында:

5163 өзүң йүдти мунча будун йүклери
одуг тур усал болма сакну йоры
(Ж. Б., 115-б.)

5163 Жонуңа өз элиңдин жүгүн арткын,
Сак жана ойлуу болуп, алга баскын.
(Т. К., 419-б.)

5163 Толгон токой мойнуңда элдин жүгү,
Сергек болгун аңкоолук кылбай түбү.
(З. М., 301-б.)

5164 калын ач бөрилер йыгылды саңа
Койуг кед күдезгил ай илчи тоңа
(Ж. Б., ош.)

5164 Сени көздөй бой урат ач бөрүлөр,
Өкүмдар, койлоруңа сак боло көр!
(Т. К., ош.)

5164 Ач бөрүлөр аңдып турат жабылып,
Элдин залы, койду күзөт камынып.
(З. М., ош.)

5165 илиңде бирегү киче калса ач
аны синдин айтур байат көзни ач
(Ж. Б., ош.)

5165 Эл ичинен ач калса бири гана,
Көзүң ач жоопкерсиң өзүң ага!
(К. Б., ош.)

5165 Түндө калса бу элиңден бирөө ач,
Бир кудайым сурайт сенден көзүңдү ач!
(З. М., ош.)

– деген саптар менен берилет. Журт башы болгон атуул азыркы Конституцияда белгиленгендей өлкөнүн ар бир адамынын укуктарын коргоп, мыйзамдын бузулуусуна жол бербөөгө милдеттүү экендиги жөнүндөгү идея байыркы бабалардан калган дастандарда мындан канча бир миң жылдар мурун айтылган.

Мамлекет башкаруу бардык эле адамдардын колунан келе бербейт. Күчтүү, бекем мамлекетти бири үчүн башкасы жанын берүүгө даяр турган адамдардын башын бириктирген туруктуу бийлик түзгөн. Эл-жер, Ата мекен, мамлекетке кызмат өтөө идеясы «Манаста» өзгөчө күчтүү берилген. Журт башчысы – ханга карата болгон ишенич, ага тирөөч болгон эл, **эл ичинен чыккан акылмандар өкүмдардын баркына барк кошуп, дайыма дем берип турчу күч экендиги жөнүндөгү идея** эпосто «Кутадгу билиг» дастанына үндөш төмөнкүдөй саптарда чагылдырылат. С.Каралаевдин варианты боюнча Акбалта:

Жараткандын чийгенин,
Тобого келсе көрөлүк,
Жалгыз Манас уул үчүн
Калың какан кытайга
Курман болуп өлөлүк.
(С. К., М. 1-к., 72-б.)

деген сөздөрү менен Манасты медер тутуп, Алтайдан Ала-Тоого көчөлүк деген оюн билдирсе, баатыр Кошой журт башчысы Манаска жан дили менен берилгендигин:

Жарылган бир ууч эл үчүн,
Зарып кылам малымды.
Таалайым Манас эр үчүн
Курман кылам жанымды!
(С. К., М.1-к., 148-б.)

деген сөздөрү менен билдирет. Ал эми кытай элинен качып келип, адилет, айкөл Манастын кызматына өткөн Алмамбет өмүрүнүн акыр-аягына чейин өкүмдардын ак кызматында болот. Эми ушул идеялардын «Кутадгу билиг» дастанында чагылдырылышына кайрылалы.

6267 илиг кед йашасу кутадсу кутун
йулуг болсу жаным теним өз бүтүн
(Ж. Б., 620-б.)

6267 Жыргалы үчүн дайыма өкүмдардын,
Дене жанды берүүгө мен даярмын!
(Т. К., 460-б.)

6267 Кут даарыган кутман Илик жашаса,
Кылам ага жан-теңимди садага.
(З. М., 355-б.)

– деп, Өгдүлмүш өкүмдар үчүн өмүрүн аябастыгын билдирсе, эл ичинен чыккан акылмандарды өзүнө жакындатып, журт кызматына даярдоо өкүмдар үчүн милдет экенин төмөнкү саптар айгинелейт:

5229 укушлуг ким ерсе аны тут йакын
билиглик сөзин тут күдезгил хакын
(Ж. Б., 521-б.)

5229 Билимдүүнү өзүңө жакындаткын,
Акылын ук, бек туткун сөзүн анын.
(Т. К., 394)

5229 Ким акылдуу болсо ага жакын бол,
Билимдүүнүн айтканына көңүл бөл.
(З. М., 304-б.)

5230 бүтүн чын көни едгү атлыг кишиг
өзүңке йакын тут аңар бир ишиг
(Ж. Б., ош.)

5230 Адилеттүү адамды, атагы алтын,
Чакырып өз жаныңа ишке салгын.
(Т. К., ош.)

5230 Ишенимдүү, калыс, жакшы кишиге,
Жакын болуп, ээ кылгының ишиңе.
(З. М., ош.)

Дастандагы төмөнкү саптар дагы да **акылмандуулукту, баатырдыкты** баалоо керектигин даңазалайт.

5910 агыр тут ай илиг бу үч түрлүгүг
айайын саңа мен маңа тут өгүг
(Ж. Б., 585-б.)

5910 Кадырлай жүр адамдын үч түрлүүсүн,
Мен айтайын баамдап, баала өзүң.
(Т. К., 437-б.)

5910 Урматта, Илик, бул үч түрдүү адамды,
Мен айтайын абдан дитте аларды:
(З. М., 336-б.)

5911 бири алп атым курч йүреклиг ерен
кылыч бирле илке тусулур түмен
(Ж. Б., ош.)

5911 Бири баатыр, мүнөзү келет чапчаң,
Кылыч менен элине пайда тапкан.
(Т. К., ош.)

5911 Бири, баатыр курч жүрөктүү алп эрен,
Кылыч менен элге пайда алып берген.
(З. М., 336-б.)

5912 икинчи бүгү билге илчи киши
Киңешке тусулур итер ил иши
(Ж. Б., 586-б.)

5912 Экинчиси – кеңешер акылмандар,
Сөзүн угуп керектүү таалимин ал.
(Т. К., 437-б.)

5912 Экинчиси билеселүү элчи киши,
Элди түзөп, кеңеште нарпытуу иши.
(З.М., 336-б.)

«Кутадгу билиг» дастанындагы баш каармандардын бири болгон Өгдүлмүштүн Эликке аскер башы кандай болушу керектигин айтканын анализдөө менен, биз, дастанда айтылган, сүрөттөлгөн аскер башы эпостогу Манас, Кошой, Бакай, Алмамбет сыяктуу баатырлардын образдарынын өзү экендигине күбө болобуз.

2270 сизиксиз керек бегке сү башчысы
йарашмаз йагыдын көтүрсе усы
(Ж. Б., 242-б.)

2270 Бекке керек кол башчы жолборс жүрөк,
Тургандай тынчы кетип жоо титиреп.
(Т. К., 197-б.)

2270 Сөзсүз керек бекке кошуун башчысы,
Жоону уктатып, анын ыгын тапчусуу.
(З. М., 148-б.)

2271 бу ишке иди курч катыг эр керек
башында кечүрмиш түкел тоң йүрек
(Ж. Б., ош.)

2271 Бул ишке адам керек күчтүү, алдуу,
Башынан көп өткөргөн чабыштарды.
(Т. К., ош.)

2271 Буган эң курч тайманбаган эр керек.
Көп жашаган көптү көргөн тоң жүрөк.
(З. М., ош.)

2274 акы алп атым болса алчак көңүл
тузы етмеки киң не кылкы амул
(Ж. Б., ош.)

2274 Ал болсун өтө сак да, көрөгөч да,
Аскерлери кар болбойт баратканда.
(Т. К., ош.)

2274 Ал муңайым болсун баатыр жана март,
Кең дасторкон, оор мүнөз өтө сак.
(З. М., ош.)

2280 йитүрсе ичүрсе кедүрсе кедим
ат үстем кыз оглан бу бирсе телим
(Ж. Б., 242-б.)

2280 Март болсун кийиндирип ичиндирип,
Аттарды алган кулду бүтүн берип.
(Т. К., ош.)

2280 Жеп-ичирсе, кийимдин кылып камын,
Курал, ат-тон, кыз-уландын берип барын,
(З. М., ош.)

2281 аңар тирлүр өтрү көр ерсиг ерен
севүг жан йулуглап йатур таг кайан

(Ж. Б., 243-б.)

2281 Ошондо ал чогултат көп эрлерди,
Ан үчүн башын саят жоокерлери!
(Т. К., 198-б.)

2281 Мына ошондо баатыр ага жыйылат,
Жанын арнап, кыйыр кезип, тоо ашат.
(З. М., 148-б.)

Ал эми аскер башынын негизги сапаттары деп автор төмөндөгүлөрдү эсептейт:

2324 сөзи чын керек болса кавли бүтүн
улуг болса йалган инанмаз будун
(Ж. Б., 247-б.)

2324 Биринчи адилеттүү болгун акыр,
Калпычыга ишенбейт элиң такыр.
(Т. К., 200-б.)

2324 Сөзү чын, өкүмү төп болсун анын,
Эл ишенбейт калпычы болсо ханың.
(З. М., 150-б.)

2325 икинчи акылык керек бирсе нең
саранка йумытмаз киши алгу йаң
(Ж. Б., 201-б.)

2325 Экинчи жоомарт болуп олжо тарат,
Шарт ошол ач көз башчы колсуз калат.
(Т. К., ош.)

2325 Экинчи марттык керек мал аябас,
Сараңга алармандар түк карабас.
(З. М., ош.)

2326 үчүнчи йүреклиг керек көгси күр
йүрексиз йагы көрсе иглеп йатур
(Ж. Б., ош.)

2326 Үчүнчү – баатыр болгун жолборс сымак,
Жүрөксүз жоону көрсө коркуп турат,
(Т.К., ош.)

2326 Үчүнчү, кайтпас болсун баатыр катал,
Коркоктор душман көрсө ооруп жатар.
(З. М., ош.)

2327 бу төртүнч керек алчы хиле билир
бу хиле билир ерке арслан улыр
(Ж. Б., 247-б.)

2327 Төртүнчүдөн билүү керек айла-амал,
Айла менен кишилер арстан алар.
(Т. К., 201-б.)

2327 Төртүнчү айла-амалдуу болсун абдан,
Амалдуу арстанды да торго салган.
(З. М., 150-б.)

Жусуп Баласагын өз чыгармасында аскербашынын сапаттарын саноодо бекеринен **биринчи кезекте адилеттүүлүктү атаган эмес**. **Адилеттүүлүк, чындык, калыстык** өкүм сүрбөгөн жерде аскер ишинин жүрүшү өтө начар болот. Жоокерлер адилетсиз чечимдердин кабыл алынышына нааразы болуп өз өкүмдарларына каршы чыгышы мүмкүн, ал эми аскер чоң күч экендиги баарыбызга маалым. Эпостогу төмөнкү саптар Манастын согуш учурунда аскерин башкарууда көрсөткөн адилеттүүлүгүнүн бирден бир күбөсү боло алат.

Кылыч чаппай, ок атпай,
Кыйынсынып жаа тартпай,
Алдырып салган ким дейсиң,
Албаңар жырык ийнесин,
Не кыласың калмактын
Эзелден жыйган дүйнөсүн.
.....
Байынан союш алсаң да
Коңшусун коюп салыңар.
(С. О., М. 2-к., 44-б.)

Манастын максаты талап-тоноо, байып кетүү, элди эзүү, өз үстөмдүгүн орнотуу эмес, ал өз элинин жерин душмандардан бошотуп, элинин эркиндикте жашоосун камсыздап, өз мамлекетин чыңдоону ойлогон. Анын адилеттүүлүгүнүн дагы бир чагылышы катары чаап алган жерлерине, ал өзүнө кызмат өтөй турган ошол элдин ичинен калк каалаган бирин хан, бек кылып көтөрүп, андан ары жылып отурган. Биздин күндүн тили менен айтканда, **бийлик жергиликтүү башкаруу органдарына өткөрүлүп**

берилген. Манастын адилеттүү хан жана аскербашы болгондугуна эпостогу көптөгөн окуялар менен эпизоддор күбө болот. Ал Ала-Тоо, Анжиянга сапарга чыгарда адилеттүүлүк менен элге кеңеш салып, өз журтуна төмөнкүдөй сөздөр менен кайрылат:

Көрбөгөн жерге баргын деп,
Зордобосмун силерди,
Алтайда ата – жериңер,
Анжиянга барууга
Бизге уруксат бериңер,
Калганыңар калыңар,
Каалаганың барыңар,
Эл башчысынын кыраакылык, акылмандыгы:
Калганым калса Алтайда,
Кармашар болсо кытайга
Калкыма кийин чоң пайда.
(С. О., М. 4-к., 152-б.)

– деген саптарда чагылдырылат. Эл башкарган киши элинин келечегин дайыма ойлош керек. Мамлекет башкарууда чечим кабыл алардан мурун эл менен кеңешип, эл ичиндеги аксакалдардын пикирин угуп, сунуштарын эске алуу сыяктуу жол-жоболордун жашоосу ал мамлекеттин пайдасына гана чечилчү. Аксакалдар демекчи, политолог А.Акунов өзүнүн «Государственное управление Киргизстана в транзитный период»[2] деген китебинде **айыл кеңеши менен аксакалдар жыйынынын эзелтеден бери эле мамлекетти башкаруудагы маанилүү ролун белгилеп**, ата-бабаларыбыздын кыргыз мамлекеттүүлүгүн сактоо үчүн жүргүзүп келген күрөшү жөнүндөгү оюн айткан. Аксакалдардын айтканын угуп, улуулардын кебин эп көрүү менен журт башкаруу бакытка жеткире тургандыгы жөнүндөгү бул идея «Кутадгу билиг» дастанында:

4178 кичигке улуглук улугдын келир
Улугка тапынса кичиг кут алыр
(Ж. Б., 421-б.)

---

[2]А. Акунов. Государственное управление Киргизстана в транзитный период. – Б.:1999. – С. 123.

4178 Кичүүлөр улуулардын сыйын көрөт,
Улууга кызмат кылсаң бакыт келет.
(Т. К., 323-б.)

4178 Улуулардан кичүүлөр урматталат,
Кызмат кылса аларга бакыт табат.
(З. М., 243-б.)

4179 улуглар сөзин тут йумуш кыл йүгүр
улуг сөзи тутса тилекке тегир
(Ж. Б., ош.)

4179 Улууларды урматта акылын ук,
Улуунун сөзүн уксаң кутуң өнөт!
(Т. К., ош.)

4179 Улууларга жумуш кыл, сөзүн акта,
Тилегиңе жетесиң, эсте сакта.
(З. М., ош.)

4180 улуглар кут ол көр тилесе кутуг
Тапынгыл тапугка турур кут тутуг
(Ж. Б., ош.)

4180 Жакшылыктын бардыгы улуулардан,
Бакытка жетем десең – иште абдан.
(Т.К., ош.)

4180 Кут улуу да, кутман болгуң келсе эгер,
Чын берилип кызмат кылсаң кут келер.
(З. М. ош.)

– деген саптар аркылуу берилет. Башкача айтканда, улуулардан жакшылык гана күтүлө тургандыгы автордун бул саптарынан ачык байкалууда.

«Кутадгу билиг» дастанында бек, аскер башынын **жоомарт адам болушу** да маанилүү экендиги көп жолу кайталанат. Мамлекетти башкарууда журт башында турган адамдын март болуу критерийи да өтө маанилүү. Ал ошол марттыгынын натыйжасында гана ишеничтүү дос, каарман жоокер элдин аны журт башчы катары таануусуна жетише алат эле.

Манас аскерлеринин баарына тең караган. Жоокерлердин катарында көп түрдүү калктын өкүлдөрү болгон жана Манас баатыр бардыгына бир атанын уулдарындай мамиле кылган. Буга мисал катары анын Тейиш кандын тоюндагы олжону

бөлүүдөгү адилеттигин, калыстыгын, марттыгын келтирүүгө болот.

Казак, кыргыз, калмак, сарт,
Теңдеп бөлдү олжосун.
Кабылан Манас кандай март!
(С. О., М. 2-к., 44-б.)

Өзүнүн күчтүү бийлигин түзүүдө, мамлекетти уюштурууда тууган, достон душманды айрый билүү да өзгөчө маанилүү экендигин бул эки чыгарма далилдейт. Туш тарабы душмандар менен курчалган, Манас башында турган кыргыз элинин мамлекеттик түзүлүшүндө анын жанындагы тууганлары менен досторунун чыккынчылык кылбай, ак дилинен кызмат өтөөсү мамлекет, элдин тагдыры үчүн чечүүчү факторлордон эле. «Кутадгу билиг» дастанында дос күтүүгө байланыштуу мындай саптар кездешет:

4208 адашыг асыг йас ичинде сына
бу йирде адак тиксе бек тут сене
(Ж. Б., 423-б.)

4208 Досуңду ар кыл шартта сынап көргүн,
Сындан өткөн досуңа колду бергин.
(Т. К., 324-б.)

4208 Досту сына пайда-зыян тарткандарда,
Сындан өтсө андан соң аны танда.
(З. М., 244-б.)

4210 север севмезин сен билейин тисе
севүгрек неңин кол укулгай баса
(Ж. Б., 423-б.)

4210 Билгиң келсе, досуңдун чын көңүлүн,
Жакшы көргөн буюмун сурап көргүн.
(Т. К., 325-б.)

4210 Сүйөрүн же сүйбөсүн билем десең,
Сурап көргүн бир жакшы нерсесин сен.
(З. М., 245-б.)

4211 кашын түгмесе ол бу ики йириг
Бу жан бирле түз тутгу уш бу ериг
(Ж. Б., 424-б.)

4211 Ким ошондо кабагын бүркөбөсө
Дал ошол анык досуң түбөлүккө!

(Т. К.,325-б.)

4211 Бул экөөнө кабагын бүркөбөсө,
Анык досуң так ошол түбөлүккө.
(З. М., 245-б.)

Ал эми «Манас» эпосунда башкы каарман, айкөл Манас Алмамбет келгенде достук мамилесин билгизип, сурапай эле ага өзүнүн эң кымбат нерселерин тартууга берет (аты – Аккула, тону – Ак күбө ж.б.). Ошондо Алмамбет Манастын кандай башкаруучу, журт башы экендигин байкайт. Ал:

Аккула Манас аты экен,
Кара жанына өлчөгөн,
Кас тулпарын мингизген
Ашкере чыккан март экен.
Ак күбө Манас тону экен,
Азыркысын сүйүнүп,
Мага кылган жолу экен.
Байкап турсам Сарала
Мага ылайык жылкы экен,
Айбалта менен кылычын,
Ала келди найзасын.
Ат, тонунан мен айрып,
Кетирбейин айласын
Өспөгөн жаман жан кылар
Өз жанынын пайдасын.
(С. О., М. 2-к., 321-б.)

– деп, Манаска ыраазы болуп, тартуусун кабыл албайт. Жогоруда баатырлардын бири-бирине болгон **достук мамилесинин** канчалык күчтүү боло турганы жөнүндөгү идеянын учу эпосто алар алгач жолугушканда эле белгилүү болгонун жогорудагы мисалдан көрдүк. Ошондой эле бул мисал Манастын ашыра **марттыгынын** эпостогу дагы бир чагылышы болуп эсептелинет.

Манастын **марттыгы** ченемсиз. Ал өзүнүн кайнаса каны кошулгус душманы Коңурбайдын мүлкүн кайрып берип, Көкөтөйдүн ашында өзүнүн ач көздүктөн алыс экендигин элдин алдында дагы бир ирет далилдейт.

Бирөөнүн тону тон болбос,
Бирөөнүн аты ат болбос.

Баатыр эле Коңурбай,
Атын алып нетейин,
Атын тартып мен алып,
Не муратка жетейин,
Андан көрө ушу жерде
Атын берип кетейин.
(С. К., М. 2-к., 63-б.)

– деп, адамдын канаты болуп эсептелген, башкы душманы Коңурбайдын атын өзүнө кайра берет. Мына ушул идеяга параллель эл башкарган бектер жоомарт болуп, ач көз, сараң адамдарды ордого жолотпоо керектиги жөнүндөгү ойлорду чагылдырган саптар «Кутадгу билиг» дастанында өтө эле көп. Мисалы:

1192 үле нең кишике йитүр хем ичүр
сини нең кечүргей сен аны кечүр
(Ж. Б., 136-б.)

1192 Жеп, ичир адамдарга ырахат бер,
Чач байлыкты а байлык өзү келер.
(Т. К., 129-б.)

1192 Малыңды бөл, жедир-ичир барыңды,
Ал кечирсин, сен да кечир аныңды.
(З. М. 92-б.)

2981 ашыг болса йалңук өзин кул кылур
аңар кул болур үзке емгек урур
(Ж. Б., 308-б.)

2981 Жоомарт болсоң кулдук урат жүгүрүп,
Түйшүгүңдү түп көтөрөт бүт алар.
(Т. К., 258-б.)

2981 Пайда үчүн адам өзүн кул кылат,
Өзгө үчүн кул болуп жанын урат.
(З. М., 182-б.)

2982 тапугка көни биргү едгү ачыг
йалыңны бүтүргү тодургу ачыг
(Ж. Б., 308-б.)

2982 Мээримдүү бол, кызматчыңдын жайын бил,
Ачты тойдур, жылаңачты кийиндир.
(Т. К., 258-б.)

2982 Ошондуктан кызматчыга кайрым кыл,
Кийимин бүтөп, ачкаларын тоюндур.
(З. М., 182-б.)

Мамлекетти уюштуруу, башкаруу ишинде белгиленген тартиптин болушу сөзсүз. Бийлик жүргүзүүдө тартип болбосо, баш-аламандыкка жол берилсе, мыйзам болбосо, ал бийликтин урап калары шексиз. Ошондуктан:

2033 узун ил йийейин тисе ау бүгү
төри түз йорытгу будунуг күгү
(Ж. Б., 220-б.)

2033 Эгерде көпкө бийлик кылам десең,
Тартип чыңоо – биринчи милдет де сен.
(Т. К., 183-б.)

2033 Узак элди сурайм десең, дааналар,
Төрөлүктү калыс иштеп, калкыңды ал.
(З. М., 136-б.)

2033 Эй башчы, мамлекетти узак мөөнөт башкарам десең, мыйзамды туура иштетишиң жана элди коргошуң керек.
(К. К.)

– деген саптарды баласагындык Жусуптун чыгармасынан учуратууга болот. Өзгөчө **күч органдарында, аскердик иште тартиптин болушу керек. Темирдей тартип туура кабыл алынган эрежелер, адилеттүү чечимдер, мыйзам жолу аркылуу гана орной тургандыгы түшүнүктүү.** Ошондой эле бийлик тарабынан корголгондор, ал бийликти коргой турганы да бул саптарда ачык эле жазылып турат. Жанры боюнча баатырдык эпос болгон «Манас» эпосунда Кошой, Манас, Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу алптар өздөрү башкарган аскердик күчкө, жалпы эле элге башкы талап катары адилеттүүлүктү, тартипти койгон. Өз алдынча иш кылып, бардыгы үчүн бирдей коюлган талаптарды аткаруудан баш тарткандар жазасын алышкан. Бирок «Манас» эпосундагы акылман баатырлар жазага чейин эле өз күнөөлөрүн сезишип бири-биринен кечирим сурашкан. Бардык жогорку жоопкерчиликтүү кызматтар кан Манас тарабынан бөлүштүрүлүп, эл менен аксакалдар менен

макулдашылып бекитилген. Бардык маанилүү окуялар журт башынын кабарысыз өткөрүлгөн эмес. Мисалы, «Чоң казаттагы» колго башчылык кылуу, жеңип алган жерлерге хандарды шайлоо; Алмамбет менен Чубактын чатагы, Бокмурундун атасынын ашын Манас келе электе башташы. Акыркы окуя Мааникерди тартууга алдырып коюу коркунучу менен аяктаганы бизге белгилүү. Ал эми ишеничтүү, күчтүү ат ошол доордогу хан, бек, жоокерлердин душманга каршы маанилүү куралы болгонун биз жакшы билебиз. Манас баштаган аскердеги бекем **тартипти** Чоң казаттагы жоокерлердин жүрүш учурун баяндаган эпизоддордон да көрүүгө болот.

Мамлекет башында, калк башында турган адамдын кандай болушу керектиги жөнүндөгү Жусуп Баласагындын аяр ойлорун профессор К.Артыкбаев[59] өзүнүн «Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны аттуу макаласы аркылуу окурмандарга тартуулаган. Ал эми С.Сооданбеков менен К.Сооронкуловалардын[60] чакан макаласы укуктук мамлекеттин негизин мыйзам түзө тургандыгы жөнүндөгү идеяны бабабыз Жусуп Баласагын тээ байыркы убакта эле элге жар салганын белгилешет.

---

[59] К. Артыкбаев. Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны жөнүндө//Мугалимдер газетасы, 14, 21-сентябрь, 1990.

[60] С. Сооданбеков, К. Сооронкулова. Жусуп Баласагындын укуктук мамлекет жөнүндөгү ойлору // Вестник КГНУ, Серия обществ. наук, 1995, Вып. 3. – С. 174-179.

§4. Мамлекетти чыңдоо, коргоо жана мамлекеттик биримдик маселелери

«Манас» эпосу менен «Кутатадгу билиг» дастанындагы мамлекетти чыңдоо, мекенди коргоо идеялары жөнүндө сөздү баштоодон мурун П. Н. Берковдун кыргыз элинин мекен жөнүндөгү түшүнүгүнүн, башка түрк элдеринкинен алда канча башкачараак, жогорураак деп белгилегенин эскерте кетүү максатка ылайык деп ойлойбуз.[61] Кыргыз элинин мекен жөнүндөгү элестетүүлөрүн «Манас» эпосундагы окуяларга байланыштуу карасак, чындыгында эле, өтө таасирдүү, чындыкка жакын экендигине күбө болобуз. Кыргыз эли күрөштү бир уруунун же уруктун эркиндикте, көз карандысыз жашап, өз алдынча иш жүргүзүү максатында эмес, жалпы мамлекеттин курамындагы элдердин биримдиги, көз карандысыздыгы, эркиндиги жана тынчтыкта жашоосу үчүн жүргүзгөнү эпосту окуган ар бир инсанга түшүнүктүү болот. Манас бүт өмүрүн өз элинин боштондугу үчүн күрөшкө, ата-бабалары байыртан жердеген территорияларды душманынан кайрып алууга, өз мамлекетин чыңдоо, күчтөндүрүүгө жумшаганын биз жакшы билебиз. Бул жөнүндө илимпоз В. Жирмунский Манастын эпикалык биографиясы негизинен анын, адегенде, элинин боштондугу, андан соң, анын күч алышы үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшүнүн тарыхынан турганын жана бул күрөштөр, баарынан мурун, кыргыз элинин боштондугу үчүн жүргүзүлгөндүгүн белгилеген.[62] Элди, жерди душмандан коргоо үчүн биринчиден саясий-коомдук система – күчтүү мамлекеттин болушу, сөзсүз, керектүү эле. Манас баатыр өзүнүн акыл, жөндөм, кара күчүнүн жардамы менен душмандарга каршылык көрсөтө ала турган, башка коңшу элдер менен эсептешүү кудуретине ээ мамлекет түзө алган.

---

[61]П. Берков. Идея родины в «Манасе»//«Манас» – георический эпос кыргызкого народа. – Ф.: Илим. 1968. – С.192.

[62]В. В. Жирмунский Введение в изучение эпоса «Манас». Киргизский АН СССР, 1948. – С. 113.

«Туулганына эмес, турарына сүйүн» деген да макал сөз бар элибизде. Мамлекет болуп, аны **ички жана тышкы душмандардан коргоо, чыңдоо** иштери жүргүзүлбөсө, андай мамлекеттин урап жок болору баарыбызга маалым. Анысы кандай аталарыбыздын кылымдардан берки өз мамлекети, мамлекеттин эркиндиги үчүн жүргүзүп келген баатырдык күрөшү да, ошол өз алдынчалыкты сактап калуу аракетинен болсо керек. «Манас» эпосунда жүздөгөн жылдар бою жүргүзүлүп келген кандуу кагылыштар чагылдырылып, согуш жана тынчтык күндөрүндөгү кыргыздардын мамлекетти, журтту коргоо иштеринин жүргүзүлүү өзгөчөлүктөрү баяндалат. Кызыктуу окуялар менен жуурулушкан мамлекеттик маанилүү маселелер кызыл сызык менен өнүгүп-өсүп олтурат. Ал эми Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын бирден-бир маанилүү идеяларынын бири болгон бул ой, «Манас» эпосундагы сыяктуу чыгарманын өзөгү болот. Күч-кубаттуу мамлекет болуу үчүн ашпозчулук кызматтагы адамдан тартып, аскер башы, увазирге чейинки адамдардын кандай болушу жана аларга кандай мамиле кылуу керек экендиги жөнүндө Өгдүлмүштүн (Акдилмиш) айтып берүүсү менен чыгарма соңуна чыгат. Мамлекетти коргоо, чыңдоо маселеси ар дайым жогорку бийликтеги адамдарды тынчсыздандырган маселелерден болгон жана азыр да өтө актуалдуу маселелерден болуп калууда.

Мамлекетти коргоо, чыңдоо тууралуу окумуштуу Мадина Богдановнын төмөндөгүдөй оюна толук кошулууга болот. «Пережитые народом большие и малые события, периоды могущества и лихолетий, жизнь на двух разных территориях на Енисее и Тянь-Шане, во многом обусловувшие особенности исторической жизни народа, так или иначе оставили свой след в народном эпосе, сказались на характере выражения его основной идеи. Не случайно поэтому, что основная идея, пронизывающая эпос, – идея обороны – развивается в эпосе так широко и

разностороннее».[63] Ал эми К. Рахматуллин «Манас» эпосуна «Ата Мекенди сүйгөн чыгарма» деген аныктаманы берген.[64] Өз мекенин, мамлекетин сүйгөн эл аны коргоого, чыңдоого дайым даяр турат. Элдик патриотизм «Манас» эпосунда эң сонун көркөмдүктө баяндалат. Ушул эле идея Жусуп бабабыздын дастанынын башкы идеяларынан. Дидактикалык мүнөздөгү бул чыгармада башында Айтолду, андан соң Өгдүлмүш, Одгурмыш мамлекетти кантип чыңдоо, гүлдөтүү керек, аны душмандардан кандайча коргоп, кандай чараларды жүргүзгөндө мамлекеттин иши алга жыла тургандыгы жөнүндөгү ойлорун атагы ааламга тараган журт башы Күнтуудуга айтуусу менен жогорудагы идея ишке ашырылат.

Күчтүү мамлекет эли ишенич көрсөткөн күчтүү бийлик болуу менен бирге, Мекенин, мамлекетин, элин, жерин ички жана тышкы душмандан коргоочу **күчтүү куралдуу күч, аскерлердин болушу** дегенди билдирет. Ал эми андай аскердик күчтү кармап туруш үчүн **казынанын мол болушу керек**. Бул идеянын чагылышын биз эпостогу акылман Кошойдун Манаска карата айтылган сөздөрүнөн көрө алабыз.

Ордолуу шайык көп жоокер,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Аягы Кептеш, Самаркан,
Күн чыгыш жагы Алты шаар,
Өзүңдү күтүп келет деп,
Күчөгөн мынча журтуң бар.
Казына камдап, кол жыйна,
Кайратты мыкты мол жыйна.
Бекине турган жерди тап,
Бели катуу эрди тап:
Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң.

---

[63]М. Богданова. Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас»// Киргизский героический эпос «Манас». Изд. АН СССР. – М.: 1961. – С. 211.

[64]К. Рахматуллин. Улуу патриот укмуштуу Манас. – Ф.: Кыргызстан, 1942.

– деп, **мамлекеттик казынанын болушу маанилүү** экенин айтып келип:

Калың бороон, катуу күн,
Кулунум канчалык өтөр башыңан.
(М. Б. В. 1-к., 107-б.)

– деп, келечекте түрдүү күндөр күтүп турганын насааттайт. Эпостогу жогоруда келтирилген Кошойдун сөздөрүндөгү :

Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң.

– деген саптардан алдыга карап иш кыл, казынадагы байлыкты туура пайдалан, шашпай, ойлонуп туура бөлүштүр, кыйын да күндөр келиши мүмкүн, ошого жараша резервдер да болсун деген насааттарды угабыз. Бул биздин күндүн тили менен айтканда, **мамлекеттик бюджеттин туура бөлүштүрүлүп, максаттуу пайдаланылышы.** Жогорудагы саптарга параллель идеялар «Кутадгу билиг» дастанында төмөнкүчө чагылдырылат:

2057 бу ил тутгука көп ер ат сү керек
ер ат тутгука нең тавар тү керек
(Ж. Б., 222-б.)

2057 Эл коргоого жер майышкан кол керек,
Кол кармоого дүйнө - курал мол керек.
(Т. К., 184-б.)

2057 Эл сурашка жер кайышкан кол керек,
Кол курашка дүйнө мүлкү мол керек.
(З. М.,137-б.)

51 укушлуг билиглиг тоңа алп йүрек
хазине толулап акытгу керек
(Ж.Б., 8-б.)

51 Билимдүү, жөндүү жана баатыр жүрөк,
Казнаны бөксөртпөстөн кармоо керек.
(Т. К., 33-б.)

51 Жетик акыл, билими бар, шер жүрөк,
Казынаны кандай жыйып, бөлүү керек?
(З. М., 21-б.)

51 Өкүмдарлар кандайча түшүнүктүү, билимдүү, эр жүрөк жана баатыр болушу, казынаны кандайча толтуруп,

кандайча кайрадан бөксөртүү (пайдалануу) керектиги.

(К. К.)

– деп акыркы эки сапта акын бул китеп Өкүмдарга тийиштүү сапаттарды үйрөтүү менен, мамлекеттик казынаны кандайча туура пайдалануу керектигин да үйрөтө тургандыгын белгилейт. Эпос боюнча казынаны бөксөртпөстөн кармоо – башкы болсо, аны толуктоо менен дастанда казынаны туура пайдалануу ою чагылдырылып отурат. Ал эми түрдүү күндөр жөнүндөгү Кошойдун сөзүнө параллель катары дастандагы:

1087 агышка иниш ол едизке батыг
севинчке сакынч ол ачыгка татыг

(Ж. Б., 126-б.)

1087 Асмандагы күндө дайым батуу бар,
Сүйүү-күйүт, таттуусуна ачуу бар.

(Т. К., 122-б.)

1087 Чыккан түшөт, тоонун дагы коосу бар,
Шаттык-кайгы, таттуунун да уусу бар.

(З. М., 87-б.)

1087 Ар өйдөлүштүн, ылдыйышы, ар дөбөнүн бир чуңкуру бар; сүйүнүчтүн күйүнүчү болот жана ар бир ачууга бир таттуу бар.

(К. К.)

– деген саптарды келтирүүгө болот.

Мамлекетте **ички биримдик** болбосо, аны сырт душмандардан коргоо эч мүмкүн эмес. Кыргыз элинин уруу-уруктарынын ортосундагы өз-ара кармашуулар дайыма мамлекеттин өнүгүүсүнө өз кедергесин тийгизип келген. Бийлик, мансап үчүн уруулардан чыккан айрым төрөлөр чыккынчылык ишке да барышчу. Мына ошондой окуялар сүрөттөлгөн «Манас» эпосунда баатыр Манас бул ишти:

Азып кеткен журтумду
Бирин койбой жыйбасам.
Бөлүнүп кеткен туугандын
Тирүүсүн издеп таппасам,
Өлүмгө мойнум бурбасам,

Тереңге кеткен тууганды
Түк койбой баарын курбасам.
(С. К., М. 1-к., 184-б.)

– деп, элди чогултуу, бириктирүүдөн баштаганы маалым. Ал бөлүнгөндүн, азып-тозгондун башын бириктирип тим болбостон, аларга ичерге ашын, киерге кийимин, баш калкалоого үйүн да берүүгө даяр болчу жана аны аткарган. Мамлекетти чыңдоо, коргоо ишине катардагы жоокерден тартып, кан ордосунда элчилик кызматтагы адамдардын да түздөн-түз тиешеси болгон. Бул иш өтө кылдаттыкты, тактыкты, айкөлдүктү, олуттуу жөн-билгини талап кылган. Жалгыз адам өтө каалаган учурда да, бүтүн мамлекетти ички жана тышкы душмандардан коргоп туруусу мүмкүн эмес. Манастын да кеңешчи, пикирлештери, Каныкейдей жардамчысы, чоролордой берилген адамдары, Алмамбеттей алмашкыс досу болбосо, анын эл ичиндеги баркы биз билгендей болбосо керек эле. Манас көбүнчө кыйынчылыктарды өз чоролорунун жардамы менен жеңгенин биз билебиз. Ал эми, С.Абрамзондун сөзү менен айтканда: «Манас» эпосундагы баатыр Манастын чоролорун бириктирип турган бирден-бир идея – өз элин душмандардан коргоо идеясы экендигин»[65] эстен чыгарбашыбыз керек. Демек, эл-жерди коргоо идеясы журт башы бир Манастын жан дүйнөсүндө жашап, жалгыз гана анын максаты болбостон, ар бир өзүн эр санаган азаматтын жүрөгүнөн түнөк алган идея экенине эпосту окуган сайын ишеничибиз артып отурат. Кошойдун дайыма үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнайлы деп, элин бириктирүүгө аракет кылышы жогоруда келтирилген Манастын оюн толугу менен бөлүшкөнүн билдирет.

Кичине бир ишкана болобу, чоң бир мамлекет болобу, коомдогу бардык нерсе окшош ой, бирдей максаттын пайда болушу менен жаралары белгилүү. Эпосто бир пикирге келүү менен мамлекетти чыңдоо, коргоо иши кагылышуулардын бирде басаңдап, бирде күчөп өсүп-өнүгүүсү аркылуу

---

[65]С. Абрамзон. Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.: Шам, 1999. 556-б.

жүргүзүлүп олтурат. Бир мезгилде эл бейпилдик, токчулук, шаң-шөөкөттүн үстүндө жашаса, бир учурда мүңкүрөп, эл чабылып, бир кезде сый-урматка тунган адамдар күң, кул болуп жүрүүгө аргасыз болушат. Эпостогу элди кызыктырып, окурмандарды өзүнө тарткан чындыктардын бири да ошол – башкы каармандардын тагдыры.

Манастын эл-жерди коргоо, бейпилдикти сактоо жөнүндөгү ойлору өзүнүн чоролорунун жардамы менен ишке ашарын жогоруда биз белгилеп өттүк. Кыргыз элинин бейпилдигин сактап, ички жана тышкы душмандардан мамлекетти коргоодогу шерттешкен досу Алмамбеттин, жалпы эле элдин ролу жөнүндө айтпай коюга болбойт. Манас Коңурбайдын капканына камаларда Алмамбеттин аны куткарып калышы, Чоң казатка чыкканда кол башчылык кылышы, чалгынга барганда чыккынчылык кылбастан Манаска ак кызматын өтөшү, кыргыз элинин коопсуздугун коргоого кошкон салымы болуп саналат.

Ушул эле идеялар "Кутадгу билиг" дастанында да жогорку көркөмдүк менен чагылдырылат. Чыгарманын кириш бөлүгүндө эле автор чыгарма жөнүндө бизди кызыктырган төмөндөгүдөй саптарды жазган:

35 ким ол ма бу мүлкни тутуглы кайу
кереклиг аңар бу хакимлер айу
(Ж. Б., 7-б.)

35 Китепте акылмандар насааты бар,
Башкаруу ыкмалары эске тутар.
(Т. К., 32-б.)

35 Бу мүлүктү кимдер колго кармаса,
Даанышмандар сөзүн окуйт дапдаана.
(З. М., 20-б.)

– деп, чыгарманын жалпы мазмуну жөнүндө айтып келип,

36 меликлер коругы ма есбаб түзе
бу тертиб-ү шарты емарет өзе
(Ж. Б., ош.)

36 Падыша өз өлкөсүн сактоо жөнү,
Кандай шарт, кандай тартип керектиги,
(Т. К., ош.)

36 Эмнелердин хандыкты коргоолорун,
Кандай тартип, кандай шартты болжолорун;
(З. М., ош.)

37 бу мүлкниң харабы бекасы недин
йа мүлкет калуры баруры адын
(Ж. Б., ош.)

37 Өлкөнү не ойрондоп, неден топтойт,
Бийликти эмне сактап, эмне жоктойт.
(Т. К., ош.)

37 Неден гүлдөп, неден тозуп хандыктын
Неден келип, не кетерин байлыктын;..
(З. М., ош.)

– деп, кийин дагы да тагыраак токтолот:

43 йине бу райийет күдезгү аны
мелик ме күзетсе тени ме жаны
(Ж. Б., 7-б.)

43 Ардактоо падышасын элдин наркы,
А элин сактоо, коргоо – анын парзы.
(Т. К., 32-б.)

43 Букаралар коргосун карап ханын,
Хан да калкты карасын арнап жанын.
(З. М., 20-б.)

46 меликке негү тег итингү керек
өзи тег будунлар көнүлгү керек
(Ж. Б., 8-б.)

46 Канткенде бек каарман болуу керек.
Канткенде элге бейпил жашоо берет.
(Т. К., 33-б.)

46 Падышасы туруу керек күйүнүп,
Калк иштесе ойдогудай күйүгүп.
(З. М., 20-б.)

Демек, падышанын бирден бир парзы, башкы милдети – элин сактоо, коргоо экен. Канткенде бейпил жашоо элине берерин ойлоп бек түйшүктөнүш, ойлонуш керек экен. Ошондой эл камын, эл тынччылыгын ойлогон адам гана журт башына келүүсү керектиги жөнүндөгү ой бул саптардан ачык байкалат.

Мамлекеттин чың, өзүнө ишенип, күчтүү болуусунун маанилүү шарттары катары автор төмөнкүлөрдү эсептейт:

51 укушлуг билиглиг тоңа алп йүрек
хазине толулап акытгу керек
(Ж. Б., 8-б.)

51 Билимдүү, жөндүү жана баатыр жүрөк,
Казнаны бөксөртпөстөн кармоо керек.
(Т. К., 33-б.)

Мамлекетти коргоо, чыңдоо ишинде аскердик күчтүн эң маанилүү орду бар экендиги тууралуу Жусуптун дастанында мындай саптар кездешет:

5462 хазине ер ат болды беглер күчи
бу ики биле ер алып өз өчи
(Ж. Б., 543-б.)

5462 Бектин күчү казына, аскер келет,
Эки терек бек болсо, бийлик да бек,
(Т. К., 408-б.)

5462 Казына, аскер бектер үчүн күч-кубат,
Экөө менен эрлер дайым өч алат.
(З. М., 314-б.)

5463 бу ики биле бег бедүклүк булур
Бу ики йумытса бедүр бег тажы
(Ж. Б., ош.)

5463 Бул эки күч бар болсо, бек дагы бар,
Жок болсо ушул экөө таажы кетет.
(Т. К., ош.)

5463 Бул экөөнөн бектер даңкы артылат,
Бул экөөнөн таажың турат жаркырап.
(З. М., ош.)

Мамлекетти мамлекет кылып турган азыр да анын казынасы, аскери. Аскерди аяр тутуп, алардын керектөөлөрүнө казынадан акча бөлүп, колдоо көрсөтпөсө, ач-жылаңач аскер жоо бетине чыкпастан, тескерисинче, элин сатып, душманга кызмат кылуусу мүмкүн. Бирок Манас аскерлеринин жаман жолго түшпөй, жакшы кызмат өтөөлөрү үчүн бардык шарттарды түзүп, аларды адилеттүүлүк менен башкарууга аракет кылган. Ал чоролоруна баатырдыгына, эрдигине жараша мамиле кылып, адилеттүүлүк менен

башкарган. Ар бир олуттуу жоортулга чыгарда жоокерлери менен кеңешип, пикирлерин угуп, алар менен эсептешет. Манас башында туруп, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Ажыбай ж.б. жетекчилик кылган кыргыз аскеринде катуу тартип болгон. Аскердеги темирдей тартиптин болушу зарылчылыктан келип чыккан. Жусуп да аскердик тартипке чоң маани берет. Темирдей тартип жана башкаруучусуна берилгендик ийгиликке жетишүүнүн себеби болгон.

Баскынчылар каптап келгенде баатырдык менен күрөшүп, эр жүрөктүүлүктү көрсөтүп, душман менен кармашуу башка эрдик. Бул учурда баатырдын күчүн, элин сүйгөндүгүн, журту үчүн жанын берүүгө даяр экендигин оңой эле түшүнүүгө, көрүүгө болот. Ал эми **тынчтык, бейпилдик учурда элдин коопсуздугун сактоо, бийликти коргоо** ишин жүргүзүү өтө эле кыйын. Падышаны жандап, элдин кызыкчылыгын көздөп, эл үчүн, падыша үчүн күйүмүш болуп жүргөн жакын адамы чыккынчылык кылып, сатып кетүү коркунучу дайыма жашайт. Бекеринен "Кутадгу билиг" дастанында автор ордодо хан кызматындагы адамдар кандай болушу керектигин, аларга кандай мамиле кылуу керек экендигин так, ачык санап өтпөсө керек. Мамлекетти башкарууда булардын өтө терең мааниси бар. Карапайым элге дагы өтө кыраакы мамиле кылуу керектигин автор төмөнкү саптарда:

4187 йагы кылма өзке кишиг билмеди
йаглыг кишилер севинч булмады
(Ж. Б., 421-б.)

4187 Элге сенин болбосун жаман оюң,
Касы көптүн, кубанчы болот солгун.
(Т. К., 323-б.)

4187 Билбестиктен өзгөнү жоо деп калба,
Кубанч болбойт дегеле жоолуу жанда.
(З. М., 244-б.)

4188 нече аз йагы ерсе йасы телим
йагыда асыг бар тип аймаз тилим
(Ж. Б., ош.)

4188 Кичинекей кастын да зыяны көп,
Айта албайм араздашуу пайдалуу деп!
(Т. К., ош.)

4188 Зыяны көп, аз болсо да жоонун, билиң,
Пайдалуу деп айта албайт муну тилим.
(З. М., ош.)

– деп айтып келип:

5536 ил азгы тиле ме өз асгың тиле
киши асгыңа бакма турма иле
(Ж. Б., 550-б.)

5536 Өзүңө, элиңе да камкор болуп,
Бирөөдөн жардам күтпө, аның кордук.
(К. Б. 413-б.)

5536 Эл пайдасын өз пайдаңдай тилегин,
Киши нарпын катып чатып алып жүрбөгүн.
(З. М., 318-б.)

5536 Мамлекет кызыкчылыгын өз
кызыкчылыгың менен жараштыр,
башкалардын кызыкчылыгын ойлоп,
аларга байланба.
(К. К.)

– деп, **мамлекет кызыкчылыгын өз кызыкчылыгыңдай көрүп, башканын колун карабаганда, чың, душмандардан корголгон мамлекет боло аласың** деген ойду чагылдырат.

Журт башында турган адамдын мамлекетти өнүгүп-өсүү жолуна коюшу анын милдети экени бизге маалым. Ошондой адам эл башында туруп, эли-жеринин өнүгүшү үчүн колунан келген аракеттин бардыгын кылса, душмандар башкаруучуну жек көрүп, ал жараткан байлык менен дөөлөттү өздөрүнө тартып алуу аракетин кылары сөзсүз. Бир башкаруучуну тактан түшүрүү же өлтүрүү менен алар бүтүндөй бир мамлекет, элдин үстүнөн жеңишке жетишүүсү мүмкүн. Анткени, ишенген адамынан ажыраган элдин үмүт-тилеги, максаты күтүүсүздөн үзүлсө, баш аламандыкка тез алдырып, душман тарапка биринчилерден болуп ооп кетүүгө аракет кылары бизге тарыхтан маалым. Элдин ханга болгон сүйүүсү, ишеничи, үмүтү душмандарды ар дайым чочуткан. Анткени,

эл, дайыма чоң, чечүүчү күч болгон. Манас өз элин башкарып турган учурда душмандар үчүн дал ошондой коркунуч туудурган. Аны өлтүрүү бүтүндөй кыргыз журтчулугун, убактылуу болсо да, кыйратуу, ойрондотуу дегенге барабар болгон. Манасты өлтүрүү оңой иш эмес эле, анткени ал акылы зирек, таза жүрөк, ак дилдин, жеңилгис кара күчтүн ээси болгон. Манастын ички дүйнөсүнүн тазалыгы, көбүнчө, душмандарынын кара санап жасаган амалдарына алдырууга жол берген.

Жусуп Баласагын чыгармасында түрдүү кесип адамдары кандай болушу керек жана аларга кандай мамиле кылуу керектиги жөнүндө жазат. Мисалы, чыгарманын "Өгдүлмүш Эликке башкы ашпозчу кандай адам болушу керектигин айтат" деген бөлүмүндө:

2832 богуздын болур барча бегке хатар
ишин кылса ашчы аны ким йетер
(Ж. Б., 294-б.)

2832 Коркунуч бекке келет тамак менен,
Ашпозчунун амалын билчү белең?
(Т. К., 233-б.)

2832 Бекке кырсык ичкен тамак жеткирет,
Тамак жасар ашпазды ким текшерет?
(З. М., 175-б.)

2834 будун башлар ерке болур миң йагы
йагы болса кимке йадыглыг агы
(Ж. Б., 295-б.)

2834 Өкүмдарда боло келген миң душман,
Алар дайым аңдып арттан ор казган.
(Т. К., 233-б.)

2834 Калк баштаган эрдин жоосу миңдеген,
Тор-тузагы ага карай керилген.
(З. М., 175-б.)

2835 бүтүн чын бышыг болмаса бу киши
хатарлыг болур ашта беглер иши
(Ж. Б., ош.)

2835 Ашпозчу болсо душман, ишенимсиз,
Коркунуч өкүмдарга болот чексиз.
(Т. К., ош.)

2835 Сарамжалдуу чыныгы ак нээт болбосо,
Бекке кооптун келер жери нак ошо.
(З. М., ош.)

– деп ашпозчунун таза, ишеничтүү адам болуусу керектигин айтат. Бийлик үчүн ашпозчу ким? Кичинекей киши, ошол эч нерсеге жарабаган кудайдын кулу эмне коркунуч туудурат эле деп жазбай, маани бербей да койсо болот эле да, бирок көп жылдык турмуштук тажрыйба, узун тарых дастандын авторуна ашпозчунун да мамлекет ишинде өз орду, мааниси бар экендигин көрсөтүп, ал жөнүндө жазбай коюуга мүмкүндүк берген жок. Ашпозчулук кесип жөнүндө сөз кылып жатканыбыздын себеби мамлекет тиреги, элдин жөлөгү, ишеничи, үмүтү, келечеги болгон Манас баатырдын, өлүмүнө себеп болгон дал ушул кесиптин ээси Шуйкучу эмеспи. Кулдукка берилген Шуйкучу Манастын ашпозчуларынын бири экендиги бизге эпостон белгилүү. Ошону менен бирге ал тыңчылык милдетти да аткарган, Коңурбайга Кан ордодогу бардык иш-чаралар жөнүндөгү маалыматтарды дубана аркылуу жөнөтүп турган. Ал Манастын өлүмүнө түздөн-түз себепкер. Эпостогу төмөнкү саптар анын чыккынчылыгын далилдейт. Уч жагы ууга сугарылган найзаны колуна алып, Манасты кантип өлтүрүүнүн айласын ойлоп жаткан Коңурбайдын биринчи жардамчысы Шуйкучу болот.

Кан Манастын алдында
Калп жеринен мусулман
Шуйкучу деген бир кытай
Ашмачысы бар экен.
Эр Манастай көк жалдын
Жүргөн менен турганын
Кеп-кеңешин кылганын
Билип жүргөн жан экен.
Коңурбайга бермекке
Катка салып баарысын
Катып жүргөн куу экен.
(С. К., М. 2-к., 169-б.)

Шуйкучунун айтуусу боюнча Коңурбай Манасты жараландырат. Жакшы бүтпөй калган жаранын

козголушунан кийин Манас каза болот. Албетте анын өлүмү бүтүн кыргыз журтуна болуп көрбөгөндөй кайгы, азап чегүүлөрдү алып келет.

Мамлекетти чыңдоо, коргоо иштери байыртадан эле жүргүзүлүп келгени бизге белгилүү. Адамдар алгач табияттын катаалдыктарынан: катуу жаан, калың кар, чырылдаган ысык, ызгаардуу кыштан, жырткыч айбандардан коргонуу максатында үстүнө үй салып, колуна курал-жарак кармаганга жараса, кийин бара-бара адам баласы бири-бирине коркунуч туудуруп, адамдын душманы адам, бир мамлекеттин касташы ошондой эле экинчи мамлекет болуп калганына тарых күбө. Азыркы кездеги мамлекетти коргоо, улуттардын биримдигин сактоо иштери Улуттук коопсуздук, Ички иштер, Коргоо министрликтери тарабынан жүргүзүлүүдө. Кылымдардан берки мамлекеттик маанилүү бул маселенин «Манас» эпосу менен Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанында чагылдырылуусу учурубузда да эл кызматына жарарлык үлгүдө экендигин айтуу менен, мекенди, мамлекетти чыңдоо, коргоо иши айрым гана мамлекеттик структуралардын иши эмес, жалпы элдик иш экендигин белгилемекчибиз.

М. Богданова «Манас» эпосунда мекенди коргоо идеясы өтө кенен жана көп жактуу өнүгүшкө ээ экендигин белгилеп, төмөнкүдөй оюн айткан: «Оно выступает то в форме борьбы за обьединение разрозненных киргизских племен, то в форме борьбы за сохранение единства. И в этом отношении киргизский эпос «Манас» отличается от эпических произведений других народов Средней Азии и Казахстана, в которых идея обороны и объединения разрозненных племен разрабатывается не в столь широком плане».[66] Муну менен автор «Манас» эпосунун дагы бир башкы идеяларынын бири мамлекеттик биримдик, элдердин достугу, ынтымактуулугу экендигин аныктагысы келген. Кыргыз элин бириктирүү, тынчтыкта жанаша жашоо идеясы эпостун бирден-бир

---

[66] М. Богданова. Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас» // Киргизский героический эпос «Манас». Изд. АН СССР. – М.: 1961. – С. 211.

башкы идеяларынан экендигин, Манастын эпикалык биографиясына аныктама берген В. Жирмунский мындайча белгилеген: «Согласно этой версии (С. Орозбаковдун варианты жөнүндө), эпическая биография Манаса – это в основном история его героической борьбы, сперва за свободу и независимость, за объединение киргизского народа, потом за его величие и могущество».[67]

«Манас» эпосундагы элдердин достугу, биримдүүлүгү, ынтымагы алардын кеңешип, биргелешип жасаган иш-аракеттеринде, бири-бирине аяр мамиле жасап, согушта болсун, тынчтык күнүндө болсун биринин тагдырын башкасы ойлоп, дайыма бар бололу, бир бололу деп ант бериштеринде ачык-айрым чагылдырылат. Эпостогу:

Өлүп калсак кырылып,
Бир чуңкурга тололук,
Тирүү болсок жыйылып
Бир дөбөдө бололук.
(С. О., М.1-к., 215-б.)

– деген саптар түрдүү күндөрдө кыйынчылык менен кубанычта, азаптуу күндөр менен азаттыкта дайыма бирге бололу деп бир канча уруу биригип ант бергенде айтылган сөздөр. Өтө так, таамай айтылган бул саптар жамандык-жакшылыктарда бирге бололу, ынтымактуу бололу деген идеяны даңазалайт. Ал эми азыр да өтө актуалдуу болуп саналган маселени Кошой бабабыздын образы аркылуу:

Кулаалы жыйып куш кылган
Курама жыйып журт кылган.
Телик куш жыйып куш кылган,
Тентиген жыйып журт кылган
Абаң Кошой артык эр.
(С. К., М. 3-к., 111-б.)

– деп ачып бере алган. Чыны менен эле, Кошой, эпос боюнча, чачылган элди бириктирип, баш коштуруп, журтубуздун, мамлекетибиздин келечегин ойлонгон, жоголгон туугандарыбызды тапкан, азып-тозгон, тентиген

[67] В. В. Жирмунский. Введение в изучение эпоса «Манас». Киргизский АН СССР, – Ф. 1948. – С.113.

боордошторубузду боорго тартып, элибиздин, журтубуздун тагдырын кыйын күнгө багыштабай, жакшы, бактылуу турмуш жолуна салган адамдардын бири. Мамлекеттин негизги факторлорунун бири ошол мамлекетти түзүп турган эли, элдин саны канчалык көп болсо, бир өлкөнүн дүйнөдөгү орду, ролу да ошончолук жогору болорун тарых далилдеп отурат. Жогорку саптардагы чагылдырылган бабаларыбыздын патриотизми, окуган ар бир инсандын жүрөгүн жылытып, көңүлүн эргитип, Мекендин тагдырын ойлоо, элдин келечеги тууралуу кам көрүү өтө маанилүү маселелерден экендигин жаш муунга мыкты формада тартуулады. Эпосто жалпы элдик достукка, ынтымакка, биримдикке чакырган улуу сөздөр менен катар, жеке адамдардын ортосундагы ысык мамиле аркылуу да бул идеялар жеткиликтүү даражада берилген десек жаңылыштык болойт. Буга чейин да эпостогу достуктун **бийик символдору катары каралган Манас менен Алмамбеттин ортосундагы даңазалуу достук мамиледен башка, чоролордун ынтымагы, улуу-кичүүлөр бири-биринин ордун, жашын сыйлап, бири-бирине аяр мамилеси, бир үй-бүлөнүн чегиндеги ынтымактык, биримдик кайнене менен Каныкей сыяктуу келиндин ортосундагы үлгү болорлук пикир келишүүчүлүк, мунун баары эпостогу эл достугунун далили** болуп эсептелет.

Душманга каршы согушка аттанарда же маанилүү маселелердин ортого салынып, чечим кабыл алынышында кыргыз мамлекети менен **жакын алакасы болгон бардык элдер, уруулардын өкүлдөрү келип катышып, мүмкүнчүлүгү болгондун баары Манас менен бирге душманга каршы аттанышкан**. Уруунун аты, андан соң ал элден келген өкүлдүн атынын саналып өтүшү эпосто бир нече жолу улам кайталанып айтылат. Мына ушундай учурлардан бир мисал келтирели:

Башка уруудан Маңгул бар,
Баатыр Жайсаң даңгыл бар,
Күлдүр, Калдар беги бар,
Манжуулуктан кошулган

Бала Мажик эри бар.
Аргын, Каракожо бар,
Найман, дуулат кошо бар.
Абактан Айдар ханы бар,
Ата уулунун баары бар.
Окчу Каракесек бар,
Орто жолдон кошулган
Ногойдон он миң эсеп бар.
Каракалпак Бердике,
Каңгайлардын Келдике,
Өзүбектен Дамбылда,...
(С. О., М. 2-к., 68-б.)

– деп улантыла берет. Ушунча журтту бириктирип баштаган Манастын бул уруулардын, элдердин ортосундагы достукту, биримдикти сактап, баш коштуруп бир атанын балдарындай бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгартканга кудурети жеткен. Кыргыз элине тилектеш болуп, аларга ак дилден мамиле жасаган элдер менен бирге Манас өзүнүн душмандарына да дайыма достукта, ынтымакта бололу деген сунушун биринчилерден болуп билдиргенине эпостогу көп эпизоддор күбө боло алат. Кээде кыргыздардын душмандарынын баскынчылыгы алдында калып, зордук көргөн элдер катарыңарга кошуп алгыла деген өтүнүч менен кыргыз журтунун башчыларына кайрылышкан. Нескаранын кол алдында калган маңгул элинин алдыңкылары Жакып байдын алдына келип:

Ачсаң ал алаканыңа,
Абийир берсин баарыңа,
Жутсаң жумуруңдабыз,
Журт болуш мындан артыкпы,
Этегиңдин алдына
Эл кылыңыз бизди деп.
Эндекей жүрүш болбойт деп,
Нескарага окшогон
Эр келсе эсен койбойт деп,
Күлдүр жайсаң барганы,
Чаганбай аттуу балам деп,
Жолдош болсун Манаска.

Эл болгондун белгиси,
Эрке балам жалгызым,
Энди кошуп алыңыз,
Эби келсе баарыңыз.

(С. О., М.1-к., 213-б.)

бул дастандагы элдердин биримдигинин, достугунун чагылдырылышынын дагы бир жагы. Жалгыз баласынын Манаска жолдош болуусун эл болуу менен байланыштырган маңгулдардын өкүлү Күлдүрдүн сөздөрүнөн элдердин ортосундагы ынтымактын ал элдердин тагдыры үчүн маанилүү экендигин аңдоого болот.

Эпосто **казак-кыргыз достугу** үлгү болорлук даражада чагылдырылган. Бул эки боордош элдин байыртадан эле көйгөйү бир, душманы бир, максаты бир.

Аманат жандан кечиңер
Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып жерди алалы!
Кызыктуу жерди алдырып,
Кыяматта жүргөнчө,
Кыргыз уулу болгону
Кырылып жатып калалы!
Каапырга каран салалы,
Кайтарып жерди алалы!
Кайтарып жерди албасак,
Казак уулу болгонуң
Кан жүткүрүп калалы!

(С. О., М. 2-к., 24-25-б.)

– деген саптарда эки элге бирдей чакырык, бирдей жар салынганына күбө болуудабыз. Ошондой эле эпостогу казак элинин каны Көкчөнүн аялы Акеркечтин Алмамбетке кыргыз элинин башчысы болгон Манас жөнүндөгү айткан сөздөрүнөн кыргыздарга, алардын башчысы Манаска канчалык даражада сый-урмат көрсөтөрү жана ошону менен бирге кыргыздардын маңдайына, таалайына бүткөн Манас жөнүндө дос айтчу сөздөрдү айтканы:

Таалайы артык элди айтам,
Талаалатып жибербей
Таяна турган жерди айтам.

Арамзаада жыйылып.
Ажалга сени баалашты,
Көрбөй өтүп кетпегин
Көкжал төрө Манасты!
Төрүнө өтсөң жектебес,
Кейишке салсаң кет дебес,
Бүлүндүрсөң кейибес,
Кадырың билер как ошо,
Пейилиңди билер бек ошо.
(С. О., М. 2-к., 268-269-б.)

– деген саптар менен берилген. Манастын айкөлдүгү, меймандостугу, дос кадырын билчү адам экендиги бардык коңшу элдерге маалым болгону, ошону менен катар ошондой башчыга ээ болгон **кыргыз калкынын таалайлуу калк экендиги боордош элдерди суктандырган жана Манасты дайыма өрнөк кылууга шарт түзгөн**. Казак окумуштуусу М.Ауэзовдун сөзү менен айтканда, «Манас кыргыздарды бириктирген, баш коштурган ошондой эле, азаттыкка чыгарган инсан».[68]

Манас өз туугандарынан бир нече жолу зыян тартса да, аларды бириктирүүгө көп аракет жасайт. Анчамынча туугандан ынтымактуу, бирдиктүү жашоо үчүн дос күтүү артык экендиги жөнүндөгү идея Манас менен Алмамбеттин достугунан байкалат. «Кутадгу билиг» дастанында бул тууралуу ойлорду төмөнкүдөй саптардан учуратабыз:

3174 кадашың йок ерсе уоры тут адаш
адаш едгү болса бу болды кадаш
(Ж. Б., 324-б.)

3174 Тууган жокто таап алгын эр жолдош,
Жакшы жолдош бир туугандан кем болбос!
(Т. К., 255-б.)

[68] М. Ауэзов. О времени возникновения эпоса «Манас» // Кигизский героический эпос «Манас», Изд. АН СССР, – М.:1961. – С. 60.

3174 Тууганың жок, анда барып дос тапкын,
Жакшы досуң өзү болот туугандын.
(З. М., 191-б.)

2575 асыгсыз тусулмаз кадаш ерсе код
тусулур адаш тут асыг бирле тод
(Ж. Б., 270-б.)

2575 Тууганың кастык кылса – тууган кылба,
Пайдалуу досуң болсо баалап сыйла!
(Т. К., 216-б.)

2575 Койгун нары кайрымы жок тууганды,
Дос, тууган кыл кайрымы зор адамды.
(З. М., 162-б.)

Албетте, тууган керек «Агаинди жаман деп, тууганды кайдан табасың» деп акындарыбыз ырдап жүргөндөй, туугандар менен ынтымакта жашоо күч-кубат, атак-даңк алып келери баарыбызга маалым. Мына ушуну түшүнгөн Манас бабабыз да өз туугандарын бириктирүүгө, баш коштурууга далалаттанган. Туугандын керектиги, маанилүүлүгү дастандын төмөнкү саптарында мындайча чагылдырылат:

3172 иди йакшы аймыш көр илчи башы
камугда күчи бек кадашлыг киши
(Ж. Б., 323-б.)

3172 Жакшы айтыптыр бир сөздү өкүмдар бек,
Тууганы көп адамдын күчү да көп.
(Т. К., 255-б.))

3172 Эл башчысы өтө жакшы кеп айткан:
«Тууганы көп күчтүү болот» деп айткан.
(З. М., 191-б.)

3173 кадашлыг киши күси чавы бедүк
адашлыг киши аты савы бедүк
(Ж. Б., 324-б.)

3173 Тууган барбы – кадырың, даңкың артар,
Досуң барбы – даңк дагы, атак да бар.
(Т. К., 255-б.)

3173 Тууган менен атак-даңкың жаңырат,
Досуң менен сөз кадыры табылат.
(З. М., 191-б.)

Дастанда бардык элдер менен достукта, ынтымакта өмүр сүрүү керектүүлүгү тууралуу идея **түрдүү кесиптеги, социалдык жактан түрдүү тепкичтеги адамдар менен болгон мамилени бузбай, баары менен дос болуп, баарына кесип, жай, орун өзгөчөлүгүнө жараша мамиле кылуу керектигин айтат.** Бул да мамлекеттин биримдүүлүгүн, ынтымагын сактоодо эң башкы маанилүү маселелерден болгон. Анткени ар бир кесип ээсинин коомдо, мамлекеттик иште өзүнчө ээлеген орду, көтөргөн жүгү болот. Ошондуктан баары менен дос бол, бирин да кемсинтип, таарынтпа, алына жараша жүк арт деген маанидеги саптарды кездештиребиз. Мисалы илимпоздорго карата:

4352 олардын кереки саңа илми ол
көниликке йитсе айу бирсе йол
(Ж. Б., 437-б.)

4352 Койчудай малга туура жол көрсөткөн,
Илимпоз жол таап бизди алып өткөн.
(К. А., 72-б.)

4352 Алардан сага кереги илим-билим,
Ал көрсөтөт ак жолуң, муну билиң.
(З. М., 252-б.)

4354 катылгыл буларның биле едгүлеш
кутадгай саңа ики ажун улаш
(Ж. Б., 437-б.)

4354 Достошуп кеп-кеңешин ыйык сакта
Ал сага жардам берет ар кыл шартта.
(К. А. 72-б.)[69]

4354 Аралашкын аларга жайып кучак,
Кутайт сага эки аалам болуп туташ.
(З. М., 252-б.)

– деген саптар айтылса, бечараларга карата мамиле кылууда:

4472 бу ол илде түрлүг катылгу киши
саңа түшсе иш уа оларка иши
(Ж. Б., 449-б.)

---

[69] Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары. Окуу куралы. Түз. К. Артыкбаев. – Б., 1999.

4472 Бечара үмүт менен келип калса,
Ийилип суроо менен назар салса,
(К. А., 75-б.)

4472 Эл ичинде аралашчу ушулар,
Сенин анда, анын сенде иши бар.
(З. М., 262-б.)

4473 төрү бир ишинде багырсаклыкын
Саңа болга барча кишилер йакын
(Ж. Б., ош.)

4473 Ал үчүн дары болот бир ооз сөзүң,
Андыктан аксым, сараң болбо өзүң.
(К. А., ош.)

4473 Боорукерлик кылсаң ага күйүнүп,
Баары киши сага жакындайт үйүлүп.
(З. М., ош.)

4474 өзүң булга ики ажун едгүси
атың едгү болгай йадылгай күси
(Ж. Б., ош.)

4474 Алынсаң кембагалдай асыл журтка,
Колуңдан бакыт кетпейт болуп тутка.
(К. А., ош.)

4474 Эки дүйнө бирдей жакшы болосуң,
Тарап даңкың, жакшы атакка коносуң.
(З. М., ош.)

– деп, эмнелерге көңүл буруш керектиги жөнүндөгү оюн автор ачык айткан.

Элдин ынтымагынын бузулушу мамлекеттин алга жылышына, өнүгүшүнө тоскоол болору түшүнүктүү. Ошондуктан журт башындагыларды элдердин ортосундагы мамилелердин абалы дайыма тынчсыздандырган. Дастанда уламдан-улам жалпы элиңе баш бол, өтө сак бол, сабырдуу бол, элден ынтымак кетпесин, элге кызмат кыл, элди корго бакыт, ырыскы ошондо келет деген идеяны чагылдырган саптар ого эле көп.

52 раиййетка болса өкүш такати
камуг иш ичинде булур рахати
(Ж. Б., 8-б.)

52 Бек болсо, бардык элдин ынтымагы
Ишиңдин артып турар ыракаты.
(Т. К., 33-б.)

52 Сабыр кылса жапасына өкүнбөй,
Жыргал көрөт бу ишинен бүтүндөй.
(З. М., 21-б.)

– деген саптарда күчтүү болуп, туура жол менен, эч нерседен өкүнбөй элди башкарса, иштин ырахатын көрө турганы кайталанат.

Мамлекеттин биримдиги, элдердин достугу, ынтымагы жөнүндөгү идеялар «Манас» эпосунда, «Кутадгу билиг» дастанында да жеткиликтүү даражада, жогорку көркөмдүктө окурмандардын назарына сунуш этилген. Жаш муундарды жалпы адамзаттык баалуулуктарга тарбиялоодо эпостун, дастандын орду ченемсиз экендигин тартынбай белгилөөгө болот.

II БӨЛҮМ

Эпос менен дастандагы көркөм сүрөттөө каражаттарынын айрым үндөштүк маселелери

§1. Адамдын тышкы келбетин, мүнөзүн сүрөттөөдөгү үндөштүктөр

Адам баласынын жашоосунун жаратылыш менен тыгыз байланышта болгонун байыртадан бери сакталып келе жаткан элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү, эски чакта жазылган эмгектер, көркөм чыгармалар менен түрдүү жазуу эстеликтери далилдейт. Жаратылыштын кубулуштарына (бороон-чапкын, чагылган, нөшөрлөп жааган жаан ж.б.) байлыктарына (алтын, күмүш, темир, болот, чоюн, жез ж.б.); өсүмдүктөргө (чынар, чырпык, карагай, кайың, тал, камыш ж.б.) жаныбарлар дүйнөсүнө (арстан, кабылан, жолборс, коён, түлкү, бөрү ж.б.) салыштыруу, окшоштуруу, каршы коюу аркылуу адамдар өздөрүнүн сезимдерин, маанайларын тигил же бул көрүнүшкө, кубулушка болгон мамилелерин билдиришкен. Өздөрүнүн туюу-сезүүлөрүн, ой-пикирин, кимдир бирөөгө же кайсы бир нерсеге карата көз карашын, мамилесин жогорку көркөмдүктө образдуу берүү кыргыз элинин өзгөчөлүгү экени бизге маалым. Адамдар өз сезимдерин, пикирлерин өздөрү жашаган жерлердин табигый өзгөчөлүктөрүнө, андагы кен байлыктар менен жаныбарлары, учкан куштары менен өскөн өсүмдүктөрү, аба-ырайы менен рельефине байланыштуу түшүнүктөрдү камтыган сөздөрдү колдонуу аркылуу беришкен. Мезгилдин, жашоо шарттарынын, жашаган жерлердин өзгөрүшү менен эски убакытта колдонулган көп макал-лакап, ата сөздөрүнүн азыр түшүнүксүз болуп, колдонулбай жатканын мыйзам-ченемдүү көрүнүш катары карап, бирок бабалардан калган улуу мурастардагы сөз байлыгын сыртка чыгарып, замандын талабына ылайык келгендери менен азыркы учурдагы сөз казынабызды толуктай билишибиз керек деген ойдобуз.

Ар бир эл өзүнүн элдик оозеки чыгармасын көркөм сөз аркылуу пайда кылып, аны улам байытып, өрчүтүп-өстүргөн.

Улам кийинки муундун сөз устаттары элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн пайдалануу менен өз чыгармасына көрк кошуп, окурманга түшүнүктүү, жөнөкөй тил менен жазылган чыгармаларды тартуулап, алардын көз алдына ачык-айкын, унутулгус образдарды жаратышкан. Образдарды жаратууда биз билген көркөм сөз каражаттарынын бардык түрлөрүн пайдаланышкан. Көркөм сүрөттөөнүн эпитет, салыштыруу, метафора ж.б. түрлөрү биз изилдөөгө алып жаткан «Манас» эпосу менен «Кутадгу билиг» дастанында сөз болорлук даражада колдонулган. Эки чыгарманы жанаша коюу менен биз алардагы көркөм сөз каражаттарын колдонуудагы жалпылыктарын аныктоого аракеттенмекчибиз. Эки чыгармадагы көркөм сөз каражаттарынын колдонулушун айрым түшүнүктөргө байланыштуу иликтей турган болсок, кызыктуу үндөштүктөрдү көрө алабыз. «Өзүнүн насааттары жеткиликтүү болуш үчүн Жусуп Баласагын чыгармасында түрк элдеринин элдик оозеки чыгармачылыгына кайрылган» деп, белгилеген А. А. Валитованын бул тууралуу:

«Ю. Баласагунский использовал пословицы, поговорки и пословичные выражения, эпические имена героев сказаний. Прием сопоставления воинов с хищными животными и ловчими птицами, образные выражения и сравнения, свойственные фольклору кочевых племен, и другие средства фольклорной поэтики»,[70] деген оюн колдоо менен Жусуп Баласагын элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн атайын чыгармасын байытыш үчүн гана колдонбостон, бул сөздөр анын канында, жанында жашаганын, бул сөздөр анын күнүмдүк турмушунда колдонгон өз сөздөрү, ойлору экендигин белгилемекчибиз.

Жусуп Баласагын өз чыгармасында мамлекетти башкаруу идеясын чагылдырган саптардан башка да, тилдин маанисин, илим-билимдин адам турмушундагы ролун көркөм чагылдырып берүүдө өзгөчө эсте каларлык асыл саптарды жарата алган. Улуу акындарды улуу кылган, башкалар

---

[70]А. А. Валитова. К вопросу о фольклорных мотивах в поэме «Кутадгу билиг» // Советское востоковедение. 1958, №5, – С. 102.

белгилебеген, байқабаган, көп этибарга ала бербеген нерселерди билип, байкап, маани берип, жогорку көркөмдүктө ырга салып, аны ар бир окурмандын көңүлүнөн түнөк таптырчу даражага жеткире алган алардын акындык дарамети, таланты.

«Манас» эпосунун поэтикасы боюнча С. Бегалиев, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, К. Кырбашев, А. Жайнакова, К. Жумалиев ж.б. окумуштуулардын изилдөөлөрү бар. Ал эми «Кутадгу билиг» боюнча Кыргызстанда дастанынын поэтикасы эмес, ал жөнүндөгү жалпы изилдөөлөр да саналуу гана. Бул мурасты терең изилдеп, элдин бардык катмарына жайылтуу керектигин алгачкылардан айтып чыккан окумуштуу К. Артыкбаевдин эмгектери, жазуучубуз Т. Сыдыкбековдун, З. Эралиевдин жана кээ бир окумуштуулардын көлөмдүү болбосо да, азыраак жүргүзгөн изилдөөлөрү бар. Ж. Шериевдин «Байыркы адабият тарыхы»[71] аттуу окуу китебинин жарыкка чыгышы менен Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны боюнча кыргыз адабиятындагы иликтөөлөр кызыктуу маалыматтар менен толукталганын белгилемекчибиз.

«Кутадгу билиг» дастанынын композициясы менен сюжет маселесине кайрыла турган болсок, дастандын тулку-боюн көркөм чыгармага мүнөздүү көп түрдүү композициялык элементтердин түзүп турганына күбө болобуз, бул тууралуу К. Артыкбаевдин изилдөөлөрүндө башкалардыкына салыштырмалуу, кененирээк иликтөө жүргүзүлгөндүгүн белгилей кетүүбүз керек.

Дастандын композициясы негизги ой, идеяны ачып берүүгө баш ийдирилгенин белгилеген окумуштуу К. Артыкбаев: «Монолог, диалог, пейзаж, портреттик, предметтик сүрөттөө, кат жазышуу, лирикалык чегинүү, ички толгонуу өңдүү көркөм чыгармага керектүү болгон композициялык элементтердин дастандын жанрына ылайык

[71] Ж. Шериев. Байыркы адабият тарыхы. Бишкек-Ош. 2000.

орундуу колдонулгандыгын көрөбүз»[72] деген пикирин ортого салат. Чындыгында эле дастандагы негизги ой, идея каармандардын ички ой-толгонуусу, бири-бири менен сүйлөшүүсү, түрдүү лирикалык чегинүү, пейзаждык сүрөттөөлөрдүн берилиши аркылуу ишке ашканына күбө болобуз. Күнтууду (адилеттик), Айтолду (дөөлөт, байлык), Өгдүлмүш (акыл) Одгурмыш (каниет) аттуу символ-өбраздар акын тарабынан дастандын башкы каармандары катары тандалып алынган.

Чыгарманын сюжети да мына ушул төрт каармандын катышуусунда өнүгүп, булардын пикир алмашуусу аркылуу кара таман кедейден ак сарайда отурган падышага чейинки адамдардын жүрүм-турумунан тартып, алардын аткара турган милдеттерине чейинки көп кырдуу маселелердин чагылдырганына күбө болобуз. Чыгарманын идеясы каармандардын бири-бирине жасаган аяр мамиленин чагылдырылышы аркылуу да ишке ашканын окуялардын өнүгүшүндө байкоого болот. Күнтууду элик өзүнө ак кызматын өтөп, бул дүйнө менен кош айтышкан увазири Айтолдунун уулун сынап көрүп, анын акылмандыгын баалап кызматка алат. Элик Айтолдуга кээде анын өз атасы сыяктуу аяр мамиле кылып, кээде андан акыл сурап, кеңеш алып, өз мамлекетинин сурагын жүргүзөт. Ал эми Өгдүлмүштүн жакын тууганы Одгурмыштын кабарын укканда, аны элге кызмат кылсын деп кайра-кайра чакыртып, Одгурмыш макул болбой койгондон кийин, жок дегенде конок болуп кетүүсүн өтүнгөн башкаруучу, ал көз жумгандан кийин да Өгдүлмүшкө көңүл айтып, өлүм бардык адамдарга тең келер бир жазмыш экендигин эсине салгысы келет.

Мындай жылуу, жумшак, сүйүү менен бири-бирине мамиле кылуу, Одгурмыш менен Өгдүлмүштүн да ортосунда байкалат. Агасынын абалын ойлонуп Өгдүлмүш тынчсызданат, андан кабар алуу үчүн атайы издеп барат, агасы каза болгондо абдан терең кайгыруу менен аза күтөт. Буга окшогон сюжеттин өнүгүшү менен белгилүү болуп

---

[72] Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары. Окуу куралы. Түз. К. Артыкбаев. – Б.: 1999. 19-б.

отурган адамдардын ортосундагы өзгөчө ысык мамилелерди сүрөттөө аркылуу автор чыгарманын дидактикалуулугун күчөтүп, чоң ийгиликке жетише алган десек жаңылыштык болбойт. Чыгармада каармандардын ортосунда уруш-талаш, бири-бирин жамандоо, ушактоо жок. Бул сыяктуу адеп-ахлаксыздыктарга чыгарманын жанры да, чыгарманын автору Жусуп Баласагын да жол берген эмес.

Эпос менен дастандагы көркөм сүрөттөө каражаттарындагы үндөштүктөрдү эл башкаруучуларды, аскер башчыларды, Мекенди коргоочу эрлерди, элди башкаруучу бектерди сүрөттөөдө, аларга мүнөздөмө берүүдө, жакшы-жаман сапаттарын чагылдырууда байкоого болот. Эпосто да, дастанда да аскер башчы, баатырлардын образын берүү үчүн жырткыч айбандардын аттары, алардын өзгөчөлүктөрү эпитет, салыштыруу болуп колдонулуп, чыгармалардын көркөмдүгүн арттырып турат.

Көркөм салыштыруу «Кутадгу билигде» катышкан каармандардын аттарын окуганда эле өзүнчө бир образды жаратуунун ыкмасы катары колдонулгандай сезилет. Күнтууду (Күн тогды) менен Айтолду (Ай толды) деген аттардын өзү бул атты алып жүргөн адамдардын Күн менен Айга окшош сапаттары бар экендигинен, ошолорго салыштырылып ушундай ат алганы адам тарабынан биринчи кандай кабыл алынса, чыгарманы окуй келгенде, бул аттардын чечмеленишинде биринчи ассоциация, кабыл алуубуз жаңылыш болбогонуна ишенебиз. Анткени салыштырууда (троптун түрү катары) сүрөттөлүп же айтылып жаткан нерсе кандайдыр бир жалпы белгиси, касиети окшош башка нерсеге салыштырылат.[73] Салыштырууда образдын өзү сакталат да, ар дайым мүнөздүк көрүнүшү, келбети жана сапаты сыпатталат. Салыштырууда абстрактуу кубулуш конкреттүү, так предметтер аркылуу берилет жана анын элестөөчүлүк таасири күчтүү чыгат.

«Манас» эпосундагы каармандардын образын ачып берүүдө да жогорудагыдай салыштыруу абдан көп учурайт.

---

[73] Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. 176-177-б.

Ай менен Күнгө салыштыруу менен адамдын сырткы таасирдүүлүгү менен ички дүйнөсүнүн да өзгөчөлүгү берилет. Ал эми жаныбарларга салыштырылуу аркылуу көбүнчө тышкы айбаты, каары, эрдиги, баатырдыгы чагылдырылат. Эпостогу жана дастандагы каармандардын жырткыч айбандарга салыштырылышы образдардын көз алдыбызга жандуу болуп тартылышына көмөкчү болот. Жогорудагы журт башы символ-образ Күнтууду жана анын оң колу, жардамчысы (вазири) Айтолдунун сапаттары Ай, Күн сымал болгондуктан, аларга ошондой ат коюлса керек. «Манас» эпосунда мындай салыштыруу башкы каарман Манастын образын ачып берүүдө төмөнкүчө берилет:

Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.....
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы Ай, Күндүн
Жаркынынан бүткөндөй.
(С. О., М. 1-к., 283-б.)

Күнтуудунун өзгөчөлүктөрү:

407 кылынчы көнн ерди кылкы оңай
тили сын бүтүн хем көзи көңли бай
(Ж. Б., 55-б.)

407 Адилет, түз сүйлөгөн, сурай билип,
Калпы жок, сөзү, ою көктөй бийик.
(Т. К., 76-б.)

407 Туура мүнөз, кылыгы ууз-балдай,
Көзү өткүр, сөзү чын, көңүлү бай.
(З. М., 49-б.)

408 билиглиг бег ерди укушлуг одуг
исизке от ерди уагыка уодуг
(Ж. Б., ош.)

408 Ал болчу акыл-ойлуу, ишке чапчаң,
Бузукка күйгөн – жалын, каска – капкан.
(Т. К., ош.)

408 Ал болучу билгич, чечен, акыл тапкан,
Жаманга от, жоосуна апат чачкан.
(З. М., ош.)

415 бу күн тогды илиг бу кылкы биле
йаруды ажунка күн ай тег йала
(Ж. Б., 56-б.)

415 Кунтууду үлгү эле ушул жактан,
Күн менен Айдай болуп нурун чачкан.
(Т. К., 77-б.)

415 Күнтууду илик мына ушундай даңкталды,
Ай-күн сыңар нурландырып ааламды.
(З. М., 49-б.)

«Кутадгу билиг» дастанында Айтолду менен Күнтууду деген атттардын мааниси төмөнкүчө чечмеленет:

730 бу ай толды айды мениң атымы
бүгү меңзетүр айка бу кылкымы
(Ж. Б., 90-б.)

730 Айтолду айтты: «Бул атты жалган дебе,
Акылман Айга окшошсуң деген эле.
(Т. К., 98-б.)

730 Айтолду айтты: -даана билип затымды,
Айга окшотуп койгон экен атымды.
(З. М., 68-б.)

731 бу ай тогса ашну иди аз тогар
көниңе бедүйүр йокару агар
(Ж. Б., ош.)

731 Ай дагы жаңырганда ичке болот,
Аз-аздан улам өсүп, улам толот.
(Т. К., ош.)

731 Алгачта ай каштай иймек жаңырат,
Толо берет күндөн күнгө жаңылап.
(З. М., ош.)

732 толун болса толса ажунка йарур
Ажун халкы андын йаруклук булур
(Ж. Б., ош.)

732 Толгондо бүт Ааламды жарык кылат,
Ал нурун адам үчүн чачып турат.
(Т. К., ош.)

732 Толгон кезде бүт ааламга нур чачат,
Дүйнө эли ал жарыктан нурланат.
(З. М.. ош.)

743 бу ай орны болды еви мүнкалиб
орунсуз болур мүнкалиб нең кылып.
(Ж. Б., ош.)

743 Айдын да ар башкача оруну бар,
Бир жайы дайым ошо көктө турар.
(Т. К., ош.)

743 Айда орун жок эс аларга жантайып,
Сыза берет ал тынымсыз айланып.
(З. М., ош.)

747 келир мен барыр мен йорыр мен бурун
ажунуг кезер мен маңа йок орун
(Ж. Б., ош.)

747 Келем-кетем, жер жүзүн айланамын,
Дүйнө кезем, таппаймын токтоор жайым.
(Т. К., ош.)

747 Келем, кетем, теги тынып жатпайым,
Аалам кезем, бирок орун таппайым.
(З. М., ош.)

748 бу мани үчүн атым ай толды тип
атады билиглиг сөзин йинчке йип
(Ж. Б., ош.)

748 Ошон үчүн ат койгон! «Айтолду» деп,
Бул сөздүн акыл жортсо маани көп.
(Т. К., ош.)

748 Ошол үчүн Айтолду деп атаган,
Боолголоп бир билимдүү даана адам.
(З. М., ош.)

825 күнүг көр ирилмез толу ок турур
йаруклукы бир тег талу ок турур
(Ж. Б., 100-б.)

825 Күндү көр эч кемибей толуп турат,
Жарык оту түгөнбөй күйүп турат.
(Т. К., 104-б.)

825 Биринчиден, күн кетилбейт, караңыз,
Баарыга тең, жарыкты андан алабыз.
(З. М., 73-б.)

826 мениң ме кылынчым аңар окшады
көнилик биле толды ексүмеди
(Ж. Б., ош.)

826 Менин да сапаттарым күнгө окшош,
Адилет иш бөксөрбөйт, кемип койбос.
(Т. К., ош.)

826 Так ушундай менин дагы жоругум,
Өксүбөстөн адилетке толгомун.
(З. М., ош.)

827 икинчи тогар күн йарур бу ажун
төзү халкка тегрүр йокалмаз өзүн
(Ж. Б., ош.)

827 Экинчи, Күн ааламга жарык чачат
Адамга нурун төгүп, турат жайнап!
(Т. К., ош.)

827 Экинчиден, күндүн жарык келбети,
Чыккан кезде нурга толот жер бети.
(З. М., ош.)

828 мениң ме төрүм бу йокалмаз өзүм
камуг халкка бир тег не кылкым сөзүм
(Ж. Б., ош.)

828 Ошондой менин Заңым жана өзүм,
Элге тартуу – ак ишим, адил сөзүм.
(Т. К., ош.)

828 Түгөнбөгөн күн нурундай өкүмүм,
Бары адамга бирдей менин өтүмүм.
(З. М., ош.)

829 үнчи бу күн тогса йирке исиг
чичек йазлур анда түмен миң түсиг
(Ж. Б., ош.)

829 Үчүнчү – Күн асмандан ысык айдайт,
Жер бетине миң түркүн гүлдөр жайнайт.
(Т. К., ош.)

829 Үчүнчүдөн, ысытат бүткүл жерди,
Байчечектер ачылат түрдүү-түрдүү.
(З. М., ош.)

830 кайу илке тегсе мениң бу төрүм
ол ил барча итлүр таш ерсе корум
(Ж. Б., ош.)

830 Бийлигим жеткен жерге өмүр берет,
Жакшы заңдан эл жыргап, чөл көгөрөт!
(Т. К., ош.)

830 Кайсы элге жетсе менин канунум
Түзөлөт эл болсо дагы таш-корум.
(З. М., ош.)

831 тогар күн арыг йа арыгсыз тимез
камугка йаруклук бирүр ексүмез
(Ж. Б., ош.)

831 Күн нурун бардыгына бирдей төгөт,
Жакшыга, жаманга да бирдей бөлөт.
(Т. К., ош.)

831 Тийген күнүң тунук-киргил айырбайт,
Баарына тең нурун чачат, жаңылбайт.
(З.М., ош.)

835 мениг кылкымы көр йиме бир йаңын
өзүм тегшүрүлмез йарукта өңин
(Ж. Б., 101-б.)

835 Күн сыяктуу кебелбес менде негиз:
Өзгөрбөйм, көпкө бирдей мендеги иш!
(Т. К., 105-б.)

835 Мына ушундай менин сапат жоругум,
Өзгөрүүсүз тийе берет жарыгым.
(З. М., 73-б.)

Мындай берилген түшүндүрмөлүү образды элестетүү, албетте, оңоюраак, конкреттүү да болот. Ал эми эпосто көп эпитет сөздөргө түшүндүрмө берилбейт, мисалы «айкөл» деген эпитетти ар окумуштуу ар түрдүү чечмелеп келүүдө. Асмандагы Ай менен жердеги көлдүн кошулмасы биригип келип, бир түшүнүктү берип жатат. Бул эпитет сөздүн мааниси абдан терең. Ай бир эле учурда бийиктикти, тазалыкты, адалдыкты билдирсе, көл кебелбестиктин,

эбегейсиз кубаттуулуктун, зор күчтүн, тереңдиктин символу катары каралып, ошол эле учурда көл бул – суу. Суу болсо өмүр, тирилик, жашоо, тазалык ж.б. символу катары караларын элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү, элдик оозеки чыгармачылыктан тамыр алган улуу ойчул-акындарыбыздын белгилүү чыгармалары аныктайт.

«Манас» эпосундагы каармандарды сүрөттөөдөгү салыштырууларды алып карай турган болсок, Э. Абдылдаев эпостогу көркөм салыштыруунун образдары катары колдонулган көрүнүштөр менен кубулуштарды болжол менен төмөнкүчө топторго бөлөт[74]:

1	Тышкы дүйнөнүн жалпы көрүнүштөрү менен кубулуштары: тоо, күн, ай, чөл, көл ж.б.
2	Өсүмдүктөр дүйнөсү: чынар, терек, ыргай ж.б.
3	Жаныбарлар дүйнөсү: арстан, шер, жолборс ж.б.
4	Эл колдонгон материалдык маданият: казан, аркан, чөйчөк ж.б.
5	Адамдардын, жан-жаныбарлардын мүчөлөрүнө окшоштуруу
6	Фольклордук персонаждар салыштыруунун образы катары

«Манас» эпосунан келтирилген бир-эки мисал бул бөлүштүрүүнүн негиздүү экенин күбөлөндүрөт жана бизди кызыктырган дастандагы салыштыруулар менен катар коюп, жалпылыктарды табууга мүмкүнчүлүк түзөт. Алмамбеттин сүрөттөлүшү:

Билеги жоон, таш жүрөк,
Душманга салган чоң дүмөк,
Пил мүчөлүү бадырек,
Айбаты **арстан, жолборстой,**
Азыр келген сен кимсиң?

[74] Абдылдаев Э. "Манас" эпосунун эпикалык формулалары. – Б.: Шам, 1997. 106-б.

Албарстан кылыч байланган,
Асмандагы **булуттай**,
Аркы-терки айланган,
Атышкан жоосун жайлаган,
Алп мүчөлүү сен кимсиң.
(С. К., М. 1-к., 172-б.)

Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Ал муруту **сеңирдей**,
Айбаты албарс **темирдей**,
Муруну тоонун **кырдачтай**,
Көзү көлдүн **буткулдай**,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү **жуткудай**.
(С. О., М. 2-к., 148-б.)

Бөлүштүрүүнүн жогорудагыдай топторуна кирүүчү салыштыруулар эпосто арбын учурайт. «Кутадгу билиг» дастанында да мындай салыштыруу аркылуу түзүлгөн көркөм образдар бар. Жеке бир киши эмес, жалпылаштырылган түрдө, мисалы, бүтүн аскер башчылары төмөнкүдөй касиетке ээ болсо, жакшы болот; мамлекет корголгон болуп, урушта жеңиштерге жетишет деп эсептелип; автор окурмандарга аскер башчынын көркөм образын жеткиликтүү, түшүнүктүү, көркөм сөз аркылуу төмөнкүчө бере алган.

2310 йагыда көр арслан йүреки керек
карыштукта есри билеки керек
(Ж. Б., 245-б.)

2310 Урушта арстан сымал жүрөк керек,
Чабышка кабыландай билек керек.
(Т. К., 200-б.)

2310 Алышканда арстандай жүрөктүү,
Кармашканда кабыландай билектүү.
(З. М., 149-б.)

2310 Анын жүрөгү урушта **арстан жүрөгүндөй** жана чабышта **билеги кабыландыкындай** болуш керек.
(К. К.)

2311 тоңуз тег титимлиг бөри тег күчи
адыглайу азгыр кутуз тег өчи
(Ж. Б., ош.)

2311 Доңуздай - көктүк дагы, бөрүдөй күч,
Аюунун жаалы менен бугу жүрүш.
(Т. К., ош.)

2311 Доңузча өжөр, карышкырча күч,
Аюу түспөл, топозчо өч.
(З. М., ош.)

2311 Ал **доңуздай** көк, **бөрүдөй** күчтүү, **аюдай** коркунучтуу, **букадай** өч болуш керек.
(К. К.)

2312 йана алчы болса кызыл тилкү тег
титир буграсы тег көр өч сүрсе кег
(Ж. Б., ош.)

2312 Аскербашы түлкүдөн ашып кетсин,
Кирген буура өңдөнүп албуут келсин.
(Т. К., ош.)

2312 Айла-амалдуу болсун жана түлкүдөй,
Буура өңдүү кекчил келсин күркүрөй.
(З. М., ош.)

2312 Ошол эле учурда, **кызыл түлкүдөй** айла-амалдуу болуп; **кирген буурадай** өччүл жана кекчил болушу керек.
(К. К.)

2313 сагызганда сакрак керек тутса өз
кайа кузгуну тег уырак тутса көз
(Ж. Б., 246-б.)

2313 Сагызгандай сак болсун анын өзү,
Кузгун сымал курч болсун көрчү көзү!
(Т. К., 200-б.)

2313 Сактык жагы сагызгандай жаралсын,
Кузгун өңдүү көзү алысты көралсын.
(З. М., 150-б.)

2313 Өзүнө **сагызгандан** да сак болуп; **аска кузгуну сымал** көзү ыраакты көрүш керек. (К. К.)

2314 улуг тутса хамйет көр арсланайу
уги тег усуз болса түнле сайу
(Ж. Б., 246-б.)

2314 Каарланса арстандай жаалы чыксын,
Үкү болуп түнкүсүн уктабасын.
(Т. К., 200-б.)

2314 Арыстандай айбат болсун жалташкан,
Үкү сымал кирпик илбей таң аткан.
(З. М., 150-б.)

2314 **Арстандай** болуп мекенин коргоону
улук тутушу керек;
үкүдөй болуп түндөрдү уйкусуз
өткөрүшү керек. (К. К.)

Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай, «Кутадгу билиг» дастанында да «Манас» эпосундагы сыяктуу, эпосто салыштыруу образы катары алынган жапайы айбанаттар менен куштар салыштыруу предмети катары колдонулду. Жаныбар менен куштардан башка өсүмдүктөр дүйнөсү, табийгаттын кубулуштары, эл колдонгон материалдык маданиятты түзгөн нерселер да автордун оюн чагылдырууда маанилүү роль ойногонун байкоого болот. Төмөнкү саптардагы салыштыруулар мунун далили катары кызмат өтөмөкчү.

2153 негү тир ешитгил укушлуг сөзи
укушлуг сөзи көрсе йинчү төзи
(Ж. Б., 231-б.)

2153 Акылдуунун сөзү ак берметтей,
Угуп алгын жакшылап аны беттей:
(Т. К., 190-б.)

2153 Кандай таамай акылмандын бул сөзү,
Анын сөзүн уксаңыз кохар өзү:
(З. М., 141-б.)

2153 Ук, акылдуунун сөзү эмне дейт;
акылдуунун сөзү, көңүл бурсаң, так
берметтин өзү.
(К. К.)

2154 илиг бойны кылча үкекче башы
ангар кед инанмаз укушлуг киши
(Ж. Б., 231-б.)

2154 Ээ Элигим, мойнуң кылдай, башың чара,
Бул турпат, көрктү бербейт такыр сага.
(Т. К., 190-б.)

2154 "Мойну кылдай, башы үкөктөй Иликтин,
Акылмандар көп ынанбайт билгиниң.
(З. М., 141-б.)

2154 Өкүмдардын моюну **кылдай**, башы болсо **үкөктөй**; акылдуу киши буга көп ишене бербейт.
(К. К.)

2385 ат үстем йарыклар болур кып кызыл
кызыл кызгу еңлер болур йап йашыл
(Ж. Б., 252-б.)

2385 Ат жабдыктар, курал канга боёлот,
Чаалыгып кызыл өңүң купкуу болот.
(Т. К., 204-б.)

2385 Ээртокум, сооту канга машталат,
Буулуккандан кызыл өнү жаштанат.
(З. М., 153-б.)

2385 Ат, жабдыктар жана куралдар кыпкызыл болот; **кызыл от** сыяктуу жанган жаактар көпкөк болуп кесилет.
(К. К.)

2455 укушсуз киши ол йимишсиз йыгач
йимишсиз йыгачыг негу кылсун ач
(Ж. Б., 259-б.)

2455 Наадандар - мөмөсү жок дарак сымал,
Ач жанга анын кандай пайдасы бар?
(Т. К., 208-б.)

2455 Акылсыз жан-мөмөсү жок бир жыгач,
Ал жыгачты эмне кылсын карды ач?
(З. М., 156-б.)

2455 Акылсыз адам **мөмөсү жок даректай**; ачка жан **мөмөсүз даракты** эмне кылмак. (К. К.)

4098 күр арсланка окшар көрү турса бег
өге тегсе йумшар болур торку тег
(Ж. Б., 413-б.)

4098 Анан да бек кыялы арстан сымал,
Эркелетип сыласаң жибектей ал.
(Т. К., 317-б.)

4098 Сүрдүү арстан так эле өзү бу бек,
Сылап турсаң жумшарат болуп жибек.
(З. М., 239-б.)

4098 Көңүл бурсаң, **бек** баатыр жүрөк **арстанга** окшойт; мактап жакындасаң жумшарат, **жибек** окшойт.
(К. К.)

2984 негү тир ешитгил авучга сөзи
авучга сөзи ол йигитлер көзи
(Ж. Б., 308-б.)

2984 Сөзүн ук бир акылман абышканын,
Жаштарга кары сөзү – акыл дайым:
(Т. К., 243-б.)

2984 Кулак салгын карылардын сөзүнө,
Көзүн ачат алса жаштар өзүнө:
(З. М., 183-б.)

2984 Абышкалар эмне дейт ук; абышкалар **сөзү** жигиттердин **көзү**.
(К. К.)

«Манас» эпосундагыдай эле дастанда да көркөм салыштыруу ойду элестүү, так, көркөм берүүдө маанилүү роль ойноп, адамдардын аң сезимине жакын, түшүнүктүү сөздөр менен берилип, жандуу жана жансыз нерселерге, жаратылыш кубулуштарына, эл колдонгон материалдык маданиятка салыштырылуу аркылуу ишке ашырылган.

Адамдардын көркөм образын жаратууда көркөм сөз каражаттарынын ичинен **эпитеттердин** да өзгөчө орду бар. Эпитет предметтердин (көрүнүштөрдүн) негизги белгилери менен сапаттарын ачык жана так туюндуруп, алардын көркөм элесин пайда кылат. Элдик оозеки чыгармачылыктын көркөм сөз каражаттары негизинен традициялуу болору белгилүү.

Түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгынын сөз берметтери негизин түзгөн «Кутадгу билигден» да «Манас» эпосундагыдай традициялуу эпитеттерди көрүүгө болот.

Эпосто учураган эпитеттер түзүлүшү жагынан туруктуу (индивидуалдуу) эпитет, мүнөздөмө эпитет жана жайылма (развернутый) эпитет болуп бөлүнсө, мазмуну жагынан каармандарды мүнөздөгөн, тулпарларды, унааларды мүнөздөгөн, курал-жарак, эмерек-шаймандарды мүнөздөгөн, табият кубулуштарын ж.б. мүнөздөгөн эпитеттер болуп бөлүнөт.[75] «Манас» эпосундагы башкы каармандарга мүнөздөмө берүүдө жаратылыштын кубулуштары, жаныбарлардын аттары эпитет болуп келүү менен бирге, абстрактуу маанидеги эпитеттер да колдонулат. С. Бегалиев эпитеттерди колдонулуш өзгөчөлүгү боюнча төмөнкүдөй топторго бөлүштүрөт[76]:

1	Жырткыч айбандардын, канаттуулардын аттары менен байланыштуу
2	Баатырларга баа берүүчү эпитеттер
3	Материал эмнеден жасалганын көрсөтүүчү
4	Материалдын өнүн көрсөтө турган эпитеттер
5	Терс каармандарды мүнөздөй турган эпитеттер

Жырткыч айбандардын, канаттуулардын аттары менен байланыштуу эпитеттер, салыштыруулар сыяктуу эле дастанда да көп учурайт. Буларды төмөндө келтириле турган мисалдардан көрө алабыз.

«Кутадгу билигде» абстрактуу маанидеги эпитеттер көбүрөөк колдонулганын байкоого болот. Булар

---

[75] Манас энциклопедиясы. 2-т. – Б., 1995. 369-б.

[76] С. Бегалиев. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары. – Ф.:1988, 38-б., 78-б.

башкаруучуларга, баатырларга, адамдарга баа берүүдө өтө жыш учурайт. Дастанда «Манастагыдай» нерсенин эмнеден жасалгандыгы, анын өңү-түсү жөнүндөгү баяндоолор жокко эсе. «Манас» баатырдык эпос, ал жерде баатырлардын кийген кийими, алып жүргөн курал-жарагы, минген аты, ал аттын жабдыгы, бардык нерсенин өңү-түсүнүн берилиши ошол баатырлардын адамдык сапаттарынан башка да, баатырдыгына баатырдык кошуп, ар бир кичинекей нерсе ал каармандын дагы бир өзгөчөлүгү жөнүндө сүйлөп, угарман, окурмандарга ал баатыр жөнүндө кошумча маалымат берип турат. Ал эми дастанда мындай өзгөчөлүк жок, ал көбүрөөк философиялык, дидактикалык мүнөзгө ээ болгондуктан, мында, биз жогоруда белгилегендей, каармандарга баа берүүчү абстрактуу эпитеттер көбүрөөк учурайт. Башкаруучунун адилеттүүлүгү, акылмандыгы, баатырдыгы, боорукердиги, марттыгы эпосто анын аракеттери, элге жасаган мамилеси, аскерлерди башкарууда көрсөткөн үлгүлөрү аркылуу берилсе, «Кутадгу билигде» бул сапаттар «акылдуу», «адилеттүү», «боорукер», «март», «билимдүү» ж.б. сыяктуу абстрактуу эпитет сөздөр менен берилет.

«Кутадгу билигде» адамдардын сырткы көрүнүшүнө караганда ички мүнөзүн сүрөттөөгө көбүрөөк маани берилет. Бул да эки чыгарманын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу каралууга тийиш. Эпостогу терс каармандарды сүрөттөөдөгү эпитеттерди окумуштуу өзүнчө бир топко ажыраткан, бул мыйзамченемдүү көрүнүш, анткени «Манас» эпосундагы терс каармандарды катарга тизсек, ого эле көп, жана аларды тааныштырган сүрөттөөлөр мазмундук да, көлөмдүк да өзүнчөлүккө ээ, алардын ар бирин сүрөттөөгө эпосто оң каармандардан кем болбогондой маани берилет, анткени терс каармандардын канчалык күчкө, атак-даңкка ээ экендигин сүрөттөө аркылуу манасчылар алп баатырлардын кайталангыс образдарын түзүшкөн. Башкача айтканда, мындай сүрөттөөлөр «Манастагы» оң каармандар кармашкан, согушкан, күрөшкөн жоосунун күчүнөн артык күчкө, акылга ээ экендигин, алардын улуулугун берүүнүн бир ыкмасы катары колдонулат. Дастанда терс каарман деп каралган өзгөчө бир каармандар жок, бирок аны окуган адам,

жакшы адам кандай, жаман адам кандай болорун, эмне жакшы да, эмне жаман экенин, эч кандай түшүндүрмөсүз, оңой эле аңдайт.

А. Н. Веселовский эпитеттердин илимий классификациясын берген. Ал эң алгачкы топко тавтологиялык (кайталануучу) эпитеттерди, башка бир топко түшүндүрүүчү (пояснительные) эпитеттерди, дагы бир топко метафоралык эпитеттерди киргизет.[77] Метафоралык эпитеттер «Манас» эпосунда абдан көп учурайт. Ал эми дастанды окуганыбызда эпитеттин түшүндүрүүчү түрү басымдуу экендигине күбө болобуз. Эпос менен дастандан көркөм сөз каражаты болгон эпитеттерди карап көрүү менен биз бул эки чыгармада канчалык даражада үндөштүк бар экендигине күбө болмокчубуз. Манас баатыр Алмамбетти биринчи көрүп, анын алптыгы жөнүндө төмөнкүдөй сөздөрдү айтат:

Кызыл түктүү пил экен,
Кыраан эрдин бири экен
Алыскы ишти ойлогон
Акылмандын бири экен,
Айбатына жан түтпөс
Баатырлардын бири экен,
Кең көкүрөк, сом далы
Балбандардын бири экен.
Кездешкенин мент кылып
Алгандардын бири экен,
Азуусу албарс, уу тырмак
Арстандардын бири экен,
Айбаты менен ааламды
Баскандардын бири экен.
(С. О., М. 2-к., 301-б.)

Бир эле ушул мисалдан троптун көп түрүн көрүүгө болот. Кара менен белгиленген сөздөрдүн баары Алмамбетти сыпаттоочу эпитеттер. Алмамбеттин образын ачыш үчүн колдонулган «түктүү пил», «кыраан эр», «азуусу албарс, уу

---

[77]А.Н.Веселовский. Историческая поэтика. – М.: Выс. шк. 1984, – С. 67 - 68.

тырмак арстан» деген сөз айкаштары метафоралык эпитеттерди түзсө, мунун ар бирин өзүнчө караганда пилдей кубаттуу, кыраан көздүү, айбаты, каары арстандыкындай делинип көркөм сөз каражаттарынан салыштыруунун элементин да көрүүгө болот. Ошондой эле анын акылмандуулугу, балбандыгы, ааламды айбаты менен алгандыгы бул портретке кошумча сүрөттөө катары кетет. Бул жердеги колдонулган көркөм сүрөттөө каражаттары баатырдын айбатын ачууда башка көркөм сөз каражаттары сымал образдын маанилүү, башкы бир тарабын ачып берет. Бул болсо Алмамбеттин Манас сыяктуу алп, баатыр эр болгондугу. Бул бир гана каармандын, бир ситуацияда гана сүрөттөлүшүнөн кичине бир үзүндү. Ал эми эпосто канча каарман, ал каармандардын канчалаган кырдаалдарда (ситуация), канча түрдүү сүрөттөлүштөрү бар. Ал эми Манас төрөлгөндө атасы Жакып көрүп, аны төмөнкүчө сүрөттөп берет:

Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат туу,
Кочкор тумшук кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың , көзү үңкүр-
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыкса жолу ачык-
Алп мүнөзү көрүнөт.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу, заар жүз-
Пил мүчөсү көрүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну калың таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз,
Бөрү кулак, жолборс төш,
Бөлөкчө түрү бар экен.
(С. О., М.1-к., 71-72-б.)

Манастын портрети биздин көз алдыбызга туулганда эле ушундай болуп тартууланат. Бул жерде Манасчы келечектеги эл башкаруучу, баатыр, эр Манастын келбетин бизге толук бойдон зор чеберчилик менен сүрөттөп берип отурат. Бул саптар Манас баатырдын «эр мүнөзү», «алп мүнөзү», «пил мүчөсү» жана «бөлөкчөлүгү» кандай өзгөчөлүктөргө байланыштуу көрүнөрүн, чагыларын өз-өзүнчө түшүндүрүүгө алганын байкоого болот.

Булардан башка эпостун текстинде «айкөл Манас», «эр Чубак», «Катагандын кан Кошой», «кыраан Бакай», «чечен Ажыбай», «кан жыттанган эр Жолой», «кырктын башы Кыргыл чал» сыяктуу туруктуу жана грамматикалык түзүлүшү боюнча ар түрдүү эпитеттер көп учурайт.

«Кутадгу билиг» дастанын окуганда жалпы планда «жакшы» эмне, «жаман» эмне, жекелик планда кандай адам «жакшы» да, кандай адам «жаман» деген сыяктуу суроолорго жооптор агылып келет. Эстетикалык категориянын бири болгон «жакшылыктын» алкагында дастан боюнча «мактоо», «алкыш», «атак-даңк», «сый-урмат», «байлык», «сүйүү», «адилеттик» ж.б. түшүнүктөр жатса, жекелик пландагы «жакшы киши» өз ичине «билимдүү», «акылдуу», «адилеттүү», «боорукер», «март», «эр жүрөк», «баатыр», «көрөгөч», «ак ниет», «ишеничтүү» сыяктуу түшүнүктөрдү камтыйт. Тескерисинче, эпосто да, дастанда да жалпы пландагы «жамандыктын» алкагында «каргыш», «кордоо», «азап», «өкүнүч», «алдамчылык», «зөөкүрдүк», «адилетсиздик», «мактанчаактык», «сараңдык» сыяктуу түшүнүктөр жатып, «жаман адам» катары «коркок», «сараң», «таш боор», «алдамчы», «өзүмчүл», «билимсиз», «күчсүз» адамдар кабыл алынат. Мындай үндөштүктүн болушу чыгармалардын идеяларындагы окшоштуктардын болушунан келип чыгары түшүнүктүү. Анткени бул көркөм мурастарда биз иликтөөгө алып жаткан мамлекет, аны уюштуруу, башкаруу, коргоо идеяларын чагылдырууда көркөм сөз каражаттары, анын ичинде жогоруда саналган сыяктуу эпитеттер арбын. «Кутадгу билиг» дастанынан бир нече мисалдарды алып карап көрөлү.

2043 йүреклиг керек бег йиме алп атым
йүрек бирле болды йагыка титим
(Ж. Б., 221-б.)

2043 Адам болсо – тайманбас, баатыр болсун,
Кайрат менен кыйратып женсин жоосун.
(Т. К., 184-б.)

2043 Бекке зарыл жүрөктүүлүк, баатырлык,
Душманына эрдик менен татырлык.
(З. М., 136-б.)

2043 Бек **тайманбас, баатыр** жана **алп** болушу керек, ал тайманбастыгы менен душманга каршы чыгат.
(К. К.)

2044 су башлар эрен күр йүреклиг керек
йүрексиз эр ат алса андын йүрек
(Ж. Б., 222-б.)

2044 Баатыр болсун тартынбас аскер башы,
Суу жүрөктө кайдагы кайрат, айтчы.
(Т. К., 184-б.)

2044 Кол баштаган эрлер болсо жүрөктүү,
Жүрөксүздөр андан көрөт дүмөктү.
(З. М., 136-б.)

2044 **Коркок** аскердин кайраттуу болушу үчүн, аскербашынын **баатыр** жана **тайманбас** болушу керек.
(К. К.)

2045 йүреклиг йүрексизке болса башы
йүреклиг болур өтрү тегме киши
(Ж.Б., ош.)

2045 Коркокторго тайманбас болсо башчы,
Коркок дагы тайманбас кайрат тапчу.
(Т. К., ош.)

2045 Жүрөктүүлөр жүрөксүздү баштаса,
Жүрөк бүтөт бардыгына башкача.
(З. М., 136-б.)

2045 **Баатыр** адам коркоктордун башчысы болсо, башкалары да андан кайрат алат.
(К. К)

2049 акылык керек бегке кодкы көнгүл
бу кодкы көнгүл бирле кылкы амул
(Ж. Б., ош.)

2049 Бек дайыма ак көңүл болгон жакшы,
Пейли актын иши да салабаттуу.
(Т. К., ош.)

2049 Бекте болсун кичи пейил жоомарттык,
Кылыгынан салмактуулук табылып.
(З. М., ош.)

2049 Бек **март** жана **жөнөкөй** болушу керек, жөнөкөйлүк менен бирге мүнөзү да **жоош** болушу керек.
(К. К.)

2072 күлер йюз сүчиг сөз силиг өз керек
кылынчы буларка түкел түз керек.
(Ж. Б., 224-б.)

2072 Анан да жумшак болсун, ырайымдуу,
Бардык жерде кармасын так ушуну!
(Т. К., 185-б.)

2072 Сөзү таттуу, жүзү жылуу мүнөздүү,
Пейли кенен болсун бектер түз сөздүү.
(З. М., 137-б.)

2072 Ал **күлмүңдөгөн, бал сөздүү, жумшак мүнөз** болуп, жасаган ишинин баары буларга ылайык болуш керек.
(К. К.)

2073 көнгүл тутса кодкы хем элги акы
буларка йарашы багырсаклыкы
(Ж. Б., ош.)

2073 Дили ак, болсун дайым колу ачык,
Сый берсең ченебестен салгын чачып.
(Т. К., ош.)

2073 Көңүлү кең, элге болсо берешен,
Күйүм менен элге жакса берекең.
(З. М., ош.)

2073 Бек **жөнөкөй, колу ачык** болуп, муну менен бирге **боорукердиги** да болуш керек. (К. К.)

407 кылынчы көни эрди кылкы онгай
тили чын бүтүн хем көзи көңли бай
(Ж. Б., 55-б.)

407 Адилет, түз сүйлөгөн, сурай билип,
Калпы жок, сөзү, ою көктөй бийик.
(Т. К., 76-б.)

407 Туура мүнөз, кылыгы ууз-балдай,
Көзү өткүр, сөзү чын, көңүлү бай.
(З. М., 49-б.)

407 Мүнөзү, аракети жакшы эле, **сөзү чын, көзү да, көңүлү да бай эле.**
(К. К.)

408 билиглиг бег эрди укушлук одуг
исизке от эрди йагыка йодуг
(Ж. Б., ош.)

408 Ал болчу акыл-ойлуу, ишке чапчаң,
Бузукка – күйгөн жалын, каска – капкан.
(Т. К., ош.)

408 Ал болучу билгич, чечен, акыл тапкан,
Жаманга от, жоосуна апат чачкан.
(З. М., ош.)

408 Ал **билимдүү, акылдуу** жана **зирек** бек болчу, жаманга **от**, душманга **чоң коркунуч** эле.
(К. К.)

409 йаңа күр күвез эрди кылкы көни
күниңе көтүрди бу кылкы аны
(Ж. Б., ош.)

409 Тартынбай ишти адилет чече билди,
Күн санап анын даңкы арта берди.
(Т. К., ош.)

409 Өжөр, өктөм эр эле кылганы түз,
Өөдөлөттү ушулары атагын бүт.
(З. М., ош.)

409 Ошол эле учурда **атактуу, жүрөгү таза** жана **мүнөзү жакшы** болуп, бул кылыгы анын атын күн санап даңктады.
(К. К.)

Бул мисалдар бизге дастандын көркөм сөз каражаттардын бири болгон эпитеттерге да бай экендигин көрсөттү. «Манас» эпосундагыдай дастанда алп, баатыр, тайманбас, эр сыяктуу эпитеттер менен катар, биз жогоруда белгилеп өткөндөй, абстрактуу сөздөрдөн турган эпитеттердин да (март, жөнөкөй, боорукер, колу ачык, акылдуу, билимдүү ж.б.) каармандардын образын ачууда абдан жыш колдонулганына күбө болдук.

Троптун дагы бир түрү болгон метафоранын эпосто да, дастанда да нечен түрдө учураганын көрүүгө болот. Метафора – бир нерсенин (же көрүнүштүн), касиетин кандайдыр бир окшоштуктун негизинде башка нерсеге (же көрүнүшкө) өткөрүп жиберүү.[78] Башкача айтканда, көркөм чыгармада образдуулук күчөтүлөт. Бул да сүрөткерлердин жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу болору шексиз. Дастан менен эпостогу үндөштүктү түзгөн метафораларды мисал катары келтирсек, кызыктуу жалпылыктарды көрө алабыз. Жаныбарлар, куштар, өсүмдүктөр дүйнөсүнүн касиеттеринин өтмө маанилери көркөм чыгармалардын экспрессивдүүлүгүн арттырып, түрдүү нерселердин жакындык тараптарын таап, адамдардын ой-чабытынын байуусуна жол ачат. «Манас» эпосундагы метафораларды төмөнкү мисалдардын негизинде дастандагы метафоралар менен катар коюп жалпылыктарын аныктамакчыбыз. Манас Алмамбетти биринчи көргөндө, анын айбаты арстандын айбатын элестетерин айтып, жоосуна каршы тайманбай атырылчу мүнөздү камандан, душманына карата кебелбес баатырдык мүнөздү Алмамбет жолборстон алгандыгын байкап, ал жөнүндө төмөнкүчө сөз кылганы бизге белгилүү.

Азуусу албарс, уу тырмак,
Арстандардын бири экен,
Айбаты менен ааламды,
Баскандардын бири экн!
Качыргандан токтолбос
Камандан алган мүнөзү,

---

[78]Муравьев Д. П. Метафора // Литературный энциклопедический словарь. М., 1987. С. 218.

Кайгырып жоодон шашпаган
Жолборстон алган мүнөзү.
(С. О., М. 2-к., 301-б.)

Ал эми өзүнүн эң жакын адамдарын жоготкон Манас аларды төмөнкүчө жоктойт:

Кызыл найза **желегим**,
Кырааным, берен Алмамбет –
Каңгайдан келген **белегим**.
Эгизим Чубак, **көзөлүм**
Эсимден кетпес эгерим,
Астыма салсам, **ак жолтой**,
Асылым менин Сыргагым,
Алышкан жоодо **шумкарым**!
Атышканда **сан колум**!
Үч бирдей менин береним,
Телегейи тегизим,...
(С. К., М. 2-к., 181-б.)

Алмамбет найзанын желеги, ал Каңгайдан келген белек. Жоого каршы чабуулга киргенде найзаны колго алып, ал жоокердин алдында жоого биринчи тийип, аны жеңишке жеткирчү маанилүү куралдардын бири. Ал Манас үчүн бир белек сыяктуу, белекти жакшы көргөн кишиге беребиз жана ал белек алган киши үчүн абдан баалуу болот. Сыргак болсо Манастын ак жолу, ал анын ийгилиги, жеңиши, жоого каршы чыкканда ал баатырдын шумкары. Алмамбет, Чубак, Сыргак үчөө – бир, сан кол аскер – бир. Үчөө бир кишидей эле, биринен ашкан бири баатыр эле, үчөө барда телегейим тегиз эле, эми кандай болор экен деген кайгы, кабатырлануу, тынчсыздануу алп Манастын жүрөгүнүн тереңинен чыгып, эпостун көркүнө көрк кошуп окурман, угармандарды да ушундай ой-толгоолорго түртөт. Ал эми айкөл Манас өлгөндө токсондогу Кошой кандын:

Ысык-сууктан тосуучу
Орнотулуу чынарым, ...
(С. К., М. 2-к., 86-б.)

– деп, аны жоктошу бизге Манастын эпостогу метафораланган образын элестетет. Чырпык эмес, терек эмес, Манас бул учурда бизге чынар дарагын элестетет. Ошондой

эле эпостогу метафорага мисал болчу бул мисалды карасак, Манас бир куш болсо, анын канат, куйругу анын жанындагы эң жакын адамдары, баатыр кол башчылары экендиги эпосто, чалгынга Алмамбет менен Сыргактын жөнөтүлгөнүнө ачууланып, Чубактын чатак чыгарып жаткан маалында, Бакайдын Чубакка карата айткан төмөнкү кайрылуу сөздөрүнөн белгилүү болот:

Ак тааланын жараткан,
Албан түрдүү кушу бар.
Канаты менен учуп жүр,
Калкылдап көктө ушу жүр,
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу
Экөөбүздөн болуучу!
(С.О., М. 4-к., 195-б.)

Асманда албан түрдүү куш бар, көптөгөн баатырлар бар, алар канаты менен учат, акылы, акылдаштары болсо адам учат, көкөлөйт, ал эми куйругу менен конот, жерде да достордун, жан жөөкөрдүн жардамы менен жашайт. " Манасты Манас кылчу менмин, сенсиң"-, деп Бакай Чубакты ар-намыска акылдуулук менен, айлантып келип айтылган ак сөз аркылуу чакырат. Аны тынчтантат. Так эле ушуга үндөш идея дастандын «Өгдүлмүш Эликке бектер кызматчыларына кандай болушу керектигин айтат» деген бөлүгүндө көркөм сөз каражаттарынын ичинен метафора аркылуу дастанда да төмөнкүчө берилген:

3005 эр ат болды беглер канаты йүги
канатсыз куш учмаз ай беглер беги
(Ж. Б., 310-б.)

3005 Өкүмдарга аскери куйрук, канат,
Канатсыз куш, эй бегим кайда барат.
(Т. К., 244-б.)

3005 Кошуун болот канат-куйрук бектерине,
Канатсыз куш көтөрүлбөс көктөргө.
(З. М., 183-б.)

3005 Аскер бектин канаты; эй бектин беги,
канатсыз куш уча албайт.
(К. К.)

«Канатсыз куш уча албайт» деген поэтикалык структура дүйнөнүн бардык элдеринин адабий, көркөм мурастарында кездешет, бул толук мыйзамченемдүү, бирок мындай сөзмө-сөз окшошуп келүү сейрек кездешчү көрүнүш. Ошондой эле мындай сөзмө-сөз дал келүүлөр эпитеттерди талдоого алганыбызда учураган. Эпитеттердин, дегеле көркөм сөз каражаттардын колдонулушунда «Манас» эпосунда учураган көпчүлүк сөздөрдүн «Кутадгу билиг» дастанында да колдонулганын байкоого болот. Дастан менен эпостогу көркөм сөз каражаттарынын да окшош болуусу, ошондой эле азыркы учурдагы түрк тилдеринде сүйлөгөн көпчүлүк элдерде колдонулган бирдей сөздөрдүн болушу мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени байыркы убакта түрк элдеринин тили, маданияты, үрп-адаты, дүйнө түшүнүгү азыркыдай көп айырмаланган эмес. Ал бизге тарыхтан белгилүү. Казак окумуштуусу Аскар Егеубаев өз китебинин «Кутадгу билиг» дастаны жана азыркы казак адабияты» деген бөлүмүндө, дастандагы көркөм ой жана көркөм сөз каражаттарынын издерин азыркы казак адабиятынан издөөгө аракеттенген жана өз иликтөөсүндө мыкты ийгиликтерге жетише алган.

Эми ушул эле фактыларды азыркы кыргыз тили, эпостун тилине салыштырып кароо, дастандын тили азыркы башка түрк элдеринин тилине, көркөм сөз чыгармачылыгынын өзгөчөлүктөрүнө канчалык ыктаса, андан кем калышпаган түрдө кыргыз тилине, кыргыз көркөм ойломунун чагылдыруу өзгөчөлүктөрүнө жакындашып келип, кыргыз көркөм ойломунун, чагылдыруунун башаттары ушул чыгармаларда жаткандай ой калтырат. Алсак, алп (2043), эр (2044, 3005), арслан йүрек (2310), арсланка окшап (4098), йүрексиз эр (2044), бөри тег күчи (2311) деген ж.б. сөз жана сөз айкаштарынын айрым тыбыштык гана өзгөчөлүгү болбосо, эпосто да, дастанда да, азыр да бирдей экендигин көрүүгө болот. Бул жана мисал катары келтирилген, дагы да келтириле турган көркөм сөз каражаттарынын лексикалык да, семантикалык да маанилери эпос менен дастанда бирдей экендигине биз күбө болдук. Ушул эле жерде дагы бир кайталап кетчү факт М. Кашкари өз эмгегинде кыргыз тили

«нукура түрк тилдеринин» бири экендигин белгилөөсү. Ал эми «Кутадгу билиг» дастанынын текстинен, бизге, чыгарма таза, нукура түрк тилинде жазылганы белгилүү. Бул болсо, дастандын тилинин байыркы түрк тилдеринин ичинде кыргыздар сүйлөгөн тилде жазылып, бүтүн түрк элдеринин орток мурасы болуу менен бирге, азыркы кыргыздардын энчисине көбүрөк таандык деген пикирдин колдоочуларына биздин кошулушубузга башкы себеп болот.

Көп сөздөр дастандын түп нуска (көчүрмөлөр) текстинде да, «Манас» эпосунда да эч которууну, түшүндүрүүнү талап кылбастан, бирдей маанини алып жүрөт, көркөм сөз каражаты катары да аткарган милдеттери окшош. Оюбуз бекемирээк болуш үчүн, башка бир катар мисалдарды келтирмекчибиз, биз өтө терең тилдик талдоо жүргүзбөйбүз, себеби окуу куралынын мазмуну жана көлөмү буга уруксат бербейт жана анын баарын камтып отуруунун зарылчылыгы да жок деп эсептейбиз. Дастандын андан кийинки саптарын окусак, жогорку саптарга толуктоо, ачыктоо киргизгендей болуп, эпостогу айтылган сөз менен анын маанисине шайкеш келген, андагы маанини улаган, ал жердеги ойго абдан жакын дагы бир ой айтылып жатканын көрүүгө болот.

3006 ер ат бирле беглер күчи белгүрер
ер ат бирле беглер түгүнлер йөрер
(Ж. Б., 310-б.)

3006 Аскери бар бектердин – күчү да бар,
Күчтүү бектер көп түйүн чечип алар.
(Т. К., 244-б.)

3006 Кошуун менен бектер бели бекешет,
Кошуун менен бектер түйүн чечишет.
(З. М., 183-б.)

3006 Бектердин күчү жана кудурети аскер менен; бектер аскер менен түйүндөрдү чечишет.
(К. К.)

Бул сап: «Чубак, биз күчтүү болсок, чечилбеген маселе болбойт, ал эми биздин күчүбүз – биримдикте, бирибизди бирибиз колдогондукта экенин унутпа», – деген Бакайдын

насыятына дастандагы акылман Өгдүлмүштүн насыяты үн кошконсуйт.

Жогоруда келтирилгендей эле дастанда да жаныбарлар, өсүмдүктөр, колдонулган материалдык маданияттагы (жай турмуштагы колдонулчу буюмдар, согушта колдонулчу курал-жарактар ж.б.) сөздөр метафоралык каражат катары кызмат өтөгөнүн кийинки мисалдардан көрө алабыз.

2140 кылыч балду болды бу ил сакчысы
кылычын алыр ил будун башчысы
(Ж. Б., 230-б.)

2140 Кылыч менен айбалта өлкө чеби,
Бийлик күчтүү – куралдуу болсо беги.
(Т. К., 189-б.)

2140 Кылыч, балта – эл коргогон сакчысы,
Кылыч менен эл алат калк башчысы.
(З. М., 140-б.)

2140 Кылыч менен балта мамлекеттин сакчысы болот, (элдин) башкаруучу(су) кылычтын жардамы менен башка мамлекеттерди басып алат.
(К. К.)

2383 черик көрсе алп эр көр арслан олур
секиртүр йа өлдрүр йа уршу өлүр
(Ж. Б., 177-б.)

2383 Жоону көрсө – кызарат эрдин көзү,
Жоого кирсе – кызарат жердин жүзү.
(Т. К., 204-б.)

2383 Жоо черүүсүн көрсө эрлер арыстан,
Же кыйратып, же кыйралып кыят жан.
(З. М., 153-б.)

2383 Баатыр жигит жоону көргөндө, арстан болот, секирип чыгып, өлтүрөт же урушуп жатып өлөт.
(К. К.)

2354 одуг бег сөзи көр бүке йолчылыг
көр арслан мүнүгли кылыч камчылыг
(Ж. Б., 175-б.)

2354 Акылдуу бектин сөзү сабак саган,
"Камчылан кылыч менен минсең арстан".
(Т. К., 202-б.)

2354 Сезгир бектин сөзү болсун кыбылаң:
"Арстан минсең кылычыңды камчылан".
(З. М., 151-б.)

2354 Акылдуу бектин сөзүн ук, арстан минсең кылычыңды камчы кыл.
(К. К.)

Буга окшогон мисалдарды келтире берсе абдан эле көп. Дастандын поэтикасы, анын көркөмдүгү жөнүндө казак окумуштуусу Аскар Егеубаевдин: «Дастанның поэтикасы шебер де күрдели. Ежелги поэзия авторы троптың, метафораның алуан түрин аса шебер келисти колданады. Керек жеринде троптармен катар градация, гипербола, литота, ирония, сарказм касиетин астастыра, бирин-биримен күшейте колданады. Ал, бул күрдели, хас шеберлик белгиси. Меселен, «Арыстан минсең, кылышыңды камшы кыл!», «Таякты жауга темир калкан дайында», – дегенде элги метафора эри гипербола кабаттасып келген. Күрдели курылым. Философиялык астары терең түйиндер»[79] – деген пикирине кошулбай коюга болбойт. Чыны менен эле бир караганда салыштыруу, гипербола бардай сезилгени менен бул келтирилген мисалда метафоранын белгилери басымдуурак экендиги байкалат. Көркөм сөз каражаттарынын мындай кабатталып келиши чыгарманын, чыгарма чагылдырайын деген ойдун татаалдыгын, тереңдигин билдирүү менен анын көркөм сөз каражаттары да жөнөкөй болбогонунан кабар берет. Дагы башка бир себеп метафоранын аныктамасына кайрылганыбызда белгилүү болушу мүмкүн. «Метафора – это скрытое сравнение, в котором слова «как», «как будто», «словно» опущены, но подразумеваются. ...Более древними, предшевствовавшими М. элементами образности являются сравнение, эпитет и

[79] А.Егеубаев. Kicilik kitabы. Ana tili. Алматы, 1998. 42-б.

параллелизм».[80] Көркөм сөз каражаттарынын түпкүлүгү бири-бири менен байланыштуу экендиги жөнүндөгү пикирди төмөнкү мисалдардын негизинде да көрүүгө болот, булар жөнүндө салыштырууларга мисал келтиргенде кененирээк токтолуп өткөнбүз. «Айкөл» сөзүнүн башатында, бул сөздүн, адамдык сапатты Ай менен көлгө салыштыруунун негизинде келип чыккандыгы жөнүндө пикир жатса, «арстан», «жолборс», «кабылан», «шер» деген кээде эпитет, кээде метафора болуп кездешкен сөздөрдүн да ошол салыштыруудан улам келип чыккандыгын белгилөө калпыс болбойт.

«Манас» эпосу менен «Кутадгу билиг» дастанындагы бардык көркөм сөз каражаттары бул чыгармалар чагылдырып жаткан идеяны жеткиликтүү, түшүнүктүү, так, көркөм формада кабылдоочуларга жеткирүүдө маанилүү роль ойногонун аныктоо менен салыштыруу, эпитет, метафорадан башка да тилдик каражаттардын (литота, гипербола, метонимия) максаттуу, туура пайдаланылышы бул көркөм мурастарыбыздын атагына атак, көркүнө көрк кошуп турганы анык. Макал-лакаптардын, карама-каршы маанидеги сөздөрдүн катар тизилип келиши (антонимдер), бирдей маанидеги сөздөрдүн бирин-бири толуктап тизмектелиши (синонимдер), улуу, акылман адамдардын айткан сөздөрүнүн орундуу колдонулушу, чыгармалардагы уйкаштыктын сакталышы, мунун баары: биздин ата-бабаларыбыздын кеп маданиятынын тээ байыркы учурларда эле калыптанып, азыркы муун таң кала тургандай деңиздей терең ой, көктөй бийик максат, суудай таза идеяларды камтыган чыгармалардын эл ичинде жашап келгенине далил боло алат.

---

[80] Муравьев Д. П. Метафора // Литературный энциклопедический словарь. М., 1987. – С. 218.

§2. Эпос менен дастанда «өмүр», «өлүм» маселелеринин поэтикалык чагылышы

Эпос менен дастандагы «өмүр», «өлүм» түшүнүктөрүнүн көркөм чагылышы жөнүндөгү сөздү баштоодон мурун кандай гана көркөм чыгарма болбосун анда бул тема, бул түшүнүк сөзсүз камтылары белгилүү экендигин айтмакчыбыз. Анткени өмүр, өлүм бул жашоо чындыгы, ал эми ар бир акын, ар бир жазуучу, ар бир эл, ар бир айтуучу өз чыгармасында реалдуу турмуш чындыгын чагылдырууну алдына максат кылып коёру ачыктан ачык белгилүү. Фольклордук чыгармалар ооздон-оозго, муундан-муунга айтылып келе жаткан элдик көркөм мурас катары каралат. Кыргыз оозеки чыгармачылыгынын өнүгүшү башкачараак жол менен өнүккөн. Кыргыз элинде жаратуучулук таланттуу алып жүргөн адамдар арбын болгон. Ошол эле жаратуучулар чогултуп, топтоп отуруп океан-эпос «Манасты» жаратышты. Эпостордо индивидуалдуулукка караганда традициялуулук басымдуу орунду ээлейт. Кыргыз фольклорунда элдик традициялуу сюжет, көркөм сүрөттөө каражаттарын (арстандай, кабыландай, жолборстой, алгыр куштай, айдай, күндөй ж.б.) пайдалануу менен улуу манасчылар сюжетке толуктоолорду, корректировкаларды киргизип, образдарды мүнөздөө жагынан да жаңы, көркөмдүгү бийик образдык сүрөттөөлөрдү кийирүү аркылуу чыгарманы байытышат. Мына ушул жагын эске алганда, кээ бир элдик чыгармаларда индивидуалдык традициялуулук менен тең келип, айрым учурда басымдуулук да кылганын байкоого болот. «Манас» эпосунун көптөгөн варианттары бар, бардык варианттарын иликтеп отурууга мүмкунчүлүк да, зарылчылык да болбогондуктан, биз изилдөөчүлөр тарабынан бир ооздон көркөмдүгү жогору деп белгиленген Сагымбай Орозбаковдун вариантына көбүрөөк таяндык. Албетте зарылчылыгы болгон жерде башка варианттарга да кайрылууга туура келди. С.Орозбаков «Манас» эпосунун жеке, өздүк вариантын жараткан күчтүү манасчы. Сагымбай Орозбаковдун айтуусунда жазылып алынган вариантта, анын жеке талантына байланыштуу болгон өздүк көркөм табылгалар

абдан көп. Муну аныктоо кыйын эмес, анткени бул манасчыга чейин Манастын образын ачып берүүдө:

Асман менен жериңдин
Тиреөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй...
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы Ай, Күндүн
Жаркынынан бүткөндөй.
(С. О., М. 1-к., 283-б.)

деген сыяктуу саптарды колдонгон айтуучу же жаратуучу болгондугу жөнүндө эч кандай факты, далил жок. Муну Сагымбайдын жеке табылгасы десек, чындыкты айткан болобуз. Албетте, бул бир гана мисал. Бул сыяктуу дагы бир манасчыбыз Саякбай Каралаев. Булардыкы сыяктуу мурдатан башкалар тарабынан айтылып келе жаткан варианттар жок. Муну менен биз элдик чыгармаларды иликтөөгө алганда «Манас» эпосу дегеле эпостун өздүк, индивидуалдык вариантын жараткан ар бир айтуучу, жаратуучунун акындык дараметин, жөндөмүн, анын элдик казынага кошкон салымын эске албай коюш, эпосту бир коллективдүү чыгармачылыктын гана туундусу катары кароо туура эместигин белгилемекчибиз. «Манас» элдик казына, элдик эпос, бирок анын өздүк вариантын жаратып, анын азыркы күндө азыркыдай түрдө жашашына чоң салымын кошкон манасчылардын чыгармачылык талантына, зор эмгегине туура баа берүү дагы да болсо келечектин иши экендигине биз ишенгибиз келет. Бул маселе да өзүнчө иликтөөнү талап кылары шексиз. Ушул эле жерде, дастандын текстинен үзүндүлөрдү, мисалдарды келтирүү боюнча кошумча айтылчу бир сөз, биз, дастандан мисал келтиргенде оригиналга жакын болуп, жакшыраак которулган жерлерин Т.Козубековдун котормосунан пайдаландык, кээ бир учурларда изилдөөбүздүн максатына, темасына ылайык жана тактыкты сактоо тилеги менен түрк алфавитинде жазылган (Р.Р.Араттын транскрипциясы боюнча) дастандын текстин пайдаланып өзүбүз, колубуздан келишинче, азыркы кыргыз

тилине которууга аракеттендик. Котормо иши абдан татаал жана котормочудан чоң чыгармачылык, талыкпас эмгек, жөндөмдү талап кылат. Ар бир көркөм чыгарманын калктын калың катмарына сиңишинде котормочунун ролу чоң. Котормонун да түрлөрү көп болору бизге маалым. Котормочулук иште такыр эле башка, чет тилден которуу бир башкача мамилени талап кылса, тектеш тилден, же байыркы эле өзүбүздүн тилден азыркы күндүн тилине которуу башкача мамилени талап кылышы мүмкүн. Ошондой эле которулуп жаткан тексттин көркөм чыгарма болушу котормочуга дагы бир оор жүктү арткан болот, анткени көркөм котормонун да өзүнүн өзгөчөлүгү, башка түрлөргө салыштырмалуу айырмасы бар. Которулган текстте оригиналдагыдан да мыкты чыккан, таасирдүүлүгү күчтүү болгон учурларды да, оригиналдагыдай көркөмдүк менен таасирдүүлүккө жетпей калган учурлары да болот. Бул да котормочунун тапкычтыгына, билимине, тилди билүү даражасына, кабыл алуусу менен талантына байланыштуу болот. Дастанды азыркы күндүн кыргыз тилинде жаңырткан котрмочубуздун жетишкен ийгиликтери албетте бар, кемчиликтери да жок эмес. Биз мунун чындык экенине иликтөө жүргүзүү процессинде ынандык. Дастандын көркөм котормосу аркылуу тилин изилдөө жакшы натыйжаларды бербей турганы түшүнүктүү. Окурмандарда "Кутадгу билиг" дастанынын тили менен бир аз да болсо тааныштыгы болсун, салыштырып окуу мүмкүнчүлүгү болсун деген максатта кытайлык кыргыздар тарабынан которулган варианттарынан, К.Артыкбаев тарабынан которулган айрым бөлүктөрүнөн да мисал келтирдик. Бул тууралуу окуу куралынын башында сөз болгон.

Кыргыз элинин фольклорунда реалисттик ой-жүгүртүү абдан күчтүү, ал эми реалдуу турмуш чындыгы «Манас» эпосунда толтура. Эпос менен дастандагы **«өлүм», «өмүр» түшүнүктөрү чыгармалардын композициясынын негизги маанилүү бөлүгү болгон керээздерде** эң сонун формада чагылдырылган.

Кыргыз элиндеги эң бир маанилүү адат-салттардын бири өлүм алдында жаткан адамдын тирүүлөргө, жакындарына,

уул-кыздарына керээз калтыруусу. Керээз айтуу азыркы күнгө чейин жашап келе жаткан көптөгөн ата салттарынын бири. Албетте азыркы күндөгү керээздин мазмуну, формасы заманга жараша өзгөрдү. Керээзди аткаруу, орундатуу ар бир ак ниет адамдын милдети болуп саналат. Керээзди орундатуу бул өлүм алдында жаткан адамды кадырлоо, анын тажрыйбасын, басып өткөн өмүр жолун сыйлоо жана анын арбагын ыраазы кылуу менен барабар. Бул жашоодон миң-миң деген кишилер өттү-кетти, ошолордун баары болбосо, көбү керээз калтырды, бирок акылман эл, таланттуу жаратуучу, зирек акындар ошолордун ичинен жалпы эл кызыкчылыгын камтуу менен жеке көйгөйлөрүн да ортого салып, керээз кылып калтырган адамдардын сөздөрүн гана көркөм чыгармаларда жашатып, анда эл кызыкчылыгы, анын элге кызматы канчалык даражада экендигине байланыштуу эсинде сактап, көркөм чыгармаларда чагылдырып, айрымдарын азыркы күнгө чейин сактап келди.

Керээздердин өзүнчө чыгарма катары да, чыгарманын ичинде, аны түзүүчү компонент болуп, ал чыгарманын ажырагыс бир бүтүндүгү катары да жашап келе жаткандары бар. Керээз айтылышы же катка жазылышы мүмкүн. Эгер керээз багышталган адам башка жакта болсо, керээз айтып жаткан адам керээзин башка бирөөлөргө айтып, катка жазып же жаздырып калтырышы да мүмкүн. «Манас» эпосунда Көкөтөй менен Манастын керээзи эпостун мазмуну менен көркөмдүгүн байытып, чыгармадагы ойдун өнүгүшүндө маанилүү роль ойносо, ошондой эле жүктү көтөргөн дастанда Айтолду менен Өдгүрмүштүн керээзи бар. Муну чыгармалардагы композициялык үндөштүк катары кароого болот. «Көкөтөйдүн керээзи негизинен өзүн кандай көмүү жана аш берүү жөнүндө болгону менен мазмуну, багыты кеңири. Айрыкча Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда керээз ырынын жанрдык мүмкүнчүлүгү артып, таанытуучу-эстетикалык мааниси бир топ кеңейген: турмуш-тиричилик гана эмес, коомдук-социалдык, тарыхый-этнографиялык жана дипломатиялык маселелерди камтып, лирика-эпикалык деңгээлге чейин көтөрүлгөн.

Көп жашап, көптү көргөн журт атасы Көкөтөй өзү өлгөндөн кийинки элинин тагдырын ойлоп, санаасы санга бөлүнөт».[81] Керээзде адам бүтүн басып өткөн жолун элестетип, жанындагыларга жашоодон алган тажрыйбасы менен бөлүшүп, жашоонун мааниси, өмүрдүн баалуулугу, таттуулугу, татаалдыгы, өлүмдүн кадиксиздиги жөнүндө сөз кылуу менен бирге, жогоруда белгиленгендей, өз мамлекетинин саясий, социалдык абалын ойлоп тынчсызданууусун да билдиргени бизге маалым. Керээз калтырып жаткан киши бир гана өз балдарынын эмес, бүтүндөй журтунун өткөнүн, азыркысын, келечегин көз алдына элестетип, кээде өткөнгө өкүнсө, кээде келечек үчүн кабатырланганын билдирет. Манас менен Айтолдунун керээздеринен мындай кабатырлануунун өзгөчө илеби уруп турат.

Бизди кызыктырган «өмүр», «өлүм» маселеси эпос менен дастанда жашоодо болгондой эле, баштан аяк коштоо менен өзгөчө бул түшүнүктөр керээзде күчтүү чагылдырылышка ээ экендигин белгиледик. Ошондой эле бул түшүнүктөр эпос менен дастанда сюжет боюнча бир киши өлгөндөн кийин аркасынан жоктоо иретинде айтылган сөздөрдө (кошок) да өтө терең, көп тараптуу чагылышка ээ. «Манас» эпосунда баатырлар өлгөн соң аларды даңазалап, ар түрдүү баатырдык сапаттарын саноо менен жаратуучу ал монологдун же диалогдун (кошок болуп айтылган) ичинде «өмүр», «жашоо», «өлүм», «ажал» жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдү кыргыздын, ата-бабалардын канаттуу сөздөрү, биздин түшүнүктөгү көркөм сөз каражаттардын бардык түрлөрүн пайдалануу менен элестүү, ачык, көркөм чагылдырып бере алган. Сөзүбүз ынанымдуу болуш үчүн эпос менен дастандан керээз иретинде, жоктоо иретинде айтылган, ушундай мазмунду алып жүргөн саптардан мисал келтирип көрөлү.

Туулмак бар, өлмөк бар,
Жакшылык менен жамандык
Туш тушунда көрмөк бар.
(С. О., М. 2-к., 24-б.)

---

[81] Манас энциклопедиясы. 1-том. – Б., 1995. 293-б.

Бул саптарда «туулмак», «жакшылык менен жамандык» өмүр, жашоо маанисине туура келсе, кийинки саптарда:

Көкөтөй ооруп...
Өлөөрүндө,
Өтүрүк дүйнөдөн
Чын дүйнөгө жөнөөрүндө
(С. О., М. 3-к., 7-8-б.)
Менин көзүм өткөн соң,
Бу дүйнөдөн көчкөн соң,
Жан чырагым өчкөн соң,..
(С. О., М. 3-к., 15-б.)

Жашоо, өмүр бул саптарда – «өтүрүк дүйнө», «бу дүйнө», «күйүп турган чырак». Күйүп турган чырак, күйүп турган шам, жан чырактын күйүп турушу – өмүр экенин айтуу менен эпос, өмүр – жарык, демек, жакшы нерсе, керектүү, маанилүү, баалуу деген идеяны даңазалайт. Ошондой эле өмүр «кызык жалган дүйнө» деген татаал эпитет аркылуу туюнтулууда. Бул болсо канчалык жашоо оор, кыйын болбосун ал адамдар үчүн дайыма кызык экендигин эпос дагы бир кайталайт. Эпостогу «өмүр» деген түшүнүктүн берилген жеринде, дээрлик дайыма, «өлүм» түшүнүгү да берилгендиктен бул экөөнү ажыратып карап, талдап, иликтөөгө караганда, бирге карап, бирге талдоо ыңгайлуулукту жаратат. Жогорудагы саптарда «өлүм» – чын дүйнө, кыямат дүйнө, шам чырак менен жан чырактын өчүшү катары каралат. Өзгөчө "жан чырак" деп алынган көздүн метафораланып берилиши, уйкаштык менен кошо текстке көркөмдүүлүк, образдуулукту берип турат. «Өмүр» түшүнүгүн чагылдырган сыяктуу эле, «өлүм» түшүнүгү да көп түрдүү синтаксистик курулуштар, туруктуу сөз айкаштары, эпитет сөздөр, метафоралар аркылуу туюнтулган.

Келсем атам өлүптүр,
Келбес жайга көчүптүр,
Күйгөн шамым өчүптүр
Күйдүргү жайга көчүптүр.
(С. О., М. 3-к., 37-б.)
Өлүп калсак кырылып,

Бир чукурга тололук.
Тирүү болсок жыйылып,
Бир дөбөдө бололук.
(С. О., М.1-к., 215-б.)

Өлүм – «чын дүйнө», «о дүйнө», «келбес жай», «күйдүргү жай» деген аныктамаларга ээ болуу менен бирге, ал бир чукур (чуңкур, аң) – караңгы жай, ал эми өмүр бир дөбө – бийик, жарык, баарын көрө ала тургандай жай экени жогорудагы саптардан белгилүү болууда. Эпосто өлүм, өмүр түшүнүгү карама-каршы маанидеги сөздөрдүн туура пайдаланылышы аркылуу абдан таасир этерлик түрдө берилет. Өлүмдөн эч ким кутула албастыгын, ал тагдырдын бир буйругу экендиги жөнүндөгү идея дастанда кандай поэтикалык күч менен берилсе, эпос да муну ошондой эле экспрессивдүүлүк менен чагылдырат.

Адам уулу кайда өлбөс,
Өлбөгөн бенде не көрбөс.
Өзү кадыр алданын
Өкүмүнө ким көнбөс.
(С. О., М. 3-к., 286-б.)

Ажалдуу киши өлбөйбү,
Алдасы жазып койгонун,
Пендеси кургур көрбөйбү.
(С. К., М. 2-к., 213-б.)

Өлүм деген чоң конок,
Өлбөгөн жандын баарысы
Тирүүсүндө жутунат,
Ушу турган өлүмдөн
Баатырлар, кайсы жан качып кутулат?!
(С. К., М. 2-к., 195-б.)

Бул сөздөр менен Алмамбет душманга каршы согушка кайра кирет. Бул саптарда тирүүлүк – өмүр жакшы, жарык, кызык нерсе гана эмес, ал – күрөш, согуш, кыйынчылык, өзүнчө бир азап деген ой да чыгып жатат. Бирок кайсы учурда өмүр жакшы, кызык да, кайсы учурда азаптуу болору эпостун сюжетине, андагы окуялардын маани-маңызына тыгыз байланыштуу. Ошондой эле өлүм – жаман, караңгы, күйдүргү бир жай, бирок кээ бир саптарда, өлүм – намыс,

өлүм – шаң, өлүм – эл-жер, өлүм – элдин келечеги. Бул да жогоруда белгиленгендей чыгарманын идеясын чагылдып берүүдөгү өзгөчө бир ыкма.

Кыргыздардын жашоосунда мал, анын ичинде жылкы маанилүү экендиги бизге көптөгөн тарыхый, адабий булактардан белгилүү. "Манас" эпосундагы тулпарлардын образын сүрөттөдөгү өзгөчөлүктөргө арналган[82] окуу китебинин жарык көрүшү бул маселенин маанилүүлүгүн дагы бир ирет далилдейт. «Манас» эпосунда Манас үчүн өмүр, бу дүйнө качан азаптуу жана жаман? Ал жакын чоролорунан, атынан ажыраганда.

Азаптуу дүйнө, оңбо деп,
Арман бир кылып тура албай,
Падыша бармакты жара чайнады.
Эми өлбөй кантип жетем деп,..
(С. К., М. 2-к., 206-б.)

Ушинтип, Манас Аккуладан ажырап, кайгыга чөмүлүп турганда, Бакай келип:

Алты айга чыдайт Нарбуудан,
Белекке алып мен келдим,
Береним төрөм, мингин деп,
Өчкөн отун тамызып,
Арбайып жөө турганда
Баатырдын өлгөн жанын тиргизип,
(С. К., М. 2-к., 210-б.)

«Өчкөн отун тамызды», «Баатырдын өлгөн жанын тиргизди» деген саптар бир эле үмүтсүз калып, өлүмгө жакын турган Манасты күчтүү башка атты тартуулоо менен Бакай өлүмдөн куткарды деген маанини берет. Бирок муну жаратуучу көркөм сөз каражатынын (метафора) күчү менен эң сонун, образдуу формада бере алды. Кыргыздарда, өзгөчө эпосто өлүм кароосуз калган мал, ээсиз калган байлык, сайылган тал, жесир калган аял менен ассосацияланат. Көкөтөй өлөрүндө:

---

[82] Орозобекова Ж. "Манас" эпосундагы тулпарлардын көркөм образдары. – Б.: "Кыргызстан – Сорос" фонду, 1997.

Сайылган бойдон тал калды,
Жайылган бойдон мал калды,
Жыйылган бойдон пул калды,
Алганым жесир тул калды.
(С. О., М. 3-к., 10-б.)

– деп, боздосо, Алмамбет, Чубак, Сыргак өңдүү алптарын жоготкон Манастын алдынан утурлай чыккан Алмамбеттин зайыбы Аруукe:

Тоодогу жылкы тогуз миң,
Муну тосуп коёр ээси жок,
Кудайдын салган ишине,
Баатыр ай, көтөрбөскө чара жок,
(С. К., М. 2-к., 224-б.)

– деп, бир жагынан баатырларды жоктосо, бир жагынан өлүмгө айла жок, көтөрбөскө арга барбы деп, айкөл Манастын кайгысын тең бөлүшүү ниетин билдирет.

Жыйынтыктап айтканда, эпос боюнча, өмүр – жанган үмүт, кызык жашоо, жарык дүйнө болуу менен бирге, ал – кайгы, муң, азап, жоготуу. Бирок, турмуш канчалык кыйын, азаптуу болбосун, адам ар дайым жашагысы келет, ал тирүүлүктү баалайт, жашоону сүйөт деген идея «Манаста» жок эмес:

Өкүмү күчтүү бир кудай
Өлбөс кылып койсочу
Өрттөнүп кеткен адамды!
(С. О., М. 3-к., 10-б.)

Ал эми дастан бул түшүнүктөрдү кандай сөз, кандай каражаттар менен кантип чагылдырды экен. Дал ушул жогорудагы идеяны, ойду дастан төмөнкүдөй саптар менен берет:

1543 не эдгү иш эрди өлүм болмаса
не көрклүг иш эрди киши өлмесе
(Ж. Б., 175-б.)

1543 Жашоодо өлүм келбес болсо гана!
Жашоодо адам өлбөс болсо гана!
(Т. К.150-б.)

1543 Кандай жакшы эгер өлүм болбосо,
Кандай сонун киши деги өлбөсө.
(З. М., 108-б.)

1543 Кандай жакшы болмок эле өлүм болбосо; кандай сонун болор эле киши өлбөсө.

(К. К.)

1170 сүчиг бу тириглик ачыг бу өлүм
анунды каны эмди качгу йолум

(Ж. Б., 134-б.)

1170 Өмүр – таттуу, ачуусу – шумпай ажал,
Чалындым жайган торго таппай амал.

(Т. К., 127-б.)

1170 Өмүр – таттуу, ачуу экен ажалың,
Өлүм келди кайда качып барамын?

(З. М., 91-б.)

1170 Бул жашоо таттуу, өлүм ачуу; өлүм келсе, андан качуунун жолу кайда.

(К. К.)

«Кутадгу билиг» дастанында өлүм, өмүр жөнүндөгү саптар абдан көп учурайт. Бул түшүнүктөрдү чагылдырууда колдонулган көркөм сөз каражаттары да өздөрүнүн көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Эпосто өмүр, өлүм түшүнүгүн берүүдө көбүнчө эпитет, метафора сыяктуу көркөм сөз каражаттары колдонулса, дастанда өмүр, өлүмдү чагылдыруу басымдуу түрдө салыштыруу аркылуу ишке ашкан. Дастандагы өмүр түшүнүгү жарык, жакшы болуу менен бирге, эпостогудай эле, ал – азап, ал – кайгы, ал – кыйынчылык болуп, өзгөчөлүгү дастанда өмүр бул – алдануу, өмүр бул – сыноо деген идеяга көбүрөөк басым жасалган учурлар бар. Бул түшүнүктүү нерсе, анткени дастандын жазылган учуру, ал жаралган учурдагы тарыхый шарттар, дастанда бул (ислам) идеяны туу туткан символдук каармандын болушу (Өдгүрмүш) мындай идеянын басымдуу түрдө өкүм сүрүшүнө кызмат кылат. Дагы бир белгилей кетчү өзгөчөлүк, дастанда өмүрдүн маани-маңызы жакшылыкта, жакшылык кыл, жакшы иштин башында жүр, ошондо сен өлбөс болосуң деген идея менен бирге, жамандык өлүм менен тете, жамандык кылганың сенин өлгөнүң менен барабар деген пикир бар. Бул да дастандын идеясы жана дидактикалык мазмунуна байланыштуу болгону

түшүнүктүү. Анткени өмүр барда жанындагыларга үлгү бол, жакшылык, кубаныч тартуула, эл-жер үчүн кызмат кыл, эл сени ошол жасаган эмгегиңден эскерсин деген насыят сөздөр дайыма адам баласына ата-бабалар тарабынан айтылып келе жаткан сөздөр. «Манас» эпосундагы сыяктуу эле, дастанда да өмүр, өлүм түшүнүктөрү карама-каршы маанидеги сөздөр, түрдүү салыштыруу менен эпитеттердин жардамы аркылуу ишке ашкан.

5921 тириглик кайу ол көр эдгү кайу
айу бир маңа сен ай билге бүгү
(Ж. Б., 586-б.)

5921 Карачы, өмүр кайсы, жакшы кайсы,
Айтчы мага аларда маани кайсы?
(Т. К., 437-б.)

5921 Өмүр кандай, жакшылык не экенин,
Түшүндүргүн, мен тегине жетейин.
(З. М., 336-б.)

5921 Жашоо эмне, жакшылык кандай болот,
эй аалым башчы мага муну түшүндүрчү.
(К.К)

5922 бу эдгү турур көр көнилик чыны
тириглик турур көрсе эдгү аны
(Ж. Б., ош.)

5922 Өмүрүңдүн мааниси – адал ишиң,
Өмүрүң арналсынчы – жакшы иш үчүн.
(Т. К., ош.)

5922 Ал жакшылык болучу түздүк чыны,
Тирүүчүлүк дал ошол көрсөң сыны.
(З. М., ош.)

5922 Жакшылык деген, чынында, адалдык, муну жакшылап байкасаң, жашоонун өзү. (К. К.)

Бул саптарда жашоо, өмүр – адалдык, ак иш, жакшы аракет экен. Бул өмүр деген түшүнүктүн дастандагы бир жактуу гана чагылышы. Ал эми «өмүр» Жусуп Баласагындын пикири боюнча абдан татаал – бирок, таттуу, абдан кыйын – бирок, кызыктуу, аябай оор – бирок, желдей, шамалдай, бороондой жеңил келип, тез өтүп кетчү, колго кармалбас,

«кыз кыялдуу» туругу жок, кыска, өзгөрүлмө, бирок дайыма «карыбай» жапжаш боюнча калган бир нерсе. Мисалы:

1073 күфенчлик тириглик көтүрди өзин
йайыг дүнйа миндин евүрди йүзин
(Ж. Б., 124-б.)

1073 Кубанчым, өмүрүм да качып барат,
Жарык дүйнө жүз буруп шашып барат.
(Т. К., 121-б.)

1073 Кубанычтуу тирүүчүлүк менден кетти,
Жалган дүйнө опасыз буруп бетти.
(З. М., 86-б.)

1073 Ишенген өмүр жок болду, туруксуз
дүйнө менден жүзүн бурду.
(К. К.)

1074 севинч арзу нимет туру калгалыр
сакынч кадгу михнет маң акелгелир
(Ж. Б., 125-б.)

1074 Жыргал, бакыт бүт артымда калабы,
Кайгы-мээнет мага сугун кадады.
(Т. К., 121-б.)

1074 Шаттык, тилек, байлык качып баратат,
Кайгы-дарттар, мээнен кыстап келатат.
(З. М., ош.)

1074 Сүйүнүч, арзуу, жакшылыктар артта калып,
кайгы, капа жана азап мага келе жатат.
(К. К.)

1175 түпи йыл кечер тег тириглик кечип
асыгсыз улыр мен өзүмке ачып
(Ж. Б., 125-б.)

1175 Бороон болуп токтобой өмүр өттү,
Отурам пайдасы жок өкүнүчтүү.
(Т. К., 128-б.)

1175 Мына бүгүн мен өзүндөн айрылам,
Улутунуп өкүнүчтүү кайгырам.
(З. М., ош.)

1175 Өмүр бир бороон сымал өтүп кетип,
өкүнүп отурам, өзүмө боорум ачып.
(К. К.)

5133 бу кыфчак кофы дүнйа кычкы ажун
нече бег карытты карымаз өзүн
(Ж. Б., 512-б.)

5133 Бул дүйнө өзгөрүлмө, дайыма ач,
Карытты канчаларды өзү жапжаш.
(Т. К., 387-б.)

5133 Ичи көңдөй, өтүүчү аалам көзү ач,
Канча бекти карытты ал өзү жаш.
(З. М., 300-б.)

5133 Бул бекер, бош дүйнө качанкы бир аалам
канчалаган бектерди карытты, карыбас өзү.
(К. К.)

6122 түкел кыз кылынчлыг турур бу ажун
сини армасуны ай кылкы түзүн
(Ж. Б., 607-б.)

6122 Кыз кыялдуу бул дүйнө туругу жок,
Кармалбагын, кутманым, туткун окшоп!
(Т. К., 451-б.)

6122 Бул дүйнөңүз кылактаган сулуу кыз,
Алдабасын абайлагын, пейли түз.
(З. М., 349-б.)

6122 Бул дүйнө дал бир кыз кылыгындай, эй
жумшак мүнөз инсан алданбагын.
(К. К.)

«Кутадгу билиг» дастанында эпостогудай эле өлүм бул ажырашуу, кайгы, жамандык, көз жаш, өкүнүч. Ошону менен бирге өлүм бул тагдырдын жазмышы, андан эч ким качып кутула албаган жана кутула албайт, эртеби, кечпи ал келет, өлүм тооруй электе жакшылык кылып, эмгектенип, жакшы атыбызды калтырууга аракеттенели деген идеяны даңазалаган саптар абдан көп. Ал эмес, өмүр менен өлүмдү душман кылып, ооруну өлүмдүн жолдошу, өлүмдүн белгиси катары караган акындын ой-чабыты окуган ар бир кишини суктандырат. Чындыгында эле, адам өлө турган болбосо да, ооруганда, аны ойго салып капаланткан, «мен өлсөм эмне болот же эмне болом?» деген суроо болот. Бул суроо ал

кишини дайыма тынчсыздандырат, аны менен жолдош сыяктуу жанында болуп, эч убакта айрылбайт.

4359 иг ол көр кишике өлүм колдашы
өлүм ол кишике тириглик туши
(Ж. Б., 438-б.)

4359 Оору жолдош өлүмгө, жолун туткан,
Өлүм болсо – өмүргө чексиз душман.
(Т. К., 334-б.)

4359 Адам үчүн оору өлүмдүн жолдошу,
жашаган ар бир киши өлүмгө туш болот.
(К. К.)

4618 өлүмдин йумушчы иг ол ашнусы
киши игледимү өлүм кошнысы
(Ж. Б., 463-б.)

4618 Кесел деген – өлүмдүн кабарчысы,
Оорунун өлүм болот коштоочусу.
(Т. К., 353-б.)

4618 Оору өлүмдүн биринчи кабарчасы,
киши ооруса, өлүм жанында.
(К.К.)

4619 бела михнет ол иг өлүм тутгакы
өлүмде татыг йок азу йакшысы
(Ж. Б., 463-б.)

4619 Оору – азап, өлүмдүн чабарманы,
Өлүмдө өнүү барбы, жыргал кайсы?
(Т. К., 353-б.)

4619 Оору бале, азап, өлүмдүн чабарманы,
өлүмдүн таты, жакшысы болбойт.
(К. К.)

306 бу төрт ненг азын ачка тутма негү
бүгү сөзлемиш сөз ешитгү өгү
(Ж. Б., 46-б.)

306 Төрт нерсе бар көлөмү аз, күчү көп,
Даанышмандар алданба дейт, – аз го деп
(Т. К. 308-бейт, 69-б.)

306 Башкаруучулардын сөзүн ук, ойлон
жана ушул төрт нерсенин азын аз көрбө.
(К. К.)

307 бу төртте бири от, бириси йагы
үчүнчи иг ол көр тириглик агы
(Ж. Б., 46-б.)

307 Алардын бири жалын, бири – душман,
Үчүнчүсү – көр тирлик сени туткан.
(Т. К., 309-бейт, 69-б.)

307 Бул төртөөнүн бири – от, бири – душман,
үчүнчүсү көр тириликтин тузагы болгон
оору.
(К. К.)

1139 негү бар ажунда өлүмдин катыг
өлүмүг сакынса китер миң татыг
(Ж. Б., 131-б.)

1139 Өлүмдөн ашып түшкөн каргыш барбы,
Ойлосоң өлүмүңдү жашоо кайгы!
(Т. К., 125-б.)

1139 Дүйнөдө өлүмдөн оор дагы эмне бар,
өлүмдү ойлосоң бардык жакшы
нерселер жок болот.
(К. К.)

1134 төзү тын токырка өлүм бир капуг
кирүр бу капугка йорыглы камуг
(Ж. Б., 130-б.)

1134 Ажал – бул тирүүлөргө ачык эшик,
Тирүүлөр кутулган жок качып өтүп!
(Т. К.,125-б.)

1134 Бардык жандуулар үчүн өлүм бир эшик,
кыбырагандын баары бул эшикке кирет.
(К. К.)

Бул жерде өлүм бир эшикке салыштырылат, бардык жандар бул эшикке барат, андан өтөт. Абдан таамай, так салыштыруу. Ошондой эле дастанда өлүм деңизге салыштырылып, ал кайсы жагынан окшошо турганы да ачык айтылат.

1140 өлүм бир теңиз ол учы уок түпи
бака көрсе йетрү түпи йок батыг
(Ж. Б., 131-б.)

1140 Өлүм деген уч-кыйры жок көк деңиз,
Түбү терең чыгарбас түшкөн жанды!
(Т. К., 125-б.)

1140 Өлүм – деңиз, учу-кыйырсыз чалкыган,
Карап турсаң түбү жоктой балкыган.
(З. М., 89-б.)

1140 Өлүм учу-кыйырсыз бир деңиз, көңүл коюп карасаң, түбү жок бир **чуңкур**.
(К. К.)

Жогоруда эпостон келтирилген мисалда чукур – өлүм катары каралганына токтолгонбуз. Азыркы дастандан келтирилген мисалды карап көрсөк, метафоралардагы паралеллдикти байкабыз.

Ал эми өлүм бул биздин тагдыр, жазмыш экендиги жөнүндөгү пикир дастанда төмөнкүчө берилген:

1232 калы билмез эрсе йетилсе ежел
битилмиш болур бу ежелке эзел
(Ж. Б., 140-б.)

1232 Ажал келсе дабаа жок, алаар жанды,
Пешенеге жазылса, айла барбы.
(Т. К.131-б.)

1232 Андай болбой эгер жетсе ажалым,
Жазмыш иши ошол күнү барамын.
(З. М.,94-б.)

1232 Эгер сенин ордуңа менин жанымды албай, сага ажал келсе, демек бул ажал пешенеге мурунтан жазылган.
(К. К.)

Өдгурмыш өлгөндө Эликтин Өгдүлмүшкө көңүл айткан саптарынан мисал келтирип көрөлү:

6311 байат хүкми ерди кадашың өзе
йорытты казасын сен өз кылк түзе
(Ж. Б., 625-б.)

6311 Кудайдын буйругу да – жашырды жер,
Бооруң кетти, эми өз камыңды көр!
(Т. К., 464-б.)

6311 Каза болуп узап кетти тууганың,
Пейлиң оңдо, өкүмү ал куданын.
(З. М., 360-б.)

6311 Бир тууганыңдын башына келген кудайдын буйругу, сен өзүңдүн камыңды көрүп, кылыктарыңды түзө.
(К. К.)

6313 тогуглы өлүр ол агыглы илүр
йорыглы тынур ол биригли алур
(Ж. Б., 625-б.)

6313 Турган – кулайт, төрөлгөн акыры өлөт,
Жүргөн тынат, берген алат, боло берет.
(Т. К., 464-б.)

6313 Чыккан түшүп, өтүп келген туулган,
Баскан тынып, берген алат мурунтан.
(З. М., 360-б.)

6313 Төрөлгөн өлөт, көкөлөгөн түшөт, жүргөн токтойт, берген алат.
(К. К)

Элик: "Өлүм – бул кудайдын жазганы, аны көтөрбөскө арга жок, көп кайгырбай сен эми өзүңдү ойло, биз да эртең эле ошол жерде болобуз, ошондуктан өзүңдү жакшы карап, жакшы аракеттериң менен элге жак, ак кызматыңды улант, сабырдуу бол", – деген сөздөр менен өз вазирин сооротуп, жашоонун тынымсыз, өзгөрүлмөлүүлүгү жөнүндөгү өз пикирин дал ушул жерде карама-каршы маанидеги сөздөр аркылуу билдирет. Жусуп Баласагын кайсы жерде кимге, эмне сүйлөтүштү билген. Бул да акындын сөз, ой чеберчилигинин дастандагы бир чагылышы катары каралууга тийиш.

Өмүр, өлүм түшүнүктөрүн чагылдырууда, өлүм канчалык каардуу, ажал күчү канчалык карылуу болуп, эч кимдин каалоосуна койбой өз убагы келгенде алып кете берүүгө акылуу экендигин белгилөө менен, акын өлүмдүн үстүндө өмүр дайыма салтанат куруп, адамдар үчүн жашоо, тирилик өтө маанилүү да, кызыктуу да, шаңдуу да экендигин өзүнүн дастандагы төмөнкү саптары аркылуу билдирет. Шум ажал Өгдүлмүштүн акылдуу атасын, ынсаптуу агасын алып

кетти, бирок ал өлүмдөн коркуп, мөгдүрөп, өлөр күнүн күтүп калган жок, ал кайрадан мурункудан да өткөн кайрат, күч менен өз ишин жанталашып улантты.

6340 сакынч кылды кач күн бу өгдүлмише
кечүрди бу кадгу йазылды каша
(Ж. Б., 627-б.)

6340 Акдилмиш да көп күнү аза күттү,
Кайгы азайып, жеңилдеп сергий түштү.
(Т. К., 466-б.)

6340 Канча күндөп Өгдүлмүш күтүп аза,
Эсин жыйды акыры муңун баса.
(З. М., 361-б.)

6341 унутту бу кадгу сакынчыг йиме
йиди ичти севинди йана
(Ж. Б., ош.)

6341 Кайгы кетип, кайрадан ишин кылды,
Ичип, жеп, ойноп-күлдү, көңүл тынды.
(Т. К., ош.)

6341 Кайгы-муңдан арылды унуткара,
Жеди-ичти, сүндү күлүп жана
(З. М., ош.)

6342 иди йакшы аймыш будун башлар ер
билиг бирле ил күн ишин ишлер ер
(Ж. Б., 628-б.)

6342 Эң жакшы айткан экен эл баштаар эр,
Башкарып билим менен журтту күтөр:
(Т. К., ош.)

6342 Өтө жакшы айткан экен башчы эрен,
Калктын ишин иштеген билим менен:
(З. М., ош.)

6343 нече кадгу сакынч сини булнаса
йана ок күлер көз нече йыгласа
(Ж. Б., ош.)

6343 «Канчалык кайгы-азапты тартсаң дагы,
Алмаштырат күлкү шат кайра аны.
(Т. К., ош.)

6343 Кайгы-капа сени канча чырмаса,
Күлөт көзүң ошончолук ыйласа.
(З. М., ош.)

6344 ажун оңдиси бу телимде берү
исиз едгү ертер нече йылласа
(Ж. Б., ош.)

6344 Кылымдардан кылымга өтүп келет,
Жаман, жакшы баарына – мезгил дары!»
(Т. К., ош.)

6344 Мына ушундай кануну ушул аалам,
Өтүп турат алмашып жакшы-жаман.
(З.М., ош.)

6345 сакынчын кечүрди көр өгдүлмише
тапугка бака турды итти ише
(Ж. Б., ош.)

6345 Акдилмиштин кургады аккан жашы,
Кайрадан милдет – ишин өтөйт жакшы.
(Т. К., ош.)

6345 Өгдүлмүш да азасын кылып тамам,
Өз иштерин улантты кайта анан.
(З.М., ош.)

6346 харислык биле ол тапуг башлады
киче таңда барды ишин ишледи
(Ж. Б., ош.)

6346 Жанталашып, аябай бардык күчүн,
Күнү-түнү тынбастан кылды ишин.
(Т.К., ош.)

6346 Ал бериле кызматын кайта баштап,
Ишин кылды күндөрүн түнгө аштап.
(З. М., ош.)

Мындай идея «Манас» эпосунда Канык ей Манас баатырдын аркасынан мөгдүрөп өлүп калбай, белин бекем бууп, Семетейден үмүт кылып, жакшылык, келечек жашоону ойлоп, Букарга качып барып, ал жерде айкөлдөн калган белекти чоңойтуп, өз эли-жерине көчүп келишин сүрөттөгөн окуялар аркылуу чагылдырылган. Болбосо, Манас баатырдын өлүмү кандай кайгы, кандай азап, кандай муңду билдирген эмоционалдуулук, поэтикалуулук менен сүрөттөлгөнү

баарыбызга маалым. Бул эпизодду укканда же окуганда биздин көңүлүбүздү кыямат күнү келгендей, жашоо токтогондой бир сезим ээлеп алгандай болот. Анткени арстан Манас өлгөндө табият, жан-жаныбар, тирүү жандын баары аза күтүп күңгүрөнгөнү бизге эпостон жакшы маалым.

Ошентип, «өмүр», «өлүм» маселелеринин эпос менен дастанда чагылдырылышындагы айрым жалпылыктарын карап чыккан болдук. Дастанда «өмүр» – бу дүйнө «бу ажун», «бу дүнйа», «тириглик» сыяктуу сөздөр менен айтылып, ал тургай, биз ушул күнгө чейин колдонгон «көр тирилик» (307-бейт, 46) түрүндөгү да сөз айкашы менен берилгенине күбө болобуз. «Өлүм» маселесин чагылдырууда – эпосто да, дастанда да, азыр да түрк элдеринин дээрлик бардыгында бирдей колдонулган «өлүм», ошондой эле «ажал» (дастанда «ежел» түрүндө) сөздөрү колдонулат. Дастанда «өлүм» сөзүнүн эпитети катары «катыг» (1137-бейт) – катуу, каардуу, күчтүү; «ачыг» (1170-бейт) – ачуу, кайгылуу, капалуу деген сөздөр колдонулганын учуратууга болот. «Өлүмде татыг йок» (4619-бейт) деген сөз айкашын да, котормосуз эле, окуган ар бир адам «өлүмдүн таттуусу болбойт» деген маанаге келерин түшүнөт. Буга окшогон эпитет сөздөр өмүр, өлүм сөздөрүнүн аныктоочу катары азыр да колдонулганы баарыбызга маалым.

§3. Каармандардын образын ачып берүүдө пейзаждык сүрөттөөлөрдүн колдонулушу

Пейзаж көркөм чыгармаларда түрдүү максатта пайдаланылары белгилүү. Жаратылыштын тигил же бул кубулушун, көрүнүшүн сүрөттөө менен автор же жаратуучу көркөм чыгарманын идеясын чагылдырууга, образдын ачылышына көмөкчү дагы бир каражатты пайдаланган болот. «Манас» эпосунда да, «Кутадгу билиг» дастанында да пейзаждык сүрөттөөлөр бар. «Манас» эпосундагыдай эле дастанда да пейзаж ата журттун образын биздин көз алдыбызга тартып берүү менен адамдардын ар түрдүү ички сезимдерин чагылдырары да тексттер менен көңүл коюп таанышып чыккан ар бир адамга түшүнүктүү болот.

«Манас» эпосундá «Пейзаждын чагылдырылышы түрдүү көркөм ыкмалар, каражаттар аркылуу, образдык ассоциациялар, салыштыруулар, туруктуу кайталоолор, жаратылыш көрүнүштөрүн элестүү, көркөм сүрөттөөнүн негизги принциптери катары жүзөгө ашырылат».[83] Дал эле ушул каражаттар дастандагы пейзаждык сүрөттөөнүн түзүүчүсү болгонун байкоого болот. Бир гана белгилей кетчү нерсе, океандай «Манас» эпосу пейзаждык сүрөттөөлөргө өтө бай болгондугу менен айырмаланат. Ал эми дастанда чыгарманын башында берилген «Табгач-Богра-Кара хандын жаркын жаздай маанайын урматтоо менен, анын башынан кудайымдын ырайымы кетпесин» деген бөлүмүндөгү пейзаждык сүрөттөө биздин иликтөөбүзгө кызыктуу материал болуп бермекчи. Анткени ушул бөлүмдө берилген пейзаж ата мекенибиздин табийгатына, жазгы сулуулугуна суктануубузду гана жаратпастан, ал жерди убагында башкарып турган хакандын образын ачып берүүдө, анын ички дүйнөсүн аныктоодо да абдан чоң роль ойногонуна күбө болобуз. Буга К. Артыкбаев өзүнүн ««Кутадгу билиг» дастаны»[84] аттуу макаласында кеңири токтолгон. Пейзаждын эпосто каармандардын жан дүйнөсүн, психологиялык абалын, белгилүү бир абалдагы сезимдерин ачып берүүдөгү, окурмандарга жеткирүүдөгү мааниси өзгөчө. Эпосто пейзаждын Ала-Тоо, Чүй, Талас, Ысык-Көлдүн табияты, ошондой эле Алооке бийлеп турган хандык жөнүндө сөз болордогу анын жеринин сүрөттөлүшүндө, Алмамбеттин туулган жери жөнүндөгү айткан кептеринде, өзгөчө Уркун дарыясынын жай турмуш учурунда, андан соң согуш, катуу кармаш алдындагы сүрөттөлүшүндө, баатырлар өлгөндө Каныкейдин кошогунда, жоктоосунда ж.б. учурларда берилгенин көрүүгө болот.

Баатыр Манастан ажыраган Каныкей өз төркүнүнө кетүүгө аргасыз болот. Анын абдан кыйын бул абалы эпосто

---

[83] Манас энциклопедиясы. 2-т. – Б.: 1995. 152-б.

[84] К.Артыкбаев. «Кутадгу билиг» дастаны. Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары. Окуу куралы. Түз. К. Артыкбаев. – Б.: 1999. 21-23-б.

төмөнкүчө пейзаждык сүрөттөөнүн элементи аркылуу чагылдырылат:

Шамалы кагып, жел тийген,
Жердей байкуш бар бекен?
Жетигинен айрылып,
Желип басып жөө качкан
Мендей байкуш бар бекен?!
(С.К., Семетей. 1-к., 22-б.)

Каныкейдин тагдыры менен мекени-жери Таластын тагдыры бирдей абалда экенин билдирүү үчүн манасчы жогорудагыдай параллелдүүлүк ыкмасын да пайдалангандыгын байкоого болот. Бул саптардан сүйлөп жаткан бир Каныкей эмес, анын бүтүндөй эли-жеринин тушуккан тагдыры, таалайы жөнүндө кабар алып, ошондой күндө калган элдин образын көз алдыбызга элестетүүгө болот.

Ушундай эле сөз учугун пейзаждык сүрөттөөдөн баштаган Жусуп Баласагын, Буура-хандын образын жаратыш үчүн аны өзүнчө ыкма катары пайдаланганын көрүүгө болот. Дастандагы жаздын пейзаждык көрүнүшүн сүрөттөгөн учурун окуганда, биздин эсибизге эпостогу Талас, Ала-Тоо, Ысык-Көл, Алтай жергесинин сүрөттөлүштөрү келет. Дастандагы пейзаждык сүрөттөө мындайча башталат:

63 тогардын есе келди өңгүн йылы
ажун итгүке ачты уштмах йолы
(Ж. Б., 23-б.)

63 Чыгыштан жаздын атыр жыты келди,
Бейиштин жыргалындай мээрим берди.
(Т. К., 53-б.)

63 Күн чыгыштан жылымдап жаздын жели,
Жер кулпуруп бейиштен кабар келди.
(З. М., 30-б.)

64 йагыз йир йыпар толды кафур китип
безенмек тилер дүйа көркин итип
(Ж. Б., 24-б.)

64 Жер бети кары эрип жыпар чачты,
Бүт дүйнө сулуулукта көркүн ачты.
(Т. К, ош.)

64 Кафур кетип, кара жер жыпар болду,
Күлгө оронуп дүйнөңүз кооздолду.
(З. М., ош.)

65 иринчиг кишиг сүрди йазкы есин
йарук йаз йана курды девлет йасын
(Ж. Б., ош.)

65 Жашыл жаз кыш өмүрүн сүрүп салды,
Бакыттын түркүн гүлүн үйүп салды.
(К. Б., ош.)

65 Кыш мүшкүлүн кубалап жаздын жели,
Жаз менен жана келди бакыт кени.
(З. М., ош.)

Жаздын келиши, бизде, дайыма айлананын атыр жытка аңкып толушу, жаратылыштын кооз болуп, түркүн түскө боёлуп, ойгонушу менен байланыштырылып, кышкы сууктун ызгаарынан кутулган эл жаңы жаз жаңы бакыт, жаңы сүйүү, жаңы, башкача жашоо алып келет деп үмүттөнөт. «Манас» эпосунда да жазгы, жайкы пейзажды берүү аркылуу (өзгөчө жазгы) манасчылар адамдардын жай, жакшы, тынч турмушун, жакшы тилек, үмүттөрүн чагылдырууга аракет жасаганын байкоого болот. Манас Алмамбеттин келишин түшүндө көрөт. Баатыр түшүндө жаз мезгилин көрүү менен, жакшылыктан үмүт кылып, түшүн элге жорутат. Жаз мезгили эпосто төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Азирет тоосун жайнаган,
Ырең толук жаз экен
Байлар бээ байлаган.
(С.О., М. 2-к., 275-б.)

Ошондой эле, Чоң казат алдында да аскерлердин абалынан кабар бериш үчүн алардын кышы менен бекер жатып, күчкө толуп турган, урунарга коо, урушарга жоо таппай турган абалда экендигин бериш үчүн манасчы жаз мезгилиндеги пейзажга кайрылат:

Кар кеткенде көк чыкты,
Кара шибер көп чыкты
Ат семирип жык болуп

Атыш-чабыш жоо көрбөй,
Адамдын баары бук болуп,...
(С. О., М. 4-к., 165-б.)

Ошондой эле жаз айы гүлдөгөн бак-дарак, бакта сайраган булбул, асман толо учкан куш, жайлоодо жайылган мал, тоодо ойногон кийик менен да байланыштуу болору бул чыгармалардан белгилүү.

70 түмен түчичеклер йазылды күле -
йыпар толды кафур ажун йыд биле
(Ж. Б., 24-б.)

70 Түркүн гүлдөр турду миң деп ачылып,
Айланага ажайып жыт чачылып.
(Т. К., 53-б.)

70 Ачылды түмөн гүлдөр чанак жарып,
Дүйнөнү жыпар, кафор жыты алып.
(З. М., 30-б.)

72 каз өрдек кугу кыл калыкыг туды
какылайу кайнар йокару коды
(Ж. Б., ош.)

72 Каз-өрдөк, канаттуулар чууга толуп,
Каркылдап, чурулдашат учуп-конуп.
(Т. К., ош.)

72 Каз-өрдөк, ак куу, кылдар калкылдашып,
Учушат өйдө-төмөн каркылдашып.
(З. М., ош.)

78 чичекликте сандвач өтер миң үнүн
окыр суры ибри түнүн хем күнүн
(Ж. Б., ош.)

78 Булбул сайрайт кубулжутуп гүлзарда,
Күнү-түнү издегенсип бир арга.
(Т. К., ош.)

78 Гүл ичинде кубулжуп булбул үнү,
"Сүйрө абырды" эстетет күнү-түнү.
(З. М., ош.)

79 елик күлмиз ойнар чичеклер өзе
сыгун муйгак агнар йорыр тип кезе
(Ж.Б., 25-б.)

79 Элик ойнойт гүлдүн терип баригин,
Марал ойнойт сая кууп шеригин.
(Т. К.54-б.)

79 Гүл аралап буйт коет, элик жейрен,
Аркар, кийик секирет жубу менен.
(З. М., 30-б.)

Бул жөнүндө К.Артыкбаев мындай дейт: «Жазгы пейзажды сүрөттөө андан ары улантыла берет. Адегенде окурман бул пейзаждын сүрөттөлүп жатышынын максатын анча деле элес кылбайт. Анткени көп эле көркөм чыгармаларда окуя башталардын алдындагы ошол чөйрөнүн көрүнүшү, пейзаждын абалы жөнүндө кабар бериле тургандыгына ал көнүп да калган. Бирок бул саам окурман андан ары окуп баратып, жогорку пейзаждык көрүнүштүн бекеринен сүрөттөлбөгөндүгүн баамдай баштайт.

82 илетү маңа ачты дүнйа сөзин
айур көрмединмү бу хакан йүзин
(Ж. Б., 25-б.)

82 Мага ошондо Аалам өзү үн салды:
«Көрдүңөрбү хакан жүзүн ажардуу?... »
(Т. К., 54-б.)

82 Ошо дүйнө мага карап айткан кеби:
Көрдүңөрбү бу кагандын жүзүн? – деди.
(З. М., 30-б.)

Көрсө, автор жаздын жаркын жүзүнө ошол учурдагы элди башкарып турган Богра хандын ажардуу маанайын параллелдештирип жаткан экен» Ооба, мындай параллелдик, сөзсүз, бар, ажардуу жаз мезгили – эл алдында жүзү жарык падышанын жүзүн элестетет. Жаз мезгилинин жаркын элесин тартуулаган жогорудагы пейзаждык сүрөттөөлөрдүн өтө таасирдүүлүгү окурмандарда башка бир ойдун пайда болушуна, кызык бир суроонун туулушуна да түрткү берет. Адамдар жаратылыштын мындай кооздугун, ажарын качан байкайт, качан мындай табигаттын өзгөрүүсүнөн ырахат алып, тамшанып, тагдырына ыраазы болуп жашайт? Ал бул чыгарма боюнча улуу жеңгер, акылдуу, адилеттүү башкаруучу Буура-хан өндүү башкаруучулардын тушунда

гана болушу мүмкүн. Анткени мындай башкаруучулар элине эң керектүү болгон бейкут жашоону бере алышат. Түрк элдеринин түпкү аталары канчалык согушчан эл болбосун, тынчтык алар үчүн эч нерсеге алмашкыс башкы жыргалчылык болгондугун мына ушул дастан дагы бир ирет бизге далилдейт.

93 ажун тынды орнап бу хакан өзе
Анын ыдты дүнйа таңуклар түзе
(Ж. Б., 26-б.)

93 Бул дүйнөгө бейпил заман орноду,
Бийик алып хакан хакан болгону.
(Т. К., 55-б.)

93 Тынчып аалам каган чыгып тагына,
Тартуу тартты аалам каган багына.
(З. М., 31-б.)

Ушул эле жерде Буура-хан хан болгону:

94 есирдин келигли калык кушлары
кайу рай-и кайу кайсары
(Ж. Б., ош.)

94 Келгин куштар учуп келди жабылып,
Рум менен Ындыстандан агылып.
(Т. К., ош.)

94 Кылымдардан келе жаткан жыл кушу,
Райы инди бири жана кайсары ушу.
(З. М., ош.)

95 Атаандашып сайрашат ханды ырдап,
Жаңшанышат шаттыкта алар чындап.
(З. М., 31-б.)

– деген сапты кездештиребиз. Мында Т. Козубековдун котормосунда жердин аты болуп берилген “Рум менен “Ындыстан”, кытайлык кыргыз котормочуларыбыз тарабынан “райы инди”, “кайсары” бир түрдүү куштун аты катары келтирилген. Кытайлык кыргыздардын котормосунун маанисин кийинки бейтти окуганда толук түшүнүүгө болот.

Куштардын учуп келип бир куштун алдында корголошун сүрөттөгөн пейзаждык кичинекей эпизод «Манас» эпосунда да бар. Манас түш көрүп, түшүндө көргөн иш мындайча баяндалат:

Таңпынды бул куш чаңырып,
Канча түрлүү канаттуу
Акылынан жаңылып,
Арстан Манас астына
Таазим кылды жабылып.
(С. О., М. 2-к., 274-б.)

Бул түш Манастын зоболосу артарын, ага эрлер келип кызматына турарын, элине эл келип кошулуп колу узарарын билдиргенин айтып, түш жоругандар Манасты кубандырышат. Образдарды ачып берүүдө колдонулган мындай үндөштүктү дастандагы каармандардын улуулугун, эли үчүн баалуулугун, сүйүлгөндүгүн окурман, угармандарга жеткириш үчүн пайдаланылган төмөнкү саптардан байкоого болот.

95 өгер атын үндеп үнин түртүшүп
күвенч бирле авнур севинчке тушуп
(Ж. Б., 26-б.)

95 Хакан ысмын ырга салып ырдашат,
Айлананы кубанч коштоп жыргатат.
(Т. К., 55-б.)

95 Атаандашып сайрашат ханды ырдап,
Жаңшанышат шаттыкта алар чындап.
(З. М., 31-б.)

96 Бу түрлүг чичек йирде мунча бедиз
йазы таг кыр опры йашыл көк меңиз
(Ж. Б., ош.)

96 Гүлдөр жайнап дүйнө көркүн ашырды,
Асман, жер, тоо жамынышты жашылды.
(Т. К., ош.)

96 Түркүн чичек саймалаган жер бетин,
Көгөрткөн тоо, жайыктыктын келбетин.
(З. М., ош.)

97 кайусы йиди бирле тапнур тапуг
кайу көрк меңиз бирле ачты капуг
(Ж. Б., ош.)

97 Өкүмдарга бардык чөп-чар бүгүлүп,
Атыр жытын чачып турду жүгүнүп.
(Т. К., ош.)

97 Бирөөлөр жыт аңкытып кулдук урган,
Бирөөлөр эшик ачып күлүп турган.
(З. М., ош.)

Табияттын өкүмдарды зор урматтоо, кубануу менен колдоого алып, ага бардык өсүмдүктөрдүн ийилип, жүгүнүп турушу, анын эл ичинде сый-урматка, даңкка, атакка ээ экендигинен бизге кабар берет. Эң сонун пейзаж бизге башкаруучунун эң сонун сапаттарын элестетүүгө көмөкчү болот. Буга окшоғон пейзаждык көрүнүштөрдү сүрөттөө аркылуу каармандардын образын ачып берүү эпосто абдан көп учурайт. Дастан каармандын улуулугун ал бийликке келгенде, өз салтанатын жүргүзүп турганда айтып, ырга кошсо, «Манас» эпосу каармандын улуулугун ал өлгөндөн кийинки аза күтүү, кыйынчылык башка түшкөндөн кийинки учурдагы сүрөттөөлөрү аркылуу өтө таасирдүү кылып ачып берет. Эң жакын чоролору, акылдаш, жолдоштору Алмамбет, Чубак, Сыргак өлгөндө Манас менен кошо табият да кайгырат. Алптарынан ажыраган Манастын кайгысы канчалык экендигин, анын ошол учурдагы психологиялык абалын бериш үчүн манасчы жан-жаныбар өсүмдүктөрдүн баарын ыйлатат:

Кан минтип барганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Ошондо калың журттун баары ыйлап.
(С. К., М. 2-к., 224-б.)

Ошондой эле Алмамбеттин образына байланыштуу берилген пейзаждык сүрөттөөлөр каармандын түрдүү абалдагы ички сезимин, анын ата-журтуна болгон сагынычын («Алмамбеттин туулган жери», «Сыр тартуу» аттуу бөлүмдөрдө) ачып берүүдө абдан маанилүү роль ойнойт. Казак каны Көкчө менен таарынышып, ал жерден качып чыгып келе жатканда ар түрдүү жерди басып өтөт. Адыр-тоолорду басып, ийри-буйру аккан сууларды кечип, мээ какшаткан ысык чөлдөрдү өтүп жол сурарга жан жок, жападан жалгыз жол арытып келип, Манас баатырга жолугат. Алмамбеттин психологиясы, анын жан дүйнөсүндөгү уйгу-туйгу, караңгы бир туңгуюкка камалышы, тагдырынын кандай болорунун белгисиздигин жаратуучу мындай пейзаждык сүрөттөө менен берет.

Көбүнөн калган аз болуп,
Тобунан азган кас болуп,
Эр Алмамбет жапжалгыз,
Толо койну жаш болуп,
Барарына жери жок,
Батарына эли жок,
Алмамбет наалып жөнөдү.
Тоо түгөнүп уч болду,
Жол түгөндү, түз болду,
Суу түгөндү, чөл болду,
Күн жүрүш жагын караса,
Тоо басайып бел болду,
Жол үч жакка бөлүнүп,
Алмамбет анда тел болду,
Агып жашы сел болду.

(С. О., М. 2-к., 292-293-б.)

Таянып келаткан тоо, басып келаткан жол, жан сергиткен суу да түгөндү, Алмамбет үч айрылыш жолдун ортосунда калды. Ал кыйналып, көзүнөн селдей жаш агызып, кудай салган бир жолго түшөйүн деп, туура жолго түшкөн экен, тагдыр аны Манаска туш кылды. Алар акыреттик дос, кыйышпас бир тууган болуп, жоого каршы чогуу атттанып, жакшылыкта бирге шаттанып, өмүрлөрүнүн аягына чейин бирге жашашты.

Буга окшогон пейзажды каармандын ошол абалдагы ички сезимин сүрөттөп ачып берүү үчүн колдонгон учурлар эпосто көп учурайт. Дастан да көркөм каражаттын мындай түрүнөн куру жалак болбогонуна биз жогоруда келтирилген мисалдардан күбө болдук. Композициянын бир элементи болгон пейзаж эпос менен дастандагы каармандардын образын ачып берүүдө алмашкыс роль ойноп, чыгармалардын көркөмдүк дараметин арттырып турган маанилүү каражат болуп саналат.

Корутунду

Элибиз менен мамлекетибиздин тарыхын изилдөө ачык-айрым жол менен учурдун талабына ылайык табигый нукта кетиши илимпоздордун алдына улам жаңы маселелерди коюп, жаңы көз караш, жаңыча пикирлердин жаралышына себеп болуп, элибиздин тарыхы, маданияты, адабияты ж.б. дагы да терең жана кенен көп жактуу изилдөөлөрдү талап этери мыйзам-ченемдүү көрүнүш. Анткени жаңы коомдогу, жаңы системадагы жашоо бардык нерсеге (илимге, маданиятка, экономикага ж.б.) эч нерсе жана эч кимге көз каранды болбогон, объективдүү мамилени талап кылары көпчүлүккө маалым.

«Манас» эпосунун изилдениши кыргыз эли үчүн ар дайыма актуалдуу. Анткени "Манас" кыргыз элинин маданияты, философиясы, тили жана кылымдарды кучагына алган тарыхынын бирден-бир негизги булагы болуп саналат. Эпостун варианттарынын көп болушу, анын көлөмдүүлүгү (текстологиялык иш жөнүндө сөз кылбаганда) эпос боюнча илимпоздор үчүн жүргүзө турган иштин абдан көп экендигин аныктайт. Ал эми Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны окурмандар үчүн «ачыла элек сандыктай» эле. Эл ал сандыкты көрдү, анын абдан кооз, аябагандай оор экенин сезди, бирок анын ичинде эмнелер бар экенин, ал нерселердин элибиздин, мамлекетибиздин турмушунда канчалык мааниси, орду болорун али аныктай элек деп ойлойбуз. Бул багытта жүргүзүлчү изилдөөлөр али алдыда.

Бир караган кишиге биз карап жаткан маселелер, адаттагыдан тышкары болуп, жазма адабиятыбыздын үлгүсүн элдик чыгармачылыктын үлгүсүнө алып келип, зордоп жакындаштырып иштелгендей кабыл алынышы мүмкүн. Бирок улуу эпос «Манас» менен улуу дастан «Кутадгу билигди» идеялык-көркөмдүк жактан иликтөөгө алып карап көрүүбүзгө мына бул маселелер түрткү болду.

Бул эки улуу чыгармада кыргыз элинин байыркы эл экендиги же байыртадан бери өзүнүн мамлекеттүүлүгү болгондугу толук ырасталат, толук далилденип чагылдырылган. Элибиздин байыркыдан берки башынан

өткөн тагдырында мамлекеттүүлүгү болуп, өз алдынча мамлекет күтүп жашағандыгын дагы ачыгыраак, дагы толугураак көрсөтүүдө бул эки чыгармага кайрылбай өтүү байыркы улуу маданиятты тангандыкка барабар болот. Мына ушул эки чыгармадагы мамлекеттүүлүк маселеси кандай чагылдырылгандыгынын буга чейин изилденбегендиги бизди өкүндүрөт жана анча-мынча болсо да толуктоо киргизүүгө мажбурлайт.

Албетте, бул маселени иликтөөгө алуудан мурда дүйнө элдеринин эпосторуна кайрылып, мына ушул дүйнө эпосторунда мамлекеттүүлүк маселеси кандай чагылдырылганын карап көрүү бизди кызыктырды. Орус элинин былиналары, «Илиада», «Одиссея», «Махабхарата»,. «Манас» эпосунун көлөмү гана эмес, ал камтыган идея, ой, мазмун да дүйнө элдери таң калгыдай формада берилгенин байкоого болот.

«Гректердин «Илиадасында» да, «Одиссеясында» да окуялардын өнүгүшүндө грек кудайларынын образдары каармандар менен бирге аралаш сүрөттөлүп, маанилүү маселелерде чечүүчү роль ойнойт. Бул чыгармалар боюнча изилдөөлөрдүн көп болгонуна карабастан, андагы мамлекет, мамлекетти башкаруу принциптерин чагылдырган идеяларды бөлүп алып кароо кыйынчылык туудурат. Ал эми индиялыктардын улуу дастаны «Махабхаратада» эки хандык династиянын күрөшү сүрөттөлөт, эл дээрлик катышпайт. Легенда боюнча чыгармадагы башкы каармандар түрдүү кудайлардын балдары болуп эсептелинет. Атагы ааламга белгилүү финдердин «Калеваласы» акылдуу Вяйнамейнендин образы аркылуу жай элдик турмуш менен эмгек процессинин жүрүшүн сүрөттөөгө алат. Бул эпосто коом, мамлекет жөнүндөгү түшүнүктөр жокко эсе. Булардан «Манас» эпосундагыдай мамлекеттик түзүлүш, мамлекетти башкаруу принциптерин чагылдырган идеяларды көрүү мүмкүнчүлүгү аз. Ошондой эле биздин эпосто орус былиналарындагыдай элден чыккан бир баатырга ашыра ишенүү, бир кишинин физикалык күчү менен бардык маселелерди жомоктогудай чечүү жок. «Манас» эпосунда мифтик образдар жок эмес, бирок алардын мамлекеттик

маанилүү маселелердин чечилишине, мамлекетти башкаруу принциптерине эч байланышы жок. Жогорудагыдай маалыматтар бул дүйнө элдеринин эпосторунда «Манаска» караганда мифологиялык оттеноктордун көбүрөөк экендигине бизди ишендирди. Бул элдик мурастарга салыштырганда «Манас» эпосунда мамлекеттүүлүк маселелеринин чагылдырылышы толук кандуу, турмуштагыдай экендигин байкоого болот. Мамлекеттик башкаруунун структурасы, башкаруучулардын ишти жүргүзүүсү, алардын туу тутунган принциптери жөнүндөгү, мамлекет башчысын шайлоо жөнүндөгү ойлорду башка элдердин элдик эпосторунан деги эле жолуктура албадык. Башка эпостордо Манас сыяктуу 40 чоро, өзүнө жакын акылдаш кеңешчилерди күтүү (Бакай, Кошой), образдар системасынын (баатырлар, аялдардын образдык системасы) мамлекеттүүлүк маселесин чечмелөөдөгү ролунун маанилүүлүгү сыяктуу өзгөчөлүктөр байкалбайт.

Кан шайлоонун демократиялык принципте ишке ашырылышы, башкаруу ишинин ачык-айрым, эл менен кеңешүү аркылуу жүргүзүлүшү, мамлекетти башкарууда адилеттүүлүк, чындыкты айтуу, акыйкаттуулук принциптеринин туу тутулушу эпосто маанилүү маселе катары каралышы бизди кызыктырбай койгон жок. Ушул эле идеялар «Кутадгу билиг» дастанынын өзөгүн түзүп турат. Ушул эле маселелер дастанда дагы конкреттүү, дагы ачыгыраак чагылдырылганы бизге маалым. «Кутадгу билигде» мамлекетти башкаруу, анын ишин жүргүзүүдө демократиялык принциптердин туу тутулганын айырмалап белгилөөбүз керек. Адилеттүүлүк менен чындыкты башкы принцип деп эсептеген Күнтууду өзү да бул мамлекет мыйзамдарын бузбаганга аракеттенет, элдин жакшы жашоосуна бардык шарттарды түзүүгө, байлыкты колунан келишинче туура бөлүштүрүүгө умтулат. Каниеттин символу болгон Өдгүрмүштүн образы мамлекетти башкаруу системасынын үстүнөн караган , текшерүү, көзөмөл органын элестетет. Бул образ адамдарга ар дайым канаат кылгыла, бардык жаман-жакшы иштин чеги болот деген ойду эскерткенсийт.

Бул эки чыгармада мамлекеттүүлүк, мамлекетти уюштуруу, башкаруу идеялары өз ичине камтыган, мамлекетти коргоо, элдердин биримдигин сактоо, аны бузбоо, адам адеби жана ыйман маселелеринин параллель чагылдырылганын байкоого болот, булардын берилиштери да окшош. Мына ушул негизги мамлекет жана аны башкаруу маселеси Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарында күчтүү иштелгендиги байкалат. Кан шайлоо учурлары, Бакайга Манастын эң жакын кеңешчиси болуу кызматынын берилиши, Алмамбеттин колго кан шайланышы (Чоң согушта) мамлекеттүүлүктүн белгилерине шайкеш келет. Манас кандын эл-журтуна адилеттүүлүк менен сурак жүргүзүшү, анын бүт жоопкерчиликти сезүү менен аскерине, калкына мамиле кылуусу, анын адамдык сапаттары «Кутадгу билиг» дастанындагы каармандардын мамлекетти башкарууда негизги деп эсептеген талаптарына дал келерлик. Кээде конкреттүү берилиштердеги үндөштүк менен окшоштуктарды таап, колубуздан келишинче, фактылар менен ачыкка чыгаруу, фольклордук чыгарма менен жазма адабияттын үлгүсү бул маселелерди канчалык чагылдырганын алып чыгуу, дал ушул маселелер биздин максат болду.

Окшоштуктар жалаң эле идеяларда эмес, жалпы чагылдырылган маселелерде эмес, а түгүл колдонулган байыркы кыргыз тил байлыгында да бар экени байкалат. Биз лексикалык окшоштуктарга токтолгон жокпуз, ал айтпаса да түшүнүктүү. Бирок поэтикалык жактан болгон үндөштүк, окшоштуктарды ачып көрсөтүү биздин дагы бар максатыбыз болгонун белгилешибиз керек. Бул чыгармаларда каармандардын портретин түзүүдө элибиздин түрдүү традициялык көркөм каражаттарынын колдонулганын белгилөө менен, дастандагы айрым сөз, сөз айкаштарынын поэтикалык кызматы да дал «Манас» эпосундагыдай экендигине күбө болдук. Мисалга алсак, дастандагы төмөнкү поэтикалык ойду:

3005 эр ат болды беглер канаты йүги
канатсыз куш учмаз ай беглер беги
(Ж. Б., 310-б.)

3005 Өкүмдарга аскери куйрук, канат,
Канатсыз куш эй бегим кайда барат.
(Т. К., 244-б.)

эпостогу:

Ак тааланын жараткан,
Албан түрдүү кушу бар.
Канаты менен учуп жүр,
Калкылдап көктө ушу жүр,
Куйругу менен конуучу.
Манастын Манас болмогу
Экөөбүздөн болуучу.
(С. О., М. 4-к., 195-б.)

– деген саптар чагылдырат. Мындан башка алп, эр, арстан жүрөк (арслан йюрек), жүрөксүз эр (йюрексиз эр) сөздөрүнүн эпосто да, дастанда да аткарган поэтикалык кызматы бирдей экендигин байкоого болот. Ошондой эле, «өмүр», «өлүм» маселелерин чагылдырууда да «катыг», «ачыг», «татыгы йок», «ежел», «көр тириглик» сөздөрүнүн колдонулуш өзгөчөлүктөрү бирдей экендигин көрө алабыз. Ал эми пейзаждык сүрөттөөлөрдүн эки чыгармада тең каармандардын образын ачып берүүдө башкы роль ойногонун, эки чыгармада тең жаз мезгили жакшы маанай, тилек, ой менен байланыштуу берилгенин белгилешибиз керек.

«Манас» эпосун дүйнө элдеринин эпостору менен катар коюп салыштыруунун негизинде ушундай ойлор пайда болду. Дүйнө эпосторунун бардыгында эле мамлекеттүүлүк маселеси «Манас» эпосундагыдай терең чагылдырылбаган, сүрөттөөлөр реалдуу турмуштан алда канча алыс болуп, аларда мифтик оттеноктор көбүрөөк экени байкалат. «Манас» эпосундагы мамлекеттүүлүк маселеси реалдуу турмуштан келип чыккандыгы, а түгүл кээ бир маселелердин демократиялык негизде чечмеленгенин өзгөчө белгилөөгө болот.

Каармандардын образын түзүүдөгү, көркөм сүрөттөөдөгү, пейзаждык сүрөттөөлөрдөгү «Манас» эпосу менен «Кутадгу билигдеги» поэтикалык жакындык, үндөштүктөрдүн болушу, бул эки чыгарма бир жерде, бир

элдин өкүлдөрүнүн колунан жаралганынын эң чоң далили, фактысы.

Элибиздин тээ байыркы тарыхта катталуу калган атынын азыр да сакталып калышынын, азыр да эгемендүү өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болуп отурушунун себеби анын тээ байыртадан бери пайда болуп, өнүгүп, бирде жанса, бирде өчүп, бирок кайрадан жанып жашап келе жаткан мамлекеттүүлүгүнүн болушуна байланыштуу болгону талашсыз. Биздин мамлекеттүүлүгүбүз өзгөчө. Бардык эле элдердин мамлекет күткөнүнө 2200 жыл (мүмкүн мындан да көп) болгон жок. Байыркы Греция менен Римдей масштабдагы мамлекеттүүлүктү Орто Азия чөлкөмүндө алгачкылардан болуп биздин ата-бабаларыбыз курганын тарых тастыктоодо. Бекеринен кыргыз элинде «Манас» эпосу жаралган жок, бекеринен Манастын урпактары турган жерде «Кутадгу билиг» дастаны жазылган жок. Бул, биздин оюбузча, кокустук эмес. Элибиздин, мамлекетибиздин маданиятын, тарыхын, тилин ж.б. изилдөөдө бул мурастардын маани зор экендигин дагы кайталап айтуу менен, элибиздин тарыхта өз алдынча мамлекеттүүлүгүнүн байыркы убактарда эле болушу, бул эпос менен дастандын жаралышына шарт түзүп, себеп болгонун белгилемекчибиз.

Эпос менен дастанда мамлекетти башкаруунун идеалдуу бир формасы катылып жатканы талашсыз. Керектүүсүн сууруп алып, учурдун талабына ылайык келгенин тандап алып элди башкарууда эске алынып, эч убакта эсибизден чыгарылбаса, мамлекетибиздин туура багытка түшүшүнө, гүлдөп өнүгүшүнө бир өбөлгө түзүлөр беле деген ойдобуз.

Кыскартуулар:

1. Ж. Б., 421-б. – Жусуп Баласагын. 421-бет.
2. Ж. Б., ош. – Жусуп Баласагын, ошол бет.
3. К. А., 73-б. – Качкынбай Артыкбаев, 73-бет.
4. К. К – Калия Кулалиеванын котормосу.
5. З. М., 243-б. – Зейби Мусабаева, кытай кыргыздарынын котормосу, 243-бет.
6. З. М., ош. – Зейби Мусабаева, кытай кыргыздарынын котормосу, ошол бет.
7. М., Б.в., 1-к., 95-б. – Бириктирилген вариант, Манас. 1-китеп, 95-бет.
8. М., Б.в., 2-к., 95-б. – Бириктирилген вариант, Манас. 2-китеп, 95-бет.
9. С. К., М. 1-к., 148-б. – Саякбай Каралаевдин варианты, Манас. 1-китеп, 148-бет.
10. С. К., М. 2-к., 63-б. – Саякбай Каралаевдин варианты, Манас. 2-китеп, 63-бет.
11. С. К., М. 3-к., 111-б. – Саякбай Каралаев варианты, Манас. 3-китеп, 111-бет.
12. С. О., М. 1-к., 282-б. – Сагымбай Орозбаковдун варианты, Манас. 1-китеп. 282-бет.
13. С. О., М. 2-к., 268-269-б. – Сагымбай Орозбаковдун варианты, Манас. 2-китеп. 268-269-беттер.
14. С. О., М. 3-к., 10-б. – Сагымбай Орозбаковдун варианты, Манас. 3-китеп. 282-бет.
15. С. О., М. 4-к., 195-б. – Сагымбай Орозбаковдун варианты, Манас. 4-китеп. 195-бет.
16. С. И., 143-б. – Сергей Ивановдун котормосу. 143-бет.
17. Т. К., 323-б. – Төлөгөн Козубековдун котормосу, 323-бет.
18. Т. К., ош. – Төлөгөн Козубековдун котормосу, ошол бет.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдылдаев Э. "Манас" эпосу менен алтайлыктардын баатырдык поэмаларынын эпикалык катышы. – Ф., 1966.
2. Абдылдаев Э. "Манас" эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. – Ф.: Илим, 1981.
3. Абдылдаев Э. "Манас" эпосунун эпикалык формулалары. – Б.: Шам, 1997. 112 б.
4. Абдыразаков А. Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны: Окуу куралы/Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети. – Б., 2008.
5. Абдыразаков А. Кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүш маселелери: Окуу куралы. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети. – Б., 2010.
6. Абрамзон С. Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.: Шам, 1999.
7. Акаев А. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана "Манас" элдик эпосу/Тарыхый изилдөө. – Б.: "Учкун" АК, 2002. – 600 б.
8. Акматалиев А. Байыркы орток түрк адабиятынын очерки. Окуу китеби. – Б.: 2001. – 160 б.
9. Акмолдоева Ш.Б. "Манас" – форма духовного освоения действительности древними кыргызами: Автореферат диссертации доктора филосовских наук: 090003 / НАН Кырг. Респ. Инс. филос. и права. – Б., 1998. 30 с.
10. Акмолдоева Ш.Б. Древняя кыргызская модель мира. – Б., 1996. – 220 с.
11. Акунов А. Государственное управление Киргизстана в транзитный период. – Б., 1999.
12. Алтымышбаев А. Очерк истории развития общественно-политической и филосовской мысли в до революционной Киргизии. – Ф.: Илим, 1985.
13. Аманалиев Б. Из истории филосовской мысли кыргызского народа. – Ф., 1961.
14. Артыкбаев К. Библиографиялык көрсөткүч. – Б., 2004.
15. Артыкбаев К. Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны жөнүндө // Мугалимдер газетасы, 21-сентябрь, 1990.
16. Артыкбаев К. Тандалмалар. – Ф., 1984.
17. Бартольд В. Избранные труды по истории Кыргызов и Киргизии. – Б.: Шам, 1996. – 608 б.
18. Бегалиев С. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары. – Ф., 1988.
19. Бегалиев С. О поэтике «Манас». – Ф., 1970.

20. Бекбоев А, Козубаев Ө. Уңгу сөздөн улама. – Б., 1994.
21. Бернштам А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. II Сост.: К. Ташбаева, Л. Ведутова. – Б.: Айбек, 1998, 704 с.
22. Бертельс С. Суфизм и суфийская литература. Изд. "Наука". Гл. ред. Вост. лит-р. М., 1965.
23. Валитова А.А. К вопросу о фольклорных мотивах в поэме «Кутадгу билиг» // Советское востоковедение. 1958, №5.
24. Веселовский А.Н. Историческая поэтика. – М.: Выс.шк., 1984.
25. Гумилев Л.Н. Древние тюрки. – М., 1993.
26. Егеубаев А. Kicilik kitabы. Алматы: «Ana tili».1998.
27. Жирмунский В.В. Введение в изучение эпоса «Манас». – Ф.: Киргизский АН СССР, 1948.
28. Жирмунский В.М. Сравнительное литературоведение. – Л., 1979.
29. Жирмунский В.М. Теория литературы. Поэтика. Стилистика. – Л., 1977.
30. Жумалиев К. «Манас» эпосундагы «жакшылык», «жамандык» түшүнүктөрүнүн эпикалык формалары. – Б.: БГУ, 1997.
31. Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары: Окуу куралы. Түз. К. Артыкбаев. – Б.: 1999.
32. Кайыпов С. Проблемы поэтики эпоса «Эр төштүк», – Ф.: Илим. 1990.
33. Караев О. История Караханидского каганата. – Ф.: Илим.1983.
34. Караев Ө., Алымбаев А. Ак-Төбө Баласагынбы? – Кыргызстан маданияты, 1989, 1-июнь.
35. Каримов К. Благодатное знание // Звезда Востока, 1984, №7, – С. 182-184.
36. Касымжанов А. Рухий маданияттын башатында // Кыр-гызстан маданияты, 1986, 7-август.
37. Касымжанов А.Х. Портреты. Штрихи к истории степи. Алматы, 1995.
38. Келимбетов Н.Ежелги догур адабияты. – А.: 1991.
39. Киргизский героический эпос «Манас». Изд. АН СССР. -М.:1961.
40. Кляшторный С. Г. Эпоха «Кутадгу билиг» // Советская тюркология. – М., 1970. № 4, – С. 82-87.
41. Кожобеков М. Баласагын кимдики? Же жалган илим кантип жасалат? //Кыргызстан маданияты, 1990, 25-октябрь.
42. Кононов А. Н. Поэма Юсуфа Баласагунского «Благодатное знание» // Баласагунский Ю. Благодатное знание. – М., Наука, 1983. – С. 495-517, 507.
43. Конрад Н.И. Запад и Восток: Статьи. –М.: 1968.

44. Короглы Х. Древнетюркская литература: о Махмуде Кашгари и Юсуфе Баласагуни // Сов. Тюркология. 1988, №5, – С. 16 –21.
45. «Кудатгу билиг» // Советская тюркология. – М., 1970. №4. – С. 47-52.
46. Кыдырбаева Р.З. Эпос "Манас": Генезис. Поэтика. Сказительство. – Б, 1996.
47. Кыргыздар. – Б.: Кыргызстан, 1993.
48. Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт / Түз. К.Жусупов. – Б.: Кыргызстан, 1991. – 576 б.
49. Лебединская Л.Н. Сочинения. Из-е 2-е, –М., 1988.
50. Ленин В. И. Соб.соч. – М.: Политиздат.1977.
51. Лира Үсөнакун кызы. Жашагым келет, жашагым... : Ырлар, аңгемелер, илимий макалалар жана эскерүүлөр. – Б.: Бийиктик, 2009.
52. М. Мамыров // Заман Кыргызстан, 11-январь, 2002-жыл, 5-б.
53. Маллаев Н. Узбек адабиети тарыхы. 1-китеп. – Т., 1965.
54. Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности. АН СССР. -М-Л.: 1951.
55. Мамыров М. С. Каралаевдин «Манас» эпосундагы идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөр. – Ф.: 1962.
56. Манастын жети осуяты. Колдонмо. Түзгөн: Б. Исаков. – Б.: "Учкун", 1997.
57. «Манас» – героический эпос кыргызского народа. – Ф.: Илим. 1968.
58. Маркс К. Собр. соч. Т.6. – М.: Политиздат, 1957.
59. Молдобаев И. «Манас» - историко-культурный памятник кыргызов. – Б., 1995.
60. Мусаев С. Эпос "Манас". – Ф.: Илим, 1979.
61. Орозобекова Ж. "Манас" эпосундагы тулпарлардын көркөм образдары. – Б.: "Кыргызстан – Сорос" фонду, 1997. – 116 б.
62. Осмонов Ө., Асанканов А. Кыргызстандын тарыхы. Окуу китеби. – Б., 2001.
63. Рахматуллин К. Улуу патриот укмуштуу Манас. – Ф.: Кыргызстан, 1942.
64. Сапаралиев Д. Кыргыз мамлекеттүүлүгү «хан» жана «манап» титулдары жөнүндө (XVII – XIX кылымдардын ортосу) // Түрк цивилизациясынын дүйнөлүк цивилизациялар ичиндеги орду. – Б., 2005.
65. Сапаралиев Д. О государственном устройстве кыргызов со второй половины XVIII века до середины XIX в. www.akipress.org.
66. Смирнов Б.Л. Махабхарата. Две поэмы из III книги. Изд. 3-е. А.: Ылым, 1986.

67. Сооданбеков С., Сооронкулова К. Жусуп Баласагындын укуктук мамлекет жөнүндөгү ойлору // Вестник КГНУ, Серия обществ. наук, 1995. 174-179-б.
68. Стебелева И.В. Развитие тюркских поэтических форм в XI веке. – М., 1971.
69. Сыдыков С. Баласагындык Жусуп жөнүндө эмне билебиз? // Кыргызстан маданияты, 1986. 24-июль.
70. Турдубаева Н. Ж. Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны (дастандын изилдениши жана котормолору). – Б.: Бийиктик, 2006.
71. Тухлиев Б. Поэтика «Кутадгу билиг» Юсупа Баласагына. – М.: 1983.
72. Чиналиев У. Становление Кыргызской государственности в переходный период. – Б.: 2000.
73. Чороев Т. Махмуд ибн Хусеин ал Кашкари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы». – Ф.: 1990.
74. Чоротегин Т. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый башаттары // Кыргыз Туусу. №86, 31-август, 1995.
75. Чоротегин Т. Махмуд Кашкари жана анын «Дивану лугат ит-түрк» сөз жыйнагы (1072 – 1077). – Б.: «Кыргызстан», 1997.
76. Шалекенов У. Баласагын // Казак адабиети, 1989, 12-май.
77. Шериев Ж. Байыркы адабият тарыхы. Бишкек-Ош. 2000.
78. Шериев Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты. – Б.: 1996.
79. Энциклопедический феномен эпоса «Манас». Сб. статей об эпосе «Манас» / Сост. С. Алиев, О. Сарыпбеков, К. Матиев. – Б.: Гл. ред. К.Э., 1995.
80. Эралиев З. Ж. Баласагын: Окуу куралы. – Б.: ИИМОП КГНУ, 2000.
81. Akyüz, Hüseyin, Kutadgu Bilig'de Sosyo-Pedagojik ve Siyasal Söylemler, Eser Ofset, Erzurum 2002.
82. Aran, M. Sadık, Türk'ün Altın Kitabı Kutadgu Bilig, İstanbul 1944.
83. Aslan, Mahmut, Kutadgu Bilig'deki Toplum ve Devlet Anlayışı, İstanbul Ü. Ed. Fak. Yay: 3414, İstanbul 1987.
84. Çağbayır, Yaşar, Kutadgu Bilig-Yusuf Has Hacip, Diyanet Vakfı Yay. Ankara 2001.
85. Dilaçar, Agop, Kutadgu bilig incelemesi, İstanbul, 1995
86. Ercilasun, A. Bican, Kutadgu Bilig Grameri –Fiil- , Gazi Ü. Yay.: 33, Ankara 1984.
87. Fındıkoğlu, Fahri Z., XI. Asırda Bir Türk Mütefekkiri ve Ahlaki Düşünceleri, Ankara 1938.
88. Kara, Mehmet, Bir Başka Açıdan Kutadgu Bilig, Kültür Bakanlığı Yay: 2031, Ankara 1998.

89. Kazmaz, Süleyman, Hukuk ve Devlet Yönetimi Açısından Kutadgu Bilig (Kutadgu Bilig Üzerine Hukuki Bir İnceleme), 70. Türk Kültürünü Araştırma ve Tanıtma Vakfı Yay., Ankara 2000.
90. Yıldız, Naciye, Manas destanı (W.Radloff) ve Kırgız kültürü ile ilgili tespit ve tahliller, Ankara 1995.

Тексттер:

Манас. С. Орозбаковдун варианты. I китеп. – Ф.: Кыргызмамбас. 1978. – 296 б.
Манас. С. Орозбаковдун варианты. II китеп. – Ф.: Кыргызмамбас. 1980. – 449 б.
Манас. С. Орозбаковдун варианты. III китеп – Ф.: Кыргызмамбас. 1981. – 346 б.
Манас. С.Орозбаковдун варианты. IV китеп. – Ф.: Кыргызмамбас. 1982. – 366 б.
Манас. С. Каралаевдин варианты. I китеп. – Ф.: Кыргызмамбас. 1984. – 248 б.
Манас. С. Каралаевдин варианты. II китеп. – Ф.: Кыргызмамбас. 1986. – 216 б.
Манас. Бириктирилген вариант. 1-к., – Ф.: Кыргызмамбас, 1958.
Манас. Бириктирилген вариант. 2-к., – Ф.: Кыргызмамбас, 1959.
Манас. Кыргыз элинин баатырлык эпосу. 1-китеп. – М.: Наука, 1984.
Манас. Кыргыз элинин баатырлык эпосу. 2-китеп. – М.: Наука, 1988.
Манас. Кыргыз элинин баатырлык эпосу.1-китеп.
– М.: Наука, 1990.
Семетей. С. Каралаевдин варианты. – Ф.: Кыргызмамбас. 1987.
Сейтек. С. Каралаевдин варианты. – Ф.: Кыргызмамбас. 1991.
Жусуп Баласагын. Куттуу билим. Которгон Т. Козубеков. – М.: «Ник», 1993
Жусуп Хас Ажип. Кут даарытар билим. (Кытайлык кыргыздардын котормосун кирилл алфавитинде бергендер: З.Мусабаева, Э. Кожа.) – Б.: 2008. -383 б.
Юсуф Баласагунский. Благодатное знание/ Пер. Иванов С. – М.: Наука, 1983.
Калевала. Изд-во «Карелия», Петрозаводск, 1970.
Калевала. Карело-финский эпос. Петрозаводск, 1985.

Илиада: Пер. с древнегреч. Н. Гнедича/Предисл. А.Нейхардт; Прим. и словарь С.Ошерова: Ил. Д. Бисти. –М.: Правда, 1985. – 432 с.
Одиссея: Пер. с древнегреч. Н.Гнедича. –М.: Правда, 1985.
Фирдауси. Шахнаме. 1т., – М.: АН СССР, 1957
Yusuf Has Hacip. Kutadgu Bilig I.: metin / Arat Reşit Rahmeti. 4. Baskı-Ankara, 1998.
Yusuf Has Hacip. Kutadgu Bilig. II.: çeviri / Arat Reşit Rahmeti. 7. Baskı-Ankara, 1998.
Былины. Сост., вступ. ст. и вводн. тексты В.И.Калугина. – М: Правда, 1887.

Пайдаланылган сөздүктөр:

Большая Советская Энциклопедия. – М.:1972. Т. 7.
Древнетюркский словарь. Ред.: Наделяев В. М., Насилов Д. М., Тенишев Э.Р., Щербак А. М. – Л.: «Наука», 1969.
Краткий политический словарь. –М.: «Политиздат». 1988
Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы. –Б.:
Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004.
Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. Түз.: Карасаев Х., – Б.: 2009.
Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф.: «Мектеп», 1969. 569-б.
Литературный энциклопедический словарь. “СЭ”. – М, 1987.
Манас. Энциклопедия. 1-т. –Б.:1995.
Манас. Энциклопедия. 2-т. –Б.: 1995.
Политология: Энциклопедический словарь / Общ.ред.и сост. Ю. И. Аверьянов. – М.,1993.
Юдахин К. Кырызско-русский словарь. – Бишкек, 1999.

Интернет булактары:

www.akipress.org
www.bizdin.kg
www.kutadgubilig.com
www.edebiyol.com

Калия Кулалиева

«МАНАС» ЭПОСУ МЕНЕН ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТАДГУ БИЛИГ» ДАСТАНЫНДАГЫ ИДЕЯЛЫК-КӨРКӨМДҮК ПАРАЛЛЕЛДЕР

(Монография)

Редактору А. Абдыразаков
Корректору Т. Жанызов
Компьютердук калыпка салган М. Кадыров

Форматы 60x84 $_{1/16}$. Көлөмү 12 б/т. Нускасы 500.
Заказ № 23.

"Бийиктик" басмасы.
Абдрахманов көчөсү 170 А.
Тел.: 62-02-13